**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кол жазма укугунда**

**УДК:947.1/9.(575.2).378.193**

**АЛЫКУЛОВА ГҮЛБҮ КОРОШОВНА**

# КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН РОССИЯНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН КЫЗМАТТАШТЫГЫ (1991-2011жж.)

07.00.02 - Ата Мекен тарыхы

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертация

**Илимий жетекчиси:** Курбанова Н.У.
тарых илимдеринин доктору,
профессор

**Бишкек-2020**

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ** ........................................................................................ 3

**I БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШТАРЫНЫН ТАРЫХНААМЕСИ.** .......................................... 13

1.1. Изилдөөнүн Кыргызстандагы тарыхнаамеси.......................................... 13

1.2. Теманын Россия Федерациясындагы тарыхнаамеси.............................. 28

**II БАП. ТЕМАНЫ ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАКТЫК НЕГИЗИ, ОБЪЕКТИ, ПРЕДМЕТИ ЖАНА ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**.................................................... 40

2.1. Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын өз ара кызматташтыгынын булактары ........................................................... 40

2.2. Изилдөөнүн объекти, предмети жана теориялык-методологиялык негиздери...................................................................................... 46

**III БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК МЕЗГИЛДЕГИ БАЙЛАНЫШТАРЫ**.......................... 54

3.1. Кыргызстандын жана Россиянын инженердик-техникалык жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы. ........................................................ 54

3.2. Өлкөлөрдүн социалдык гуманитардык жогорку окуу жайларынын байланыштары ............................................................................... 70

**IV БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАЛАРЫНЫН ИНТЕГРАЦИЯЛАНЫШЫ.** ........................................................... 111

4.1. Эки өлкөнүн жогорку билим берүү системасынын интеграциялануусу жана Кыргыз-Орус (Славян) университети анын көрсөткүчү катары ....... 111

4.2. Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын байланыштарынын проблемалары жана келечеги ...................................... 131

**КОРУТУНДУ** ................................................................................ 144

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН, БУЛАКТАРДЫН, АРХИВДИК МААЛЫМАТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**...ОШИБКА! ЗАКЛАДКА НЕ ОПРЕДЕЛЕНА.

# КИРИШҮҮ

**Теманы изилдөөнүн актуалдуулугу.** Азыркы мезгилде дүйнө өтө динамикалуу өзгөрүп, жаңы билимдер жана технологиялар тез темп менен күн санап пайда болууда. Ошол эле учурда мезгил адамзат коомунун алдында улам жаңы өзгөрүүлөрдү, талаптарды тынымсыз коюп келүүдө. Адамзат ишмердүүлүгүнүн бардык формаларынын интеллектуалдашышы азыркы өлкөлөрдө жалпы тенденцияга айланып калды. Азыркы ааламдашкан конкуренцияда билимдүү, интеллектуалдуу жактан өнүккөн гана коомдор анын талабына жооп берип жана атаандашууга туруштук берип жашап калышы мүмкүн.

Ошондуктан, дүйнөлүк коомчулук билим берүү процессин андан ары өнүктүрүүдө жаңы, креативдүү ыкмаларды, жолдорду, багыттарды табуунун аракетин жасап жатышат.

Эгемен Кыргыз мамлекети өзүнүн стратегиялык программаларында жогорку билим берүүнү, анын сапатын жогорулатууну өнүгүүнүн эң маанилүү, приоритеттүү багыты жана инструменти катары баалап келет.

Кыргыз коому өзүнүн тарыхый өнүгүүсүндө дайыма жаңы билимдерге, сапаттуу жашоого, руханий баалуулуктарды түзүүгө, аларды өнүктүрүүгө жана сактоого аракет кылып, аларды кылымдардан кылымдарга, муундан – муунга өткөрүп келгендиги жөнүндө кыргыздын руханий баалуулугунун туу чокусу болгон Манас эпосунда жана элибиздин оозэки чыгармаларында даана, так, улуу көркөмдүк менен айтылып келгендиги баарыбызга маалым.

Бүгүнкү күндөгү ааламдашуу процесси койгон талаптарды, жаңы технологияларды ийгиликтүү ишке ашырууда ишенимдүү өнөктөштөр менен гана чечүү мүмкүн экендиги белгилүү. Бул тарizден алганда Кыргызстан менен Россиянын жогорку билим берүү жаатындагы өз ара карым-катнашы кызматташтыгынын тарыхы кенен жана тажрыйбасы мол.

Кыргыз Республикасынын президенти С.Ш. Жээнбеков: "Кыргызстан менен Россияга жалпы билим берүү мейкиндиги зарыл экендигин убакыт

көрсөтүп жатат. Биздин достук мамилелерибиз бардыгынан мурда руханий-гуманитардык, интеллектуалдык сферада бекемделиши зарыл” деп баса белгилеген [163]

XX кылымдын 90-жылдары Кыргызстан эгемен мамлекет катары өз өнүгүүсүндө аймактык, постсоветтик жана ошондой эле дүйнөлүк мейкиндикке интеграциялашууга багыт алган. Андан бери мурдагы советтик республикалардагы интеграциялык демилгелерди колдоо жана аларга активдүү катышуу менен өзү дагы коомдук өнүгүштүн ар кандай сегменттери, анын ичинде билим берүү боюнча долбоорлорун сунуштап келе жатат.

Кыргызстандын бул тармакта интеграцияга багыт алуусу ириде коомдук жашоонун бардык чөйрөсүндө маанилүү реформалардын зарылдыгын жана аны практика жүзүндө ишке ашырууну талап кылган. Анткени жаңыдан эгемендикке ээ болгон өлкөдө коомдун туруктуулугун жана элдин турмуш-тиричилигин көтөрүү үчүн бир канча татаал социалдык – экономикалык стратегиялык милдеттерди чечүү зарыл болгон. Ушундай реалдуу шартта социалдык реформалардын бөлүгү катары Кыргызстан билим берүү системасын модернизациялоо боюнча улуттук мыйзамдарды жана программаларды кабыл ала баштаган.

Азыркы коомдук өнүгүштө, анын ичинде билим берүү системасындагы пайда болгон татаал проблемалар өлкөлөрдүн бири – бири менен болгон алакаларын, кызматташтыгын күчөтүү менен биргелешип чечүүнү талап кылат.

СССРдин тарашы, республикалардын өз алдынча өнүгүү жолуна түшүүшү менен коштолуп, бирдиктүү организм катарында өнүгүп жаткан билим берүү системасынын жоюлушу жаңы пайда болгон мамлекеттердин билим берүүсүнө өтө чоң терс таасирин тийгизген.

Изилдөөгө алган теманын актуалдуулугун төмөнкү факторлор аркылуу негиздөөгө болот.

Биринчиден, өлкө эгемендик алгандан кийин билим берүүдө ачыктык, эл аралык стандарттарга умтулуу мезгили башталган эле. Ошондуктан, эгемен Кыргызстандын билим берүү саясаты заман талабына ылайык жаңы баалуулуктарга умтулган, аларга артыкчылык берген. Бирок биз талдоого алган 1991-жылдан 2011-жылга чейинки жаңылануугa багыт алган тарыхый мезгил жогорку билим берүү системасындагы татаал тандоону, айрым тобокелдикке барууну жана кризиске кабылуу сыяктуу оор сыноолор жана шарттар менен коштолду. Ушундай татаал кырдаалда Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсү Кыргызстанга салыштырганда ырааттуу жана туруктуу мүнөздө болгону менен айырмаланган. Бул учурда Кыргызстандын жогорку билим берүүсүнүн эл аралык мейкиндикке кошулуусуна Россия Федерациясы жана анын жогорку окуу жайлары өлкөбүзгө интеллектуалдык, гуманитардык жана материалдык колдоо көрсөтүп кандайдыр бир көпүрө катары да милдет өтөдү десек болот. Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына методикалык, ресурстук, каржылык жана тажырыйбалык колдоолорду тынбай көрсөтүп келет. Ошондой эле жыл сайын кыргызстандык жүздөгөн жаштардын жогорку кесиптик билим алуусу үчүн Россиянын бир нече жогорку окуу жайлары эшигин ачат. Айрыкча, мындай колдоолор өлкө эгемендүүлүккө жеткен алгачкы эки он жылдыкта Кыргызстан үчүн абдан мааниге ээ болгон. Эки өлкөнүн ортосундагы жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштар билим берүүдөгү реформаларды рационалдуу жүргүзүүгө көмөктөшкөн жана бул мезгилде Кыргызстан менен Россиянын билим берүү тармагындагы өз ара кызматташуусунун жаңы этабы башталган.

Ошентип Кыргызстан менен Россия Федерациясы бул мезгилге чейин бирдиктүү советтик системада карым-катнаштык мамиледе болуп келсе, 1991-жылдан баштап эки өлкөнүн мамилеси анын ичинде билим берүү системасы, жогорку окуу жайлары жаңы саясий эгемендик кырдаалда, рыноктук өз ара байланышта калыптанган жана өнүгө баштаган.

Эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын бул жаңы тарыхый шарттагы өз ара байланышы биздин Ата мекендик тарыхчы-окумуштуулар тарабынан атайын илимий изилдөөгө алына элек.

Экинчиден, Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштары тарыхый жактан узак мезгилди камтыганы жана ар тараптуулугу менен да айырмаланып турат. Айрыкча бул кызматташтыктын биз иликтөөгө алган 1991-жылдан 2011-жылга чейинки мезгилдеги тарыхый орду өзгөчө мааниге ээ болгон. Эки өлкө ортосундагы жогорку билим чөйрөсүндөгү өз ара байланыштар Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө, өлкөлөрдүн мамлекеттер аралык ар тараптуу кызматташуусунда чоң роль ойноду. Бул аралыкта Россиянын алдыңкы жогорку окуу жайларынан кыргызстандык көптөгөн уландар жана кыздар өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө зарыл болгон заманбап адистиктер боюнча кесиптик билим ала алышты.

Ушуга байланыштуу эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы байланыштарынын багыттарын аныктоо жана маанисин тарыхый талдоого алуу, келечегин тактоо Кыргызстан менен Россиянын мындан аркы бул чөйрөдөгү кызматташууларынын дагы да жакшыруусуна жана өнүгүүсүнө өбөлгө болоору шексиз. Мына ушул жагдайлар тарыхый жактан илимий талдоону талап кылгандыктан, диссертациялык эмгектин объектиси катары тандалды жана изилдөөгө алынды.

Диссертациянын темасы ири илимий багыттар, программалар жана негизги илимий иштер менен байланышпайт. **Аталган диссертациялык иш тарыхый өңүттө изилденген демилгелүү эмгек болуп саналат.**

**Диссертациялык иштин максаты –** эки өлкөнүн эгемендүүлүк жаңы, рыноктук шарттагы жогорку окуу жайларынын ортосундагы байланыштардын багыттарын жана бул тармактагы интеграциялык процесстин калыптануусун, ишке ашуусун илимий изилдөө жана талдоо болуп саналат.

Эмгектин жалпы максатына ылайык аны ишке ашыруу үчүн диссертант тарабынан төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду жана аткарылды:

1. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарынын тарыхнаамесине, булактык базасына жана методологиялык негиздерине токтолуу;
2. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку билим чөйрөсүн жаңы тарыхый шартта демократиялаштыруу, рыноктук жана ааламдашуу мезгилине ылайыкташтыруу максатында жүргүзүлгөн реформалардын багыттарын талдоого алуу;
3. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын инженердик-техникалык багыттагы жогорку окуу жайларынын жаңы тарыхый шартта, ааламдашуу мезгилиндеги кызматташтыгын талдоого алуу
4. Интеграциялык процесстердин контекстинде эки өлкөнүн социалдык – гуманитардык жогорку окуу жайларынын өз ара кызматташуусунун талдоо;
5. Кыргызстан менен Россиянын жогорку билим берүү чөйрөсүнүн кызматташтыгынын эки өлкөнүн жалпы эле билим берүү системаларынын интеграциялануусундагы ролун аныктоо;
6. Өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынын интеграциялануусунун жетишкендиги катары Кыргыз-Орус (Славян) университетинин (КОСУ) тарыхын жазуу жана изилдөөгө алынган мезгилдеги жетишкендиктерин, тажрыйбасын анализдөө;
7. Россия менен Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгындагы, байланыштарындагы айрым проблемаларга жана келечегине токтолуу:
8. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын андан ары кызматташуусунун перспективасындагы жаңы багыттарды, сунуштарды жана жыйынтыктарды иштеп чыгуу.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы.**

1. Диссертацияда Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара байланыштарынын тарыхнаамеси жана булактык базасы эки өлкөнүн укуктук-нормативдик жана башка расмий документтерине жана Кыргызстандык, Россиялык жана башка эл аралык изилдөөчүлөрдүн эмгектерине таянуу менен алгачкы жолу иштелип чыкты.
2. Тарыхты изилдөөнүн илимий жол жоболоруна ылайык эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарын изилдөөнүн методологиялык негиздери аныкталды;
3. Илимий иште алгачкы жолу 1991-жылдан 2011-жылга чейинки мезгилдеги Кыргызстан менен Россия Федерациясынын эгемендүүлүк мезгилдеги жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарынын калыптануу жана өнүгүү тарыхы жана тоскоолдуктар изилденди, ошондой эле бул байланыштардын негизги багыттары ар тараптуу илимий талдоого алынды;
4. Диссертациялык изилдөөдө жогоруда аталган тарыхый аралыктагы Кыргызстан менен Россия Федерациясынын инженердик – техникалык жана социалдык – гуманитардык жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы жана алардын билим берүүдөгү интеграциялык процесстердеги орду аныкталды;
5. Диссертант тарабынан Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтыктын Кыргызстандын эл аралык бирдиктүү билим мейкиндигине кошулуу процесси алгач ирет талдоого алынып, илимий баа берилди;
6. Илимий иште диссертант тарабынан Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү интеграциялык процесстерди өнүктүрүүнү жакшыртуу багытындагы практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Диссертациянын илимий практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана жоболору жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн Ата Мекендик тарых боюнча жалпы, атайын лекциялардын курсун иштеп чыгууда жана илимий изилдөөлөрдө булак катары колдонулат. Ошондой эле диссертациянын илимий жыйынтыктары өлкөлөрдүн Билим берүү жана илим министрлиги, жогорку окуу жайлары үчүн Россия Федерациясы менен билим берүүдөгү интеграциялык процесстерди мындан ары өнүктүрүүдө илимий жана практикалык маалымат катары көмөк көрсөтө алат.

**Коргоого алып чыгуучу негизги жоболор:**

1. Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүнүн рыноктук экономиканын жана демократиялык өнүгүштүн талабына жараша реформаланышы эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын тышкы байланыштарына өз алдынчалык берди. Бул жогорку окуу жайлардын эл аралык кызматташтыктарынын активдешүүсүнө жана интеграцияланышына өбөлгө болду.
2. Кыргызстандын дээрлик бардык башкы жогорку окуу жайларынын 1991-2011-жылдар аралыгындагы Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен активдүү жана ар тараптуу байланыштары өлкөнүн жогорку окуу жайларынын илимий, методикалык жана ресурстук потенциалын арттыруу менен кесиптик билим берүүнүн сапатын жакшыртууга салымын кошту.
3. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын ортосундагы ар тараптуу жана тыгыз кызматташтык эки өлкөнүн жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү интеграция процессин тездете алды жана Кыргызстандын билим берүү чөйрөсүнүн эл аралык билим мейкиндигине кошулуусунда маанилүү тепкич катары кызмат өтөдү.

4. Эки өлкөнүн инженердик – техникалык жана социалдык – гуманитардык жогорку окуу жайлары ортосундагы байланыштардын активдүүлүгү жана көп түрдүүлүгү Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын жогорку билим берүүсүнүн эл аралык билим берүү мейкиндигине кошулуусун тездетүүгө оң таасирин тийгизди.

5. Кыргыз – Орус Славян университети –жогорку кесиптик билим берүүдөгү өзүнүн көп тараптуу ишмердиктери менен эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара байланышты өнүктүрүүдө Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын интеграциялык багыттагы иш-аракеттеринин жемиши жана үлгү- көрсөткүчү болуп саналат.

6. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара кызматташтык келечектүү, анткени Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынан кесиптик жогорку билимге ээ болгон кыргызстандыктар өлкөнүн эмгек рыногунда артыкчылыкка ээ бойдон калууда.

7. 2011-жылы эки мамлекеттин техникалык жогорку окуу жайларынын концерциумун түзүү сунушу жана анын ишке ашырылышы(2013-жыл), жогорку окуу жайлардын жыйырма жыл ичиндеги кызматташтыктын жыйынтыгы экенин далилдеди.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык иште өлкөлөрдүн жаңы тарыхый шартта өнүгүшүндөгү коомдук саясий процесстердин жана жогорку окуу жайлардагы рыноктук экономикалык шартка ылайыкташтырылып жүргүзүлгөн реформалардын негизги багыттары жана интеграцияланууга шайкеш болгон укуктук-ченемдер аныкталды. Изилдөөдө Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясындагы жалпы дүйнөлүк билим берүү процесстерге ылайыкташтырылган жараяндардын ишке ашырылышы көрсөтүлдү. Аларды терең, ар тараптуу изилдөө максатында изилдөөгө алган өлкөлөрдүн окумуштууларынын эмгектери илимий анализге алынды. Эмгекте изилдөөгө алган хронологиялык алкактагы жаңы көрүнүш

катарында биргелешкен жогорку окуу жайлардын ачылышы, эгемендүүлүк доорундагы республикадагы заманбап кадрларды даярдоодогу орду аныкталып жана бул маселелерди мындан ары өнүктүрүү боюнча жаңы пикирлер, ойлор, практикалык сунуштар берилди. Диссертацияда жогорку окуу жайлардын мезгилдик архивдердин жана борбордук архивде сакталган булактардын жана басма сөз каражаттарынын негизинде өлкөлөрдөгү билим берүү системасынын өзөктүү бутагы катарында жогорку окуу жайлардын жетишкендиктери жана көйгөйлөрү илимий талдоого алынды жана алар өлкөлөрдүн бул багыттагы окуу - усулдук, илимий жана жаштардын ортосундагы тарбиялык иштерди жүргүзүүгө көмөк боло тургандыгы аныкталды.

**Изилдөөнүн хронологиялык алкагы** диссертациялык иштин максатына ылайык аныкталды. Кыргызстан жана Россия Федерациясынын 1991-жылдагы өз алдынча эгемен мамлекет болуусу менен жаңы тарыхый шартта эки өлкөнүн ортосундагы өз ара мамилелер, анын ичинде билим берүү жаатындагы байланыштар жаңы баскычка жана сапатка көтөрүлгөн. Биз изилдеген тарыхый аралыкта эки өлкөнүн ортосундагы жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштар дүйнөлүк билим берүүдөгү мыкты үлгүлөрдү өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берди. Биз тандап алган хронологиялык алкак (1991-2011-жж) Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын ортосундагы өз ара кызматташтыгынын жаңы тарыхый мезгилдеги калыптануусун жана өнүгүүсүн талдап, иликтеп чыгууга шарт түздү. Ушул аралыкта эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын өз ара кызматташуусу өлкөлөрдүн билим берүү системаларынын интеграциялануусуна өбөлгө түзүп, алардын эл аралык билим мейкиндигине чыгуусуна түрткү болгон.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** историзм принциби, илимий объективдүүлүк, тарыхый-салыштырма, тарыхый-хронологиялык, тарыхый-генетикалык жана тарыхый-типологиялык ыкмалар түздү. 1991-2011-жылдар аралыгындагы Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку окуу

жайларынын ортосундагы өз ара байланыштарды изилдөөгө алууда историзм принциби биз иликтөөгө алган маселелерди конкреттүү тарыхый өңүттөн кароого мүмкүнчүлүк берди. Ал эми илимий объективдүүлүк принциби болсо диссертант изилденип жаткан проблемаларды калыс карап, адилет илимий жыйынтык чыгарууга, тактап айтканда позитивдүү да, негативдүү да жактарын ачып берүүгө шарт түздү. Диссертант изилдөө учурунда жалпы тарыхый методдор болгон тарыхый-салыштырма, тарыхый-хронологиялык, тарыхый-генетикалык жана тарыхый-типологиялык ыкмаларды да колдондук. Анткени, коюлган маселе ушундай методологиялык кенен негизге муктаж. Изилдөөнүн методологиялык негиздери диссертациянын II– бапынын 2-параграфында каралды.

**Изилдөөнүнүн апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жоболору жана изилдөө жыйынтыктары бир катар эл аралык жана республикалык конференцияларда баяндама жана илимий маалымат катары жарыяланган. Иштин илимий мааниси жана мазмуну жогорку окуу жайларда, орто окуу жайларындагы педагогикалык иштерде апробацияланган.

**Диссертациянын илимий жыйынтыктарынын басылмаларда чагылуу толуктугу.** Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын айрым жерлери автор тарабынан 13 макалада жана 10 басма табактан турган бир монографияда жарыкка чыккан. 13 макаланын ичинен чет өлкөлөрдөгү журналдарда жана жыйнактарда жарык көргөн төрт макалада жана республиканын ичинде Кыргыз Республикасынын ЖАКы тарабынан сунуш кылынган төрт макалада чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Иштин түзүмү Киришүүдөн, 4 баптан, 8 параграфтан, корутундудан, практикалык сунуштардан, тарыхый булактардан, жана адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

# I бап. Кыргыз республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарынын тарыхнаамеси.

## 1.1. Изилдөөнүн Кыргызстандагы тарыхнаамеси

Теманын көп түйүндүү экендиги түрдүү багыттагы илимий адабияттарды, отчеттук материалдарды талдоону жана анализди талап кылды. Изилдөөнүн койгон максатына ылайык диссертант илимий адабияттарды анализдөөдө, талдоодо бири менен бири тыгыз байланышта болгон эки багытты кармануууга далалат жасалды.

Биринчиден, Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара байланыштар маселесине арналган илимий изилдөөлөрдү талдоо болсо, экинчи жактан бул өз ара байланыштардын жыйынтыктары катары Кыргызстандын жана Россиянын жогорку билим берүү чөйрөсүнүн дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграция болуу далалатына арналган илимий адабияттарга да көңүл бурулду.

Кыргызстан менен Россиянын байланышынын, мамилелеринин тарыхы кенен. Октябрь революциясынын жеңишинен баштап, эки өлкөнүн байланышы башка өңүттөн бир бүтүн мамлекет алкагында өнүккөн. Кеңеш бийлигинин улут саясаты, экинчиден, Кыргызстандын толук кандуу союздук республика статусуна ээ болгонго чейин РСФСРдын курамында болушу Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүшүнө өтө жагымдуу шарт түзгөндүгүн бүгүнкү күнү кайрадан салыштырып анализдеп дагы бир жолу ынанып жатабыз.

Россия империясынын колониясы болгон Кыргызстан өңдүү мамлекеттерди XX кылымдын цивилизациялык өнүгүү жолуна түшүшүн биринчи ирет сабатсыздыкты жоюудан, билим берүү системасын эң бир приоритеттүү багыт катары карап, аны өнүктүрүүдөн баштаганы эң гумандуу, маданий процесс болгон.

Кыска мөөнөттүн ичинде, же болбосо Улуу Ата Мекендик согушка чейин РСФСРдын, СССРдин жардамы жана өз ара кызматташтыктын натыйжасында Кыргызстандын жалпы калкынын 70% сабаттуулукка жетип,

бир канча орто жана үч жогорку окуу жайы бар, өзүнүн маданий жана искусствосунун жетишкендиктерин СССР элдерине декадаларда ийгиликтүү көрсөтө алган өлкөгө айланган.

Буга мисал тарыхчы-окумуштуулар И.А. Соктоев менен Е.Т. Усубалиевдин “Высшая школа Советского Киргизстана” аттуу эмгегинде, 1941-жылдын январь айынын башында Кыргыз ССРинин эл чарбасында 3,7 миң жогорку билимдүү адистер эмгектенишкен. Алардын ичинде ар кандай адистиктеги 0,8 миң инженерлер, 0,6 миң агроном, зоотехник жана ветеринардык дарыгерлер, 0,2 миң экономисттер, 0,5 миң дарыгерлер, 1,2 миң мугалимдер жана маданий агартуучу кызматкерлер даярдалгандыгын айтышкан [38].

Маданий- социалдык, гуманитардык жактан жетишкен эгемен Кыргызстандын ийгиликтеринин пайдубалы ошол элибиздин РСФСРдын, СССРдин курамында түптөлүп жана өнүккөнүн эсепке алып, эгемен өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынын арасындагы байланышын, ич-ара кызматташтыгынын жана интеграцияланышынын тарыхнаамесин хронологиялык эки этапка бөлүп кароону туура деп ойлойбуз.

Кыргызстандын билим берүү системасын анын ичинде жогорку окуу жайлардын өнүгүшүнө Россиянын кошкон салымы, эки өлкөнүн ушул тармактагы байланышы окумуштуу – илимпоздор К.К. Каракеевдин “Киргизстан в братской семье народов СССР” [28], С.А Токтогоновдун “Становление и развитие социалистической культуры Советского Киргизстана (1918 – 1958 гг.)” [41], С.С. Данияровдун “Борьба Компартии Киргизии за всеобщую грамотность” [24], Е.Т.Усубалиевдин “Братское сотрудничество и взаимопомощь народов СССР в области высшего образования” [44] деп аталган эмгектеринде чагылдырылган.

Академик К.К. Каракеевдин Кыргызстандын билим берүү жана илимдин өнүгүүсүндө ролу өтө чоң. Бул тармактардын өнүгүшүнө практикалык жетекчилик гана мүнөздө жардам көрсөтпөстөн, бул тармактын калыптанышынын, өнүгүшүнүн тарыхын изилдөөдө да окумуштуунун ата

мекендик тарыхнаамеде эмгеги өтө зор. К.К. Каракеев кеңеш мезгилиндеги биздин өлкөдөгү окуу жайлардын өнүгүшүнө Россия мамлекетинин, жогорку окуу жайларынын жана ошондой эле конкреттүү окумуштууларынын мисалы, белгилүү окумуштуулар Комаровдун, Вавиловдун, Несмеяновдун, Скрябиндин, Щербаковдун ж.б. салымдарын өзүнүн эмгектеринде белгилеп көрсөткөн. Бирок, эгемендүүлүк доорундагы бул багыттагы маалыматтар окумуштуунун акыркы эмгектеринде айтылган эмес.

С.А. Токтогоновдун жогорудагы аталган эмгегинде Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын ачылышына, өнүгүшүнө, кадрларды даярдоодо Москва, Ленинград, Омск ж.б. Россиянын шаарларын берген жардамдары жана ошондой эле  Ата мекендик жогорку окуу жайларынын өнүгүшүнүнүн чейрек кылымдан ашык тарыхы жазылган.

Биз иликтеген проблемага үндөш Е.Т.Усубалиевдин “Братское сотрудничество и взаимопомощь народов СССР в области высшего образования” деген эмгеги эсептелет. Автор көрсөтүлгөн эмгегинде боордош СССР элдериндеги, анын ичинде Советтик Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын  негизделиши, ачылышы жана алардын 1985-жылга чейинки убакыт аралыгындагы өнүгүшүн изилдеген. Е.Т.Усубалиев эмгегин логикалык жактан бирин бири толуктаган эки бөлүккө бөлүп караган. Биринчи бөлүгү Кеңеш бийлиги орногондон 1960-жылга чейинки Кыргызстанда  жогорку окуу жайларынын негизделишинде жана өнүгүшүндө союздук республикалардын жардамын көрсөтүп,  анын ичинде РСФСРдын өзгөчө салымын белгилеген.

Эмгекте Кыргызстандын эл – чарбасына приоритеттүү деп эсептелген мугалимдерди, дарыгерлерди жана инженердик – техникалык кадрларды даярдоодо Россиянын окуу жайларынын жардамын конкреттүү фактылар менен көрсөткөн. Мисалы, 1952 – 53 – окуу жылдарында Москванын техникалык окуу жайларында 208 кыргыз жаштары окуп, анын ичинде тоо институтунда – 13, геологиялык  чалгындоодо – 11, инженер – курулушта – 8, автожолдордо – 11, байланыш инженерлер адистигинде – 10 студент

билим алышкан. [44, 43] Китептин мазмунунда мындай мисалдарды бардык адистиктер жана бардык окуу жайлар боюнча кезиктирүүгө болот.

Экинчи бөлүгү 1960 – жылдан 1985 – жылга чейинки мезгилди факталогиялык жактан камтып, жогорку окуу жайларынын кызматташтыгынын негизги багыттарынын келечегин көрсөткөн. Ал баарыбызга маалым болгондой СССРдин тарашы менен максатына жетпей калган.

Автор биринчи мезгилден айырмалап, экинчи этапта Кыргызстандын жогорку окуу жайларында башка өлкөлөрдөн студенттердин келип окушун, Кыргызстандык окумуштуулардын Россия жана башка республикаларда илимий кызматкерлерди даярдоого катыша баштаганын көрсөткөн.

Т.М. Мырзабековдун[34], К.А. Кеңешбековдун[29] кандидаттык диссертацияларында Кыргызстандын 1950-жылдан 1980-жылдардын аягына чейинки мезгилдеги башка өлкөлөр менен болгон байланыштары изилденген. Бирок бул аталган эмгектерде Кыргызстандын жогорку билим берүү чөйрөсүнүн эл аралык байланыштары өзүнчө каралган эмес.

Кеңеш мезгилиндеги Кыргызстан менен Россиянын окуу жайларынын ортосундагы байланыштарды, кызматташтыктарды чагылдырган эмгектердин илимий баалуулугу - алардын фактылык, статистикалык материалдары кийинки этаптагы кызматташтыкты, байланыштарды өнүктүрүүгө базалык кызмат аткаргандыгында болуп эсептелет.

Кеңеш мезгилиндеги жогорку окуу жайлардын байланышынын тарыхын иликтеген эмгектер азыркы жаңы муундагы жогорку окуу жайларынын жетекчилери үчүн тажрыйба болсо, студенттери үчүн элдердин достугун күчөтүүгө руханий таяныч кызматын аткарат. Биздин бул эмгекти жазуубузга кеңеш мезгилиндеги тарыхнааме илимий – методологиялык багыт катары да көмөк көрсөтө алды.

Маселенин жаңы мезгилдеги тарыхнаамесинде, кыргыздардын жана Кыргызстандын дүйнөнүн башка элдери, өлкөлөрү менен болгон алакасын, карым катнашын, байланышын алардын калыптанышын жана өнүгүшүн

изилдөөдө Каана Айдаркулдун салымы өзгөчө сөз кылууга арзыйт. Профессор К. Айдаркулдун 2002-жылы жарыкка чыккан “Международное отношения кыргызов и Кыргызстана: история и современность”[18] деген монографиялык эмгегинде ретроспективдүү ыкманы колдонуу менен Кыргызстандын жана кыргыздардын эл аралык байланышын байыркы мезгилден баштап 2002-жылга чейинки аралыктагы маселени чагылдырган. Эмгекте Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилдеги же болбосо 1991 – жылдан кийинки эл аралык байланышы мыйзам ченемдүү түрдө ар тараптуу, кенен жана комплекстүү чагылдырылган.

Автор, Кыргызстандын дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен илим, билим берүү жана кадрларды кайра даярдоо багытындагы карым – катнашын өзүнчө бапта изилдеп, анда Кыргызстандык илимпоздордун дүйнөлүк илим чөйрөсүндө алган ордун илимдин тармактары боюнча анализдеп чыккан.

Кыргызстандын тышкы саясатындагы приоритеттүү багыттардын бири – КМШ өлкөлөрү менен көп тармактуу саясий, экономикалык алкакта өнүгүү болуп саналат. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстан, Россия Федерациясы менен өз ара мамилени өнүктүрүүгө өзгөчө кызыкдар экендигин Каана Айдаркул: “Объективдүү түрдө Кыргызстан дайыма өзүнө жакын жана тарыхый мамилелеш Россияга тартылып турат деп белгилеген. [18, 256]

Андан ары автор Кыргызстан менен Россиянын 1991 – жылдан кийинки экономикалык байланышын конкреттүү мисалдар менен далилдеп жазып, Кыргызстан менен Россиянын мамилесин билим берүү, илимий жана маданий байланышта өнүктүрүүнүн перспективасы катары белгилеген.

Каана Айдаркул өзүнүн фундаменталдуу эмгегинде Россиянын айрым окуу жайларынын Кыргызстандагы курулуш тармагына жана рыноктук мамилелерде калыптандыруу боюнча кошкон көмөгүн көрсөткөн[18,258]. Эмгекте Кыргызстандын жана Россиянын жогорку окуу жайларынын тикеден – тике кызматташтыгы жөнүндө маалыматтар аз. Себеби, автор өз эмгегинде андай максатты койгон эмес.

Эгемендик алгандан кийинки мезгилдеги билим берүү жаатындагы өткөөл мезгилдин тийгизген таасири, реформалар, ага ылайык бул чөйрөдөгү кризистик абалдар, билим берүүнүн өнүгүү тенденциялары жана да билим берүүнү жаңы дүйнөлүк билим мейкиндигине кошуу аракетиндеги эл аралык кызматташуу Кыргызстандын бир топ окумуштуулары тарабынан изилдөөгө алынган. Алсак, С.Ж. Токтомышевдин “Университет будущего. КГНУ: Прошлое, настоящее, шаги в XXI век” [43], Ш.Ж. Жусенбаевдин “Мировые тенденции развития высшего образования во второй половине XX века”, С. Токтогоновдун “Из истории высшего образования Кыргызстана”, И.С. Болжурованын “Образование в Кыргызстане: стратегии и реалии переходного периода” [19], Н.У.Курбанованын “Интеграция Кыргызстана в мировое образовательное пространство” [32], Т.А. Абдырахмановдун “Высшая школа Кыргызстана в период демократического транзита”[16], Н.Ж. Эсенкуловдун “Динамика и историческая преемственность суверенного развития” [48], А.Б. Абдрашевдин “Эволюция и унификация систем образования в Центральной Азии” [15], Курманали кызы Миранын “Проблемы и перспективы развития высшего педагогического образования в современном Кыргызстане [31], А.Э. Жоробекованын ..... эмгектеринде Кыргызстандагы билим берүү реформасы жана өлкөнүн билим берүү саясаты талдоого алынуу менен, билим берүү тармагынын өнүгүүсүндө тышкы байланыштардын ролу мааниге ээ экени белгиленет.

Аталган эмгектерде негизинен Кыргызстандагы билим берүү реформасынын абалы, анын кандай этаптарда ишке ашканы, өнүгүү тенденциялары, негизги багыттары, оң жана терс жактары, башка өлкөлөрдүн билим берүү системасынын өнүгүүсү менен салыштыруу жана эгемендик жылдарындагы өткөөл мезгилдин билим берүүгө тийгизген таасири, жагдайлары изилдөөгө алынган. Окумуштуулар өлкөнүн билим берүү чөйрөсүндөгү реформалар жогорку окуу жайлардын тышкы байланыштарына кең масштабда жол ачканын белгилешкени менен, бул аталган эмгектерде Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын Россия

Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен болгон өз ара байланыштары атайын изилдөө объектиси катары каралган эмес.

Алсак, С.Ж. Токтомышев өз эмгегинде Улуттук университеттин мисалында гана Кыргызстандагы жогорку окуу жайдын өнүгүүсүн талдоого алган. Бул иште аталган окуу жайдын Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен болгон байланыштары жөнүндөгү маанилүү жагдай өзүнчө иликтөөгө алынбай калган.

С. Токтогоновдун " Из истории высшего образования Кыргызстана" деген эмгегинде өлкөдө жогорку билим берүүнүн калыптанышынан баштап, анын негизги өнүгүү этаптарынын тарыхын көрсөткөн. Автор кеңеш мезгилиндеги жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоону айрым жыйынтыктарын белгилеп, андан ары Кыргызстандын жогорку билим берүү системасынын эгемендүүлүк доорундагы урунттуу маселелерин кыскача белгилөөгө аракет жасаган. Эгемендүү Кыргызстандын алгачкы мезгилинде билим берүү жаатында кабыл алынган жалпыулуттук "Билим", " Аракет", "Жеткинчек" жана "XXI кылымдын кадрлары" программаларын кабыл алгандыгын жана 1996-жыл "билим берүнүн жылы" деп жарыялангандыгынын маанисине токтолгон.

Китепте, Улуттук университеттин уюшкандыгынын 65 жылдык өнүгүшүндөгү жетишкен ийгиликтери, анын материалдык - техникалык базасынын, илимий – педагогикалык потенциалынын өскөндүгүн белгилөө менен Кыргыз Улуттук университетинин Евразиялык жана башка ири эл аралык университеттердин Ассоцациясынын мүчөсү экендигин жана дүйнөнүн элүүдөн ашык университеттери менен кызматташтыкта болгондугун белгилеп Россия менен бул багыттагы кызматташтыгы жөнүндө маалыматтар жок.

Автор өлкөбүздүн түштүк аймагындагы жогорку окуу жайларынын эгемендүүлүк доорундагы өнүгүшүн дагы белгилөөгө аркеттерди жасаган. Мисалы, Ош Технологиялык институтунун өнүгүш тарыхын хронологиялык жактан көрсөтүп 2000-жылдардын башында ОшТУ 25 заманбап адистиктер

боюнча 6000 ге жакын кадрларды даярдагандыгын көрсөткөн. Белгилеп койчу маселе, автор өлкөбүздөгү жогорку окуу жайлардын башка өлкөлөрдүн окуу жайлары менен болгон кызматташтыгын тим гана көрсөтүп бул маселени кенен чагылдырган эмес [42,21-бет].

Ш.Дж. Джусенбаев өзүнүн жогоруда көрсөтүлгөн эмгегинде КМШнын бардык өлкөлөрүндө билим берүү реформалары бирдей шартта жүргүзүгөндүгүн аныктаган, ошондой эле ал реформалар ар бир өлкөнун билм берүү системасын терең илимий жана өнүгүү тенденцияларын анализдөө менен жүргүзүлгөндүгун баса белгилеген. КМШ өлкөлөрүндөгу билим берүү реформаларынын беш жылдык жүрүшүндө бардык өлкөлөрдө билим берүү боюнча мыйзамдын кабыл алгандыгын, маркстык-лениндик филиософиядан баш тарткандыгын, билим берүү мекемелериндеги саясий партиялардын жоктугун аныктаган.

Автордун монографиясынын географиялык алкагы - Американын жана Европанын өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрү, Түштүк жана Түштүк Чыгыш Азия индустриялык өлкөлөрүнүн, Чыгыш Европанын жана КМШ өлкөлөрү менен чектелген. Эмгекте белгиленгендей, изилдөөчү жогорудагы өлкөлөрдүн билим берүү системасындагы дүйнөлүк тенденцияларда аларды өнүктүрүүдөгү негизги факторлорду салыштыруу анализи менен изилдөөгө аракет жасаган.

Китептеги маалыматтар боюнча автор, XX кылымдын биринчи отуз жылдыгындагы билим берүү системасына тиешелүү болгон көп чет элдик окумуштуулардын эмгектерин изилдеп, аларга илимий анализ жүргүзгөндүгү бул проблема менен алектенген окумуштуулар үчүн кызыктуу идеяларды берери анык. Ошону менен катар автордун негизги максаты Кыргызстандагы жана КМШ өлкөлөрүндө улуттук кызыкчылыктарды, тарыхый өзгөчөлүктөрдү, социалдык-экономикалык, маданий –демографиялык жана башка шарттарды эсепке алуу менен жогорку билим берүү системаларындагы реформалардын багыттарын аныктоо болгон.

Ал эми, И.С. Болжурова өзүнүн эмгектеринде  тышкы жана ички чөйрөлөрдүн билим берүү процессине тийгизген таасирин, өткөөл мезгилдеги  билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн, реформанын жүрүү этаптарын, “бардыгы үчүн билим берүү” багытында Кыргызстандын Борбор Азия мамлекеттери менен болгон карым-катышы жана билим берүү процессиндеги трансформациялоо маселелерин изилдөөгө алган. Бирок аталган эмгекте орус тилинин Кыргызстандагы функционалдык мааниси изилденгени менен өткөөл мезгилдеги билим берүүдөгү, айрыкча жогорку кесиптик билим берүүдөгү  Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын эл аралык кызматташуусу, анын ичинде Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен болгон байланыштары иликтенген эмес.

Профессор Т.А. Абдырахманов, Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын эгемендүүлүк доорундагы көйгөйлөрүнө, ишке ашырылган реформаларга жана алардын перспективасына арналган эмгектеринде жана докторлук диссертациясында эгемен мамлекетибиздин билим берүү тармагы боюнча анализ жүргүзгөн.

Автор “Высшая школа Кыргызстана в период демократического транзита” деген эмгегинде Кыргызстандын тышкы саясатынын приоритеттүү багыты катары, билим берүүнү дүйнөлүк уюмдардын жардамы аркылуу интеграцияланышын чагылдырган.

Бириккен улуттар уюмунун алты уюмуна жана Европалык союзга кирип, билим берүүгө багытталган ар кандай программаларды жана проектилерди ишке ашырууда, финансылык жардамдарды көрсөткөндүгүн жазган. Алардын ичинен өзгөчө ТАСИС программасы 1991-2004 -жылдардын аралыгында Кыргыз Республикасынын ар кандай проектилерди ишке ашыруу үчүн 85 млн. евро бөлгөндүгүн белгилеген.

Автордун эмгектеринен постсоветтик Кыргызстандын жогорку билим берүү боюнча тажрыйба алмашышын, стажер мугалимдердин, стажер студенттердин алмашып, окутуп иштөө боюнча  программаларды жана зарыл болгон документтерди алмаштыруу боюнча мамлекеттик билим берүү

стандарттарынын, окуу пландарынын түзүлүшү боюнча кызыктуу, пайдалуу материалдарды, маалыматтарды камтыгандыгын айтуу абзел.

Автор Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын дүйнөлүк укуктук кызматташууга зарыл болгон көйгөйлөрдү да белгилеген. Ошондой эле, Кыргызстандын билим берүү системасынын интеграцияланышын, дүйнөлүк билим берүү системасынын ар кайсы системаларына интеграция болушун акырындап жана бир канча багытта болгондугун аныктаган.

Автордун ою боюнча эгемендүү Кыргызстандын алгачкы ийгиликтүү жана маанилүү I - кадамы катары анын КМШ өлкөлөрүнүн билим берүү системасына интеграция болушу;

Кыргызстандын билим берүү системасынын эл аралык интеграциялык ишмердигинин II – багыты анын регионалдык уюмдар Евразиялык экономикалык биримдик (ЕврАзЭс) жана Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ) менен болгон кызматташтыгы;

Кыргыз Республикасынын III – вектору анын Болон процессинин алкагындагы Европалык билим мейкиндигине интеграцияланышы [16,110].

Биздин пикирибизче профессор Т.А. Абдырахманов бул жогоруда көрсөтүлгөн үч багытты же векторду туура аныктагандыгын биз дагы ушул диссертациялык эмгекти жазуу учурунда байкаганыбызды жана аны жазууда багыт катары Россиянын жогорку окуу жайлары менен Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын интеграциялануусунан байкай алдык.

Автордун эмгектери Кыргызстандын билим берүүсүнүн эл аралык кызматташуусу татаал бирок туруктуу, ишенимдүү саясаттын негизинде жүргүзгөндүгүн көргөзө алган.

Автордун эмгектери цифралык жана даректүү документтерге бай экендигин жана ошол эле учурда автор, Кыргызстан менен Россиянын жогорку билим берүү кызматташтыгын алдына максат кылып койбогондугун белгилеп кетүүбүз зарыл. Анткен менен биздин изилдөө темабызга байланышкан айрым фрагменттерди жолуктурууга болот.

Тарых илимдеринин доктору Н.Ж. Эсенкуловдун «Динамика и историческая преемственность суверенного развития Кыргызстана» деп аталган эмгегинде, өткөөл мезгилдин билим берүүгө, илимге, саламаттык сактоого тийгизген таасирин жалпы эле өткөөл мезгилдин социалдык проблемаларына бир бөлүм арнаган.

Анда, Кыргызстанда кабыл алынган ар кандай программалар алардын ишке ашышы, Кыргызстандын элинин билим деңгээли аймактык тартипте көрсөтүлгөн. Билим берүү системасы боюнча кызыктуу фактылык материалдарды камтыган.

Автор, Кыргызстандын билим берүү системасынын анын приоритеттүү багыты болгон Россия менен кызматташтыгын көрсөтүүнү эмгектин милдети катары өзүнүн алдына койгон эмес.

Башка авторлордон айырмаланып, Н.У. Курбанова өзүнүн диссертациялык изилдөөсүндө республиканын билим берүү тармагынын эл аралык кызматташтыгындагы негизги багыттарды изилдеген жана өлкөнүн билим берүүсүнүн дүйнөлүк билим мейкиндигине чыгуусундагы абалы, маселелери жана келечегин талдоого алган. Тактап айтканда автор жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташуулардын жана өзгөрүп-өнүгүүлөрдүн негизги аспекттерин терең изилдөөгө алган. Ошондой ар кайсы мамлекеттердин билим берүү системаларынын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграция болуусун караган эл аралык изилдөөлөр аркылуу Кыргызстандын билим берүүсүнүн дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграция болуу маселелерин иликтеп чыккан. Автор өз изилдөөсүндө билим берүүнү Кыргызстандын коопсуздугунун негизги факторлорунун бири катары кароо керектигин белгилейт. Бирок Н.У.Курбанованын изилдөөсүндө Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара байланыштардын Кыргызстандын билим берүүсүнүн дүйнөлүк билим мейкиндигине кошулуусундагы ролу маселе катары иликтөөгө алынган эмес.

Мира Курманали кызынын монографиялык изилдөөсүндө Кыргызстанда жогорку педагогикалык билим берүүнүн көйгөйлөрү жана перспективасы талдоого алынган [31]. Автор өз изилдөөсүндө жогорку педагогикалык билим берүүнүн бүгүнкү абалын анализдөө менен аны реформалоонун негизги багыттарына токтолот. Курманали кызы Кыргызстандын жогорку окуу жайларында педагогикалык кадрларды даярдоонун абалын жана азыркы мезгилдеги мугалимдердин статусу жана жашоо деңгээлин аныктап, бул көрсөткүчтөр педагогикалык билим берүүнү өнүктүрүүдөгү приоритеттүү маселелер экендигин белгилөөгө аракет жасаган. Ал эми жогорку окуу жайлардын анын ичинде педагогикалык мүнөздөгү жогорку окуу жайларынын модернизация жана интеграция проблемалары актуалдуу экендигине карабастан, педагогикалык багыттагы окуу жайлардын эл аралык байланыштары тууралуу маселе аталган эмгекте каралган эмес.

Ошондой эле Кыргызстандын билим берүү тармагындагы карым-катышы, жогорку окуу жайларынын өнүгүүсүндөгү маселелерди, билим берүү системасындагы реформаларга тийгизген таасири, эл аралык жана илим жаатындагы интеграциялык процесстер жана Кыргыз Республикасынын тышкы саясатын изилдөөгө алышкан Ф.И. Рыскулуеванын [126], К. Райымбекованын [124], Т.Ф. Черноустун [129], И.В. Халанскийдин [127], Е. Хоролецтин [128], Н. Момошованын [123], докторлук жана кандидаттык диссертацияларында жогорку окуу жайлардын эл аралык кызматташтыгынын орду бөтөнчө экенин айтышкан.

Окумуштуу Ф.И. Рыскулуеванын кандидаттык диссертациясында, өлкөдөгү билим берүү реформасына баа берип, анын тышкы байланыштардын өнүгүүсүнө тийгизген таасирин, ошол эле учурда тышкы байланыштар реформанын өнүгүүсүнө өбөлгө болгондугун изилдеген. Бирок, автор, Кыргызстандын Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен болгон өз ара байланыштары жөнүндөгү маселе тууралуу илимий ишинде өзүнчө сөз козгогон эмес.

Ал эми жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык мамилелер жана алардын билим берүү системасындагы реформаларга тийгизген таасири жөнүндөгү маселе К. Райымбекованын кандидаттык диссертациясында бир топ терең изилдөөгө алынган. Эгемен Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн өнүгүшү, анын чет өлкөлүк жогорку билим берүү чөйрөсү менен кызматташуусунун багыттарына жана маанисине токтолгон. Тактап айтканда, эгемен жылдарындагы жогорку окуу жайлар теориялык жана практикалык, ошондой эле уюштуруу иштеринде кандай проблемаларга кабылганын талдоо менен автор билим берүү процессин реформалоонун мыйзамдык-ченемдик базаларын изилдейт. Чет элдик жогорку окуу жайлардын тажырыйбасын үйрөнүүнүн маанисин көрсөткөн.

Т.Ф.Черноус өз эмгегинде 1991-2005-жылдардагы Кыргызстандын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү болуп өткөн эл аралык интеграциялык процесстерди изилдеген. Тагыраак айтканда, Кыргыз-Орус Славян университетинин тажрыйбасына таянып, жогорку билим берүү чөйрөсүндө эл аралык интеграциялык процесстердин жүзөгө ашуусун талдоого алган. Анткени аталган окуу жайдын тажрыйбасы республиканын жогорку билим берүүсүнүн эл аралык интеграциялануу процессине кошулуусунда үлгү катары кызмат кыла алган. Ошондой эле, автор Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын эл аралык интеграциялык процесстерге кошулуу учурунда заманбап адистерди даярдоосунун актуалдуулугу жөнүндөгү маселени да коёт. Аталган эмгек Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын эл аралык байланыштарынын маанисин терең талдоого алганы менен баалуу, бирок Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара байланыштардын көп түрдүүлүгү толук изилдөөгө алынган эмес.

Ал эми И.В. Халанский өзүнүн монографиясында жана диссертациялык эмгегинде Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүнүн Көз Карандысыз Шериктеш Мамлекеттер, Чыгыш Европа мамлекеттери жана АКШ, Канада, Австралия, Латын Америкасы, Түштүк-Чыгыш Азия ж.б. мамлекеттер менен болгон кызматташтыгынын эгемен

мезгил учурундагы  өнүгүүсүн изилдөөгө алган. Ошондой эле автор башкалардан айырмаланып, Кыргыз Республикасынын  билим берүү чөйрөсү менен Россия Федерациясынын билим берүү чөйрөсүнүн көп тараптуу кызматташтыгына кенен токтолгон.

Кыргызстандын билим берүү чөйрөсүнүн тышкы байланыштарынын приоритеттүү багыттарын анализдөө менен автор  бул чөйрөдөгү эл аралык донор уюмдардын ишмердиктерин да талдоого алган.

Кыргызстан менен Россиянын илимий байланыштарынын моделинин тарыхы терең. Кыргызстанда илимдин калыптанышына жана өнүгүшүнө Россиялык окумуштуулардын жана илимий борборлордун салымы чоң жана негизги ролду ойногон. Россиялык окумуштуулар Октябрь революциясына чейин туруктуу түрдө Кыргызстандын тарыхын, маданиятын, каада – салтын изилдеген эмес, алар негизинен эпизоддук түрдө өнүккөн. Илимдин өнүгүшү Совет мезгилиндеги Россия Федерациясы менен Кыргыз мамлекетинин ортосундагы тыгыз байланыштын негизинде  калыптанып өнүккөн. Азыркы Кыргызстан менен Россиянын илимий байланыштары эл аралык илимий интеграцияда дагы бирдиктуу процесс катарында карым – катнашы улантылууда. Биздин иликтоого алган теманын өзөктүү бир бөлүгүн Кыргызстан менен Россиянын жогорку кесиптик билим берүү окуу жайларындагы илим жаатындагы интеграция процесси түзөт. Бул жактан алып караганда Е.Г Хоролецтин “Научные связи Кыргызстана и России: исторический анализ становления и развития”[128] деген кандидиаттык диссертациясы илимий жактан кызыгууну жаратат.

Е.Г Хоролец өзүнүн диссертациялык изилдөөсүндө  Кыргызстан менен Россиянын кенеш бийлигинен кийинки мезгилдеги өзгөргөн тарыхый шарттарга жараша Кыргызстан менен Россиянын илимий байланыштарын иликтөөгө алган. Диссертацияда кыргыз-орус илимий байланышынын XX-кылымдан баштап, XXI-кылымдын башына чейинки этаптары жана азыркы шарттагы илимий интеграциялык процессти өнүктүрүүчү эффективдүү факторлорун изилдөөгө, талдоого  арналган. Диссертация Кыргызстан менен

Россиянын илимий байланышынын калыптанышын жана өнүгүшүн, ал учурдагы Кыргызстандагы илимий мекемелердин пайда болушун анда мурдагы СССР Илимдер Академиясынын ролун, орус окумуштууларынын ишмердигин, конкреттүү архивдик деректердин негизинде чагылдырган. Диссертацияда, Кыргызстанда улуттук илимий интеллигенцияны даярдоо жана анын өнүгүшүндө россиялык илимий мекемелердин, окумуштуулардын кошкон салымын көрсөткөн. Кыргызстан менен Россиянын илимий байланыштарынын формалары алардын тенденциялары тарыхый этапка жараша интеграциясынын өзгөчөлүктөрүнө мүнөздөмө берилген. Автор, Кыргызстанда айрым илимий багыттардын мисалы, геология, гидрогеология, статистика, археология, этнография илимдеринин калыптанышынын жана өнүгүшүнүн процессин дагы чагылдырууга аракеттерди жасаган.

Биздин иликтөөгө өтө жакын диссертациянын “Кыргызстан – Россия: азыркы этаптагы илимий байланыштардын көйгөйлөрү жана перспективасы” деген бөлүмдү айтсак болот. Бул бөлүмдө өлкөлөрдүн илимий байланыштарынын динамикасы, илимий мекемелердеги модернизация жана азыркы иштеп жаткан механизмдерди оптимизациялоо көйгөйлөрүнө арналган. Кыргызстан менен Россиянын мындан аркы илимий байланышын өнүктүрүү үчүн айрым факторлор далилдүү изилденген жана бул багыттагы көйгөйлөрдүн жана кыйынчылыктардын себептери талданган. Деректүү булактардын негизинде илимий байланыштардын жаңы перспективалуу формасы катары, приоритеттүү илимдин багыттары жана технологиялары боюнча биргелешкен илимий жана илимий – техникалык проектилерди ишке ашырууну көрсөткөн. Бул приоритеттүү багыттарга Кыргызстан менен Россиянын элдеринин тарыхы жана маданияты, заманбап оптикалык жана лазер системалары, лазердик технологиялар, энергетикалык проблемалар жана башкалар экендиги, автор тарабынан белгиленген. Бирок диссертацияда Кыргызстан менен Россиянын илимий байланыштары академиялык илим изилдөө багытында изилденип жогорку кесиптик билим берүү окуу

жайларындагы илимий байланыштарга жетишээрлик түрдө көңүл бурулган эмес.

Муну менен катар жогорку билим берүү жана мамлекеттер аралык жогорку окуу жайлар ортосундагы кызматташтыктын бүгүнкү күндөгү ролу тууралуу маселелер бир топ макалаларда курч жана мазмундуу мүнөздө каралган. Алсак, Т.А. Абдырахмановдун жана Ж. Байтерекованын[196], Б.Ж. Абдыраимовдун [197], И.В. Кравченконун [167] жана башкалардын эмгектеринде Кыргызстан менен Россиянын билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара байланыштары ар тараптан изилдөөгө алынган. Ириде бул байланыштардын эгемен мезгилдеги өзгөчөлүктөрү, ийгиликтери жана проблемалары талкууланып, бүгүнкү глобализация дооруна бараткан тарыхый жолдо билим берүүнүн ролунун өтө маанилүүлүгү баса белгиленген.

Мындан тышкары Кыргызстандын жогорку билим берүүсүнүн Россиянын билим берүү чөйрөсү менен өз ара байланыштары бир нече эмгектерде жана басылмаларда талдоого алынып, изилденген[187].

Жыйынтыктап айтканда, Ата мекендик тарыхнаамеде кыргыз окумуштуулары, тарыхчылары, изилдөөчүлөрү тарабынан Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы атайын илимий талдоого алынбагандыгын баса белгилөөгө болот.

## 1.2. Теманын Россия Федерациясындагы тарыхнаамеси.

Биздин изилдөөгө алган проблемабыз жана камтыган тарыхый хронологиябыз боюнча Россия тарыхнаамесинде илимий адабияттар азыраак. Кыргызстандын окумуштуулары өздөрүнүн илимий эмгектерин Россияда жарыкка чыгарышып жана Россиянын жогорку окуу жайларында жана илимий мекемелеринде өздөрүнүн кандидаттык жана докторлук диссертацияларын коргоп келишкен.

Биз изилдеген проблема боюнча окумуштуулар С.К. Бондырованын, Л.П. Кураковдун, А.П. Лиферовдун, Н.Д. Никандровдун “Образовательное пространство России: проблемы интеграции” [20], Г. Рудовдун “Россия -

Кыргызстан. Российско – Кыргызские отношения: История и современность” [38], К.А. Пшенконун “СНГ: формирование общего культурного и туристического пространства” [36], А.В. Шипиловдун “Россия –Кыргызстан: исторический опыт формирования межкультурного дискурса” [47], А.А. Крутьконун “Внешняя политика современной России: Евразийские приоритеты [30] деген аталыштагы эмгектери чоң мааниге ээ.

Россия президенти В.В. Путиндин сыйлыгына татыктуу болгон, окумуштуулар С.К. Бондырованын, Л.П. Кураковдун, А.П. Лиферовдун, Н.Д. Никандровдун “Образовательное пространство России: проблемы интеграции” [20] деген эмгегинде, билим берүүдөгү интеграция процессин Россияда, КМШда жана дүйнөдө объективдүү процесс экенин белгилешип, ал бир гана жетекчилердин аракети болбостон, анын реалдуу негизи элдерди, социалдык топторду жана жалпы эле адамдарды бириктирүүчү өзүнчө бир баалуулуктардын системасы экендигин баса белгилешкен.

Эмгектин 10-бабы “Тенденции развития отношений субъектов СНГ и место образования в формировании новой системы их взаимодействия” деп аталып көбүн эсе биздин өлкөдөгү билим берүүдөгү интеграция жана билим берүү маселелеринин актуалдуу жактарын чагылдырган. [20,174]

Россияда жана мурдагы СССРдин этносубъектеринде, анын ичинде Кыргызстанда билим берүү системасы идеологиялашуунун чегине жеткенин, ата мекендик жана дүйнөлүк маданияттан он жылдап ажырап, ал бир өндүрүштүк же эл чарбасынын тармагы катары бааланып, бирок 1980-жылдардан баштап реформалоо зарыл экендигин сезип, идеялык диктаттан бошогон толук кандуу коомдук турмуштун чөйрөсүнө айлануунун алдында тургандыгы белгиленген. [20,180]

Ошондой эле билим берүүнүн мазмунуна мурда жабык же тыюу салынган темалар, чыгармалар жана ысымдар кайтарылып, педагог – тарбиячы билим берүүдө өзүнчө, чыгармачыл субъектиге айланып калгандыгын жана ааламдашуу, постиндустриалдык цивилизациянын

мезгилинде интеграция процесси маанилүү экендигин авторлор тастыкташкан.

КМШ өлкөлөрүндөгү билим берүү системасындагы проблемаларды анын абалын, мыйзам – ченемдик актыларын анализдөөдө бул эмгектин авторлору Кыргызстанды тандап алышкан. Анын себебин авторлор Кыргызстан мейкиндик – географиялык, маданий – тарыхый, демографиялык - этникалык жана башка мүнөздөмөлөрү боюнча мурдагы СССРдин курамындагы типтүү союздук республика болгондугу менен түшүндүрүшөт.

“1991–1998–жылдардагы Кыргызстандагы билим берүүнүн өнүгүшүнүн анализи, анын динамикасынын көп маанилүү өзгөчөлүктөрү КМШга кирген өлкөлөрдүн баарында окшош жана таандык” – деп эсептешет авторлор. [20, 183]

Авторлордун “Кыргызстан – байыркы маданияттын өлкөсү. X-кылымда кыргыздардын жазуусу болгон. Көлөмү боюнча кенен улуттук каада – салтты көркөм чагылдырган “Манас эпосунун миң жылдыгын дүйнөлүк коомчулук 1995 – жылы белгиледи” – деген саптарын окуп, орус окумуштуулары дагы деле болсо кыргыз эли менен ааламдашуу процессиндеги билим берүү тармагында үзөңгүлөш экендигине ынанасың. Аталган эмгекте 1993 – 1996 – жылдарда Кыргызстан терең кризиске дуушар болгондугу, “адамдык өнүгүштүн көрсөткүчтөрү өтө төмөндөп кеткендигин, өнөр – жайдын токтоп калышынын жана миграциялык процесстин (өзгөчө 1993 – 1994 – жылдар) күчөшүнөн, жалпысынан элдин санынын өскөнүнө карабастан, шаар калкынын азайышын” белгилешкен. Бул факторлор билим берүү тармагына өз таасирин сөзсүз тийгизип турушкан.

Жалпы кризистик абалга карабай билим берүү тармагы Кыргызстанда мамлекеттик кызыкчылыктын маанилүү чөйрөсү боюнча кала берген. Анын бир көрсөткүчү катары 1992-жылы Кыргызстанда “Билим берүү жөнүндө” мыйзамдын кабыл алынышы деп белгилешкен авторлор.

Дагы бир белгилеп кетчү маселе орус окумуштуулары Кыргызстандагы билим берүү жөнүндөгү мыйзамдын негизги багыттарын аныкташкан. 1992 –

жылдагы мыйзамда мамлекеттин саясаты кеңеш мектептеринин салты менен новаторчулукту пайдалануу, аларды шайкештирүү, улантуу болгон.

Мыйзамдагы саясат жалпы “адамзаттын баалуулугунун приоритети, таланттуу балдарды тандоо жана алардын чыгармачылыгы үчүн шарт түзүү, алтернативдүү билим берүү мекемелеринин болушунун мүмкүнчүлүгү жана мамлекеттик эмес билим берүүнүн структураларынын түзүлүшүнө жол ачкандыгын” айтышкан[20, 184].

Россиялык коллегалар Кыргызстандын билим берүү системасына байланышкан мыйзамдын, укуктук-ченемдик актыларында Кыргыз Республикасында башка КМШ мамлекеттери менен салыштырганда педагогикалык кызматкердин укугунун чектелгендигин, ошол эле казак коллегалардын укугунун көп экендигин белгилешкен. Ошондой эле 1992 – жылдагы мыйзам боюнча кыргызстандык ата – энелердин милдеттери абдан чоң, көп экендигин, ал эми биздин кызматташтыгыбыз өтө тыгыз болгон Россия Федерациясында ата – энелердин милдети аз экендигин жазышкан. [20, 176]

Көрсөтүлгөн эмгекте Кыргыз мамлекетинин билим берүү саясатында проблемаларды чечүү, системаны өнүктүрүү үчүн ички ресурстарга эле таянбастан, билим берүүнүн КМШ жана дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине багыт алгандыгы айтылат.

Бир гана 1996-жылы Кыргызстан билим берүү тармагында жети КМШ өлкөлөрү менен мамлекеттер жана ведомстволор аралык келишимдерге кол койгондугу белгиленген.

Кыргызстандын мамлекеттер аралык жогорку окуу жайларды жана факультеттерди ачуу боюнча баалуу тажрыйбасы бар экендиги жана Кыргыз – Орус (Славян) университети, Кыргызстан Эл аралык университети, Кыргыз – Орус билим берүү академиясы, Кыргыз - Түрк “Манас” университети, Америка университетинин ачылганын жазышкан. [20, 191]

Авторлор билим берүү жаатындагы Кыргызстандын мыйзам – ченемдик актыларын, статистикалык материалдарды булак катары

пайдалануу менен катар, айрым кыргыз окумуштууларынын эмгектерин да белгилеп кетишкен. Мисалы, белгилүү окумуштуу Ч.А.Шакееванын[20] студенттердин баалуулук багыттарынын өткөн кылымдын 60-80-жылдарга салыштырмалуу сапаттык жактан өзгөргөнүн, тактап айтканда аларда жеке муктаждыктар, кызыкчылыктар жана максаттар басымдуулук кыла баштаганы тууралуу пикирине токтолушкан [46, 122].

Мындан тышкары, Кыргызстан менен Россия Федерациясынын постсоветтик мезгилинин алгачкы татаал, оор мезгилиндеги карым – катнашынын тарыхын, өлкөлөрдүн аймактык билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара алакаларынын маселелерин талдаган, атайын бир нече эмгектер жарык көргөн. Алсак, Г.А.Рудов өзүнүн бир канча изилдөөлөрүндө эки өлкөнүн ортосундагы узак жылкы тарыхый мезгилдеги өз ара мамилелеринде билим берүү тармагындагы карым-катышы чоң мааниге ээ экендигин талдоого алат. Г. Рудовдун “Россия –Кыргызстан. Российско-Кыргызские отношения: История и современность”[38] деген эмгеги өзүнчө илимий талдоого арзыйт.

Постсоветтик мезгилде Кыргызстан көптөгөн социалдык-экономикалык жана этноконфессионалдык проблемаларды чечүүгө туура келген. Өлкөнүн социалдык саясатынын бөлүгү катары Кыргызстандын билим берүү системасынын модернизациялоо боюнча программалар иштелип чыга баштаган.

Автор “билим берүү мейкиндиги” түшүнүгүнө аныктама берүү менен анын объективдүү түрдө мурдагы союздун курамындагы кийинки көз карандысыз мамлекеттерге зарылдыгын илимий жактан талдап берген. Ошол эле учурда 2000-жылдарга чейин, “билим берүү мейкиндиги” түшүнүгү илимий жактан толук аныктала экендигин белгилеген. Автор билим берүү мейкиндигин түзүүдөгү бирдиктүү таянычтар компонентине-программаларды, базалык билимдердин көлөмү жана мүнөзүн, дипломдорду жана илимий даражаларды таанууну ж.б.эсептейт.

Автордун саясий жана экономикалык кырдаалдын оордугуна карабастан Россия менен Кыргызстандын бирдиктүү билим берүү

мейкиндигин сактап калуу үчүн күрөшү СССРдин тарашы менен эле башталган деген оюу менен макул болбой коюууга болбойт. Биз дагы өзүбүздүн иликтөөбүздө автордун бул бүтүмү менен макул болдук.

Эмгекте автор билим берүүдөгү интеграциялык процесстин төрт этабын белгилеген изилдөөчү В. Мясниковдун оюу менен макул болгондугун белгилеп кетүү абзел.

Бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүүнүн максаттарын, принциптерин жана багыттарын, өлкөлөрдүн экономикалык жана билим берүү талаасынын калыптанышынын картинасын түзүүгө аракет жасаган.

Г.Рудов Кыргызстан бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүүдө активдүү катышуучулардын бири болгондугун баса белгилеген. 1992-1999-жылдар аралыгында республика жакынкы өлкөлөр анын ичинде Россия менен 13 өкмөттөр жана ведомстволор аралык келишимдерди түзгөн.

Китепте бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүүдөгү окмоттор аралык келишимдер, укуктук-нормативдик чендер, Россия, Кыргызстан жана КМШ олколорундо кабыл алынган программалар алардын практика жузундо ишке ашырылышы, койгойлор жана мейкиндиктин перспективасы ж.б. маселелер кенен талданып жазылган. Эмгектеги айрым факталогиялык материалдар да биздин изилдоого коюлган милдеттерди терен талдоого жардам берди.

Петров илим жана искусство Академиянын, Эл аралык туристтик Академиянын жана эл аралык чыгармачылык Академиясынын мүчөсү, Санкт-Петербург Мамлекеттик экономикалык университетинин профессору, 80ден ашуун илимий жана усулдук иштердин автору, тарых илимдеринин доктору Пшенко Константин Андреевичтин “СНГ: формирование общего культурного и туристического пространства” деген монографиялык эмгегинде КМШ өлкөлөрүндө бирдиктүү билим мейкиндигин түзүүнүн проблемаларына токтолгон.

СССР тарагандан кийин улуттук билим берүү стандарттары ЮНЕСКОнун 27-Генералдык конференциясында коюлган эл аралык

талаптарга толук жооп бербегендигин аныктаган. Өткөн кылымдын 90-жылдарынын башында билим берүү боюнча эл аралык стандарттардын талабына кандайдыр бир өлчөмдө Россия Федерациясы гана даяр болгон [36].

Ал эмгекте КМШ өлкөлөрүнүн жогорку окуу жайларынын негизинен Батыш өлкөлөрү менен өнөктөш болууга аракет кылгандыгын белгилеген.

90-жылдардын башында автордун ою боюнча КМШ өлкөлөрүнүн билим берүү тармагында бирине-бири байланышкан эки процесс жүргөн. Бир жагынан ажырым (дезинтеграция) процесси, экинчи жактан бул тармакта бирдиктүү макулдашылган саясатты, мыйзамдарды иштеп чыгуу жана аны калыптандыруу.

Автор, КМШ өлкөлөрүнүн билим берүү жөнүндөгү мыйзамдарынын жалпы жактарын жана айырмаларын белгилеген. Мисалы, Россия Федерациясы менен Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү жарлыктын алкагында интеграциялык процессти ишке ашыруу боюнча атайын Программа кабыл алынган. Автор өз эмгегинде КМШ өлкөлөрүнөн Россиянын жогорку окуу жайларында окуган студенттердин санын аныктаган. Мисалы, №1.1. таблицада көрүнүп тургандай КМШ мамлекеттерининин ичинен Кыргызстандан барып окуган абутриенттердин ар жылы Россиянын жогорку окуу жайларында жыл сайын тапшырып окуп жаткандыгына токтолгон. 1995/96-окуу жылынан 1998/99 окуу жылына чейин Россиянын жогорку окуу жайларында 4920 студент окуп, алардын ичинен басымдуу бөлүгү, тактап айтканда 4285 студент күндүзгү бөлүмдөрдөн билим алышкан. [36,69]

**Таблица №1.1. - 1995-99-окуу жылдары аралыгындагы РФнын жогорку окуу жайларында Кыргызстандан барып окуган студенттердин саны.**

| **Бардыгы** | **1995/96-окуу жылында** | | **1996/97-окуу жылында** | | **1997/98-окуу жылында** | | **1998/99-окуу жылында** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Күндүз | сырт | күндүз | сырт | күндүз | сырт | күндүз | сырт |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4920 | 1524 | 176 | 1197 | 103 | 912 | 290 | 652 | 66 |

**Булак: автор тарабынан түзүлгөн**

А. Пшенко өзүнүн эмгегинде КМШ өлкөлөрүндөгү билим берүү боюнча интеграциялык процесстин калыптанышынан баштап, 2000-жылга чейинки өнүгүшүн анализдеп, Россия менен Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы маанилүү процесстер боюнча маалыматтарды берген.

Биздин изилдөөгө алган мезгил боюнча окумуштуу А.В.Шипиловдун моногрфиясы көңүл бурдурат. Китеп «Россия – Кыргызстан исторический опыт формирования межкультурного дискурса» деп аталат.[47] Тарыхчы өзүнүн эмгегинде Кыргызстан менен Россиянын маданий карым-катнашынын 150 жылдыгынан ашык убакыттын ичиндеги тарыхын камтууга аракеттер жасалган. Постсоветтик мезгилдеги өлкөлөрдүн ортосундагы тамыры терең жана бүгүн кайрадан анын тарыхын дыкат окуп үйрөнүүгө, ошондой эле азыркы ааламдашуу мезгилинде бул карым-катнашты мезгилге жарашыктуу өнүктүрүү анын жаңы багыттарын аныктоо приоритеттүү. Элдердин алакасын, достугун, кызматташтыгын өнүктүрүүдө маданияттын ролун тарыхта эч ким танган эмес жана танбайт болуш керек, бул аспектен алганда А.В.Шипиловдун эмгеги илимий жактан баалуу.

Автор орус – кыргыз маданияттар аралык дискурстун тарыхынын этаптарын, Кыргызстан менен Россиянын XIX к. экинчи жарымынан азыркы күнгө чейинки маданияттар аралык карым-катнаштын негизги векторлорун аныктаган.

Эмгектин негизги өзөгүн орус-кыргыз маданияттар аралык  дискурста орус тилине, маданияттар аралык коммуникациянын негизги фактору экендигин аныктоого аракет жасаган.

Кеңеш мезгилиндеги кыргыз улуттук маданияты деген параграфта РСФСРдын, орус интеллигенциясынын Кыргызстанда мектептерди окууга

кошкон салымын Т.Усубалиев көрсөткөн маалыматтарды пайдалануу менен көрсөткөн.

Россиянын жогорку жана орто окуу жайларында 1928-1932-жылдары 3 миң кыргызстандыктар, алардын ичинен 55% кыргыздар болушкан. Мындай фактологиялык материалдарды китептин бардык бөлүмдөрүнөн жолуктурууга болот.

Кыргыз – Орус (Славян) университети маданияттар аралык дискурсту андан ары, жаңы шартта өнүктүрүүгө багыттап иш-чараларды да байма-бай өткөрүп келүүдө. Анын формалары да ар башкача мсалы, жолугушуулар, китептердин бет ачарлары, конференциялардын өткөрүлүшү маданий дискурсту кеңейтүүгө жол ачат. Себеби, бул иш чараларга студенттер, окутуучу-профессорлордун жетекчилиги же катышуусу менен өткөрүлөт.

Айрыкча, конференциялар эл аралык деңгээлде өтүп, темаларынын өтө кызыктуулугу менен айырмаланып турат. Темалары Кыргызстанда жашаган орус диаспорасынын жашоосу, орус маданиятын Кыргызстанда өнүктүрүүнүн маселелери, маданият маселелеринин орус тилдүү жана россиялык журналистикада чагылдырылышы, орус тилинин Кыргызстандагы көйгөйлөрү жана башкалар.

Китепте эки өлкөнүн маданияттар аралык интеграциясында жогорку билим берүүнүн стратегиялык багыттарынын  маселелери да чагылдырылган.

Китептин бул маселе боюнча пайдаланган булактык базасы, библиографиялык көрсөткүчү бай экендиги менен да баалуу эсептелинет. Мамлекеттер ортосундагы илимий байланыштардын тарыхына жана алардын экономикалык жана социалдык маанисине токтолуу менен, эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын ортосундагы илимий байланыштарды, алардын негизги багыттарын терең талдоого алган. Бирок бул изилдөөдө Кыргызстандын жогорку окуу жайлары менен Россиянын жогорку окуу жайларынын ортосундагы кызматташтык өзүнчө изилдөөгө алынган эмес.

Россия Федерациясынын кыргыз Республикасындагы 2012 – 2019-жылдар аралыгында иштеген элчи жана окумуштуу А.А. Крутько өзүнүн

ишмердигинин узак жылдарында Россиянын тышкы саясатынын маселелерин изилдеп келген.

Окумуштуунун Евразиялык мейкиндиктеги Россия Федерациясынын тышкы саясатын талдоого алган бир канча эмгектери жарык көргөн.

Автордун өзгөчө биздин проблемабызга жакынырак болгон эмгеги “Внешняя политика современной России: Евразийские приоритеты” деп аталган эмгеги 2019-жылы биздин өлкөнүн борборунда жарыкка чыккан.

Бул монографиянын “Евразиялык интеграция: билим берүү, илим жана гуманитардык факторлор” деген 3- бапында СССРдин таркашы менен эле Россиянын илим, билим элиталарынын КМШнын алкагында проектилерди жана программаларды түзүү менен кызматташтыкты бекемдөөнү сунушташкандыгын жазган.

Автор,билим берүү системасындагы кызматташтык боюнча КМШ мамлекеттеринин ортосундагы маанилүү болгон 1992 - 97-жылдардагы келишимдердин негизинде Россия жогорку окуу жайларынын КМШ алкагында интеграцияланышынын проблемаларын жазган.

Ошондой эле, эмгекте Россия мамлекетинин аймагынан сырткары ачылган Россиянын жогорку окуу жайларынын жана КМШ өлкөлөрүндө окуган Россиялык студенттердин статистикалык маалыматтарын талдоого алган.

Эмгекти талдоодо КМШ өлкөлөрүндө түзүлгөн тармактык университеттер жөнүндө да маалыматтарды кезиктирүүгө болот.

А.А. Крутько жогорку окуу жайлардын интеграцияланышындагы жетишкендиктер менен катар, бул сферадагы айрым көйгөйлөрдү да чагылдырган.

Мисалы, КМШ өлкөлөрүнүн көпчүлүгү Болон процессине киришип, 2011 - жылдан баштап эки деңгээлдеги бакалавриат жана магистратура баскычындагы даярдоого өтүшкөн. Бул кандайдыр бир деңгээлде карама – каршылыкты жараткан. Анткени, чынында эле бул маселе мамлекеттер

аралык деңгээлде чечиле турган кенен жана татаал маселе экендигин эстен чыгарбоо зарыл.

А.А. Крутьконун бул эмгегинде жогорку билим берүү системасындагы байланыштар кенен каралган эмес, анткени ал бул маселени өзүнүн алдына максат кылып койгон эмес.

Россия Федерациясынын билим берүүсүндөгү реформалардын өнүгүү багыттары жана мааниси тууралуу И.Д. Фрумин [49], В.И. Жуков [26], В.Н. Чистохвалов [183; 184], А. Тихонов [178] В.М. Филиппов [180] өз эмгектеринде ар тараптуу талдоо жүргүзүшкөн. Ошондой эле М. Филиппов жана В.Н. Чистохвалов өздөрүнүн биргелешкен эмгегинде [182] Россиянын М.Ломоносов атындагы университетинин чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары менен болгон байланыштарына учкай гана токтолуп өтүшкөн. Эмгекте негизинен Россия Федерациясынын билим берүү чөйрөсүндөгү реформалардын милдеттерин жана багыттарын талдоого алышкан.

Ал эми Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүнүн дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграция маселелери, анын ичинде аталган мамлекеттин билим берүү системасына Болон процессин киргизүү, анын мааниси тууралуу изилдөөлөр А.И. Гретченко жана А.А. Гретченконун [23], В.И. Байденконун [145; 146], В.Н Чистохвалов жана О.С. Бедованын [183;184], Ф.Дж. Альтбахтын [142] эмгектеринде изилдөөгө алынган.

Ошондой эле Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграция процессинин маселелери В.М. Филиппов жана В.Н. Чистохваловдун [181], В.А. Мясниковдун [168], Э.М. Соколовдун [176], Ю.Г. Татурдун [177] эмгектеринде талдоого алынган.

Бирок белгилей кетчү нерсе, жогоруда аталган эмгектердин дээрлик баарында Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын Борбор Азия мамлекеттеринин, анын ичинде Кыргызстандын жогорку окуу жайлары менен болгон өз ара байланыштары тууралуу өзүнчө иликтөөлөр дээрлик жок.

Бүгүнкү күндө дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин өнүгүү тенденцияларынын теориялык жана методологиялык негиздери З.И. Батюкова [148], А.П. Лиферов [203], И.А. Тагунова [40] тарабынан изилденсе, билим берүүнүн эл аралык интеграциясынын баалуу-максаттуу аспекттери Б.С. Гершунский [22] дүйнөлүк билим берүүдөгү интеграциялык процесстердин маңызы жана мүнөзү Б.Л. Вульфсон [21] тарабынан иликтенген. А.П. Лиферов жогоруда аталган өзүнүн эмгегинде глобалдуу билим берүүнүн концепциясын иштеп чыгуу менен бул концепция Россиянын билим берүүсүнүн дүйнөлүк жана европалык мейкиндигине интеграция болуусунун шарты деп эсептейт. Ошону менен бирге автор бул эмгегинде билим берүү системасынын негизги өнүгүү тенденцияларын аныктап, Россиянын билим берүүсүнүн дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграциялануу формаларын жана багыттарын иштеп чыккан. Бирок аталган эмгектерде Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын ара байланыштары тууралуу маселелер дээрлик каралган эмес.

Ал эми А. Торкуновдун [208], И. Бусыгинанын [199], А.П. Лиферов [33; 203] жана башкалардын эмгектеринде Кыргызстан менен Россиянын билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара байланыштары учкай изилдөөгө алынган.

Жалпысынан алганда Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарынын кызматташтыгынын айрым маселелери жогоруда аталган эмгектерде чагылдырылганы менен биз иликтөөгө алган эгемендүүлүктүн алгачкы жыйырма жылдыгындагы тарыхы алигиче комплекстүү түрдө изилдөөгө алынбагандыгын белгилейбиз.

## II бап. Теманы изилдөөнүн булактык негизи, объекти, предмети жана изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери

### 2.1. Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын өз ара кызматташтыгынын булактары

Биз изилдөөгө алган тарыхый аралыкта Кыргыз Республикасында жана Россия Федерациясында жогорку билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүгө арналган бир канча расмий, чечимдер, мыйзамдар, улуттук программалар, концепциялар кабыл алынган. Ошондой эле эки өлкөнүн ортосунда жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү интеграция маселелерине арналган бир канча эл аралык келишимдерге да кол коюлган. Андан тышкары КМШ мамлекеттер ортосунда да бул багыттагы бир канча документтер кабыл алынган.

Диссертацияда коюлган максатка жетүүдө жана милдеттерди аткарууда төмөндөгү аталган документтердин көпчүлүгүнө анализ жасалып, булак катары колдонулду. Биринчи кезекте Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ченемдик-укуктук актылары, мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн жана Россия Федерациясынын өкмөтүнүн Токтомдору, Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү өкмөттөр аралык кызматташуу тууралуу Келишимдери жана макулдашуулары, ошондой эле Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын Конституциясы, КМШ өлкөлөрү ортосунда түзүлгөн билим берүүнү интеграциялоо процессине арналган бир нече документтер жана Кыргызстандын статистикалык комитетинин статистикалык материалдары көмөк көрсөтүштү.

Ошондой эле архивдик фонддор мисалы, Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин фонддорунан И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз медициналык академиясынын Ф. №1734. 4339. д. за. 1939-1999 гг.; Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук унивеситетинин Ф. №869. 8778 д. за 1927-2005 гг. [52]; И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Ф. №2599. 845 д. за. 1950-2003 гг. [55]; Кыргыз улуттук консерваториясынын Ф. №2928.43 д. за. 1989-2013 [56]; И. Раззаков

атындагы Кыргыз Техникалык университетинин Ф. №2566. 738 д.за. 1954-2000 гг. [98]; К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агарардык университетинин Ф. №2635. 847 д. за. 1934-2000 гг. [115]; Кыргыз-Орус Славян университетинин Ф. №2910. 1317. д. за. 1993-2008 гг. деген аталыштагы фонддор изилдөө учурунда маанилүү булак катары колдонулду.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү 1992-жылдагы мыйзамы [4], Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү 2003-жылдагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен кабыл алынган мыйзамы [7], Кыргыз Республикасынын "XXI кылымдын кадрлары" Улуттук программасы [209], Кыргыз Республикасынын "Билим" улуттук программасы [202], Кыргыз Республикасынын билим берүү Доктринасы [5], Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүүнүн Концепциясы [6], Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 Токтому, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык илим изилдөө институтунун отчёттору ж.б.

Ошону менен бирге изилдөө учурунда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин отчёттору, Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын абалы жана келечеги тууралуу Улуттук отчёту (1992-2001-жж), Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын эл аралык бөлүмдөрүнүн мезгилдүү отчёттору, архивдик материалдары, Кыргыз-Орус Славян университетинин мезгилдүү отчёттору, статистикалык маалыматтар, Роскызматташтыктын архивинин маалыматтары, Орус диаспорасынын "Гармония" борборунун маалыматтары, Жогорку билим берүү маселесине арналган Эл аралык саммиттердин, конференциялардын материалдары колдонулду. Андан тышкары биз изилдөөгө алган тарыхый мезгил аралыгындагы Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын ишмердигин чагылдырган жана илимий жетишкендиктерин көрсөткөн статистикалык жыйнактар да бизге

фактологиялык материал катары маанилүү булак болду. Булак катары Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын Билим берүү министрликтеринин, жогорку окуу жайларынын архивдик материалдары да пайдаланылды.

Кыргыз-Орус Славян Университетинин Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн маалыматтары, Кыргыз-Орус Славян Университетинин Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн учурдагы архивдик материалдары, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн маалыматтары, Кыргыз Улуттук Университетинин Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн учурдагы архивдик материалдары, К.Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык Университетинин Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн маалыматтары, Бишкек Гуманитардык Университетинин Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн учурдагы архивдик материалдары, Эл аралык Университеттин Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн маалыматтары, Эл аралык университеттин Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн учурдагы архивдик материалдары, И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик УниверситетининЭл аралык байланыштар бөлүмүнүн маалыматтары, Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык Академиянын Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн учурдагы архивдик материалдары, Кыргыз Мамлекеттик Медицина Академиясынын Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн маалыматтары, Кыргыз Мамлекеттик Медицина Академиясынын Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн учурдагы архивдик материалдары жана Кыргызстандын жогорку окуу жайлары менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары ортосундагы түзүлгөн жана башка бир нече Келишимдер, атап айтсак, Билим берүү, иштиктүү жана маданий кызматташуу жөнүндөгү М.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университети менен Кыргыз Улуттук Университетинин ортосунда 2000-жылы 15- сентябрда 5 жылга түзүлгөн Келишим, Россия Илимдер Академиясынын Сибир бөлүмүнүн археология жана этнография Институту (Новосибирск шаары) менен Улуттук Илимдер Академиясынын тарых

институту жана  Кыргыз мамлекеттик Улуттук университети ортосундагы 2000-жылы  5-сентябрда 5 жылга түзүлгөн илимий кызматташуу тууралуу Келишим,  Кыргыз Улуттук университети менен Москва мамлекеттик Лингвистика университетинин ортосунда  2004-жылы 17-мартта түзүлгөн кызматташуу тууралуу Келишим Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын чет өлкөлөрдүн, анын ичинде Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен байланыштарын  талдоого алганда фактологиялык маалымат катары  чоң роль ойноду.

Мындан тышкары Кыргыз өкмөтү эгемен Кыргызстандын жогорку билим берүү саясатынын түптөлүш этабында төмөнкүдөй бир топ жоболорду жана башка укуктук-ченемдик документтерди да кабыл алган:

“Кыргыз Республикасында жогорку билим берүү ишмердигин жөнгө салган ченемдик актыларды бекитүү жөнүндө (1993-ж,август);

“Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин маселелери” (1995-ж, январь);

Кыргыз Республикасында жогорку билим берүүнүн көп баскычтуу структурасы жөнүндө” (1993-ж, август);

Кыргыз Республикасында мамлекеттик билим берүү стандарттары жөнүндө” (1993-ж, август);

Кыргыз Республикасында жогорку окуу жайларын аттестациялоо жөнүндө” (1993-ж,август);

“Кыргыз Республикасында билим берүү мекемелерин лицензиялоо жөнүндө” (1993-ж,август);

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жогорку окуу жайы жөнүндө” (1993-ж,август);

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эмес жогорку окуу жайы жөнүндө” (1993-ж, август) ж.б.

Россия Федерациясы да жогорку билим берүү чөйрөсүн реформалоо багытында бир нече мыйзамдарды жана укуктук-ченемдик актыларды кабыл алган. Алсак, 1992-жылы 10-июлда (№3266-1) «Билим берүү жөнүндөгү”

мыйзамын [13], жогорку кесиптик билим берүүнү үч баскычка бөлүп караган 1996-жылдын 22-августунда (№ 125-ФЗ) “Жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү” тууралуу федералдык мыйзам кабыл алынат. 2001-жылы 29-декабрда 2010-жылга чейин россиялык билим берүүнү модернизациялоонун Концепциясын кабыл алган. Мындан тышкары Россия Федерациясынын президентинин 2008-жылдын 7-майындагы №716 “Федералдык университеттер жөнүндөгү” жана 2012-жылдын 7-майындагы №599 “Билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруу боюнча чаралар жөнүндөгү” жарлыктары Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларын өнүктүрүүдө маанилүү ченемдик-укуктук негиздер болуп саналат. 2003-жылы Россия Федерациясынын билим берүү тармагы Болон декларациясына кол коюп, Болон процессине кошулат. Бул расмий жана башка маанилүү документтер Россия Федерациясы менен Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара байланыштарын талдоого алууда маанилүү булак катары каралды.

Кыргызстан менен Россия Федерациясынын ортосунда билим берүү жаатындагы кызматташуулар боюнча да бир нече документтер кабыл алынган. Алсак, Кыргызстандын билим берүү министрлиги менен Россия Федерациясынын билим берүү министрлигинин жана Илим, жогорку мектеп жана техникалык саясат Министрлигинин Жогорку Мектеп боюнча Комитетинин ортосунда билим берүү жаатында кызматташуу тууралуу Келишимине 1992-жылы кол коюлган. Россия Федерациясынын Өкмөтү 1994-жылдын 19-апрелинде өзүнүн №326//128/1 Токтому менен Россия Федерациясынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда 1994-жылдын 23-февралында түзүлгөн Бишкек шаарында Кыргыз-Орус Славян университетин ачуу жана анын ишмердиктери жөнүндөгү кол койгон Келишимин бекиткен.

Ошону менен бирге 1995-жылы Бишкек шаарында Россия өкмөтү менен Кыргыз өкмөтүнүн ортосундагы маданият, илим жана билим берүү чөйрөсүндө кызматташуу тууралуу Келишимине жана 1996-жылы 29-мартта

Россия Федерациясынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтык тууралуу Келишимине кол коюлат.

Ал эми КМШ алкагында 1992-жылдын 15-майында КМШ өлкөлөрүнүн ичинде билим берүү чөйрөсүндө макулдашылган саясатты жүзөгө ашыруу, биргелешкен программаларды жана долбоорлорду көп тараптуу негизде жолдорун жана практикада жүзөгө ашыруу механизмдерин иштеп чыгуу максатындагы Кызматташуукa кол коюлган. 1992-жылы май айында КМШга мүчө 10 мамлекеттин өкмөт башчылары билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтык жана документтерди алардын квалификациясы жөнүндө нострификация тууралуу Келишимге да кол коюшкан. Андан соң 1997-жылы КМШга мүчө өлкөлөрдүн өкмөттөрү КМШда бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү Концепциясына жана КМШ бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү боюнча кызматташтык жөнүндөгү Келишимге кол коюшкан. 1994-жылдын 18-мартында КМШ мамлекеттеринин Парламенттер аралык Ассамблеясынын «Бирдиктүү билим берүү мейкиндиги жөнүндөгү» Токтому бекитилген. 1996-жылы апрель айында Казахстан, Кыргызстан, Беларуссия жана Россия Федерациясынын ортосунда экономикалык жана гуманитардык чөйрөлөрдөгү интеграцияны тереңдетүү тууралуу Келишимге, ал эми 1997-жылдын 17-январында КМШ өлкөлөрүндө бирдиктүү билим берүү мейкиндигин калыптандыруу боюнча кызматташтык жөнүндөгү Келишимге, 1998-жылы экономикалык жана гуманитардык жааттардагы интеграцияны тереңдетүү жөнүндөгү Макулдашууга катышкан –мамлекеттердин жарандарынын жогорку окуу жайларга кирүүдөгү тең укуктуулугун берүү тууралуу Келишимге кол коюлат. Андан тышкары Шериктеш мамлекеттер тарабынан билим берүүнү интеграциялоо маселелери боюнча эл аралык нормативдүү документ катары “Билим берүү жөнүндөгү” моделдүү мыйзам, “КМШ өлкөлөрү үчүн моделдүү билим берүү кодекси” кабыл алынган (апрель, 1999), ал эми 2001-жылы КМШга катышкан мамлекет тердин билим берүү ишмердиктерин лицензиялоону

координациялоо, билим берүү мекемелерин аттестациялоо жана аккредициялоо жөнүндөгү жана КМШга катышкан мамлекеттердин жогорку окуу жайларынын филиалдарын түзүүнүн жана иштетүүнүн тартиби жөнүндөгү Келишимдерге, 2007-жылы Шанхай Кызматташтык Уюмуна мүчө мамлекеттердин Достук жана кызматташык тууралуу Келишимине кол коюлган.

1992-1999-жылдары Кыргызстан жакынкы чет өлкөлөр менен, анын ичинде Россия Федерациясы менен 13 өкмөттөр аралык келишимдерге кол койгон [37]. Бул документтер КМШ өлкөлөрүнүн жогорку окуу жайларынын өз ара кызматташтыгы үчүн жана билим берүүдөгү интеграция процессин тездетүүдө чоң роль ойногон.

Мындан тышкары http://www.kenesh.kg, cis.rudn.ru, http://www.report.kg, http://www.eurasianhome.org, http://www.ia-centr.ru, http://www.e-generator.ru, http://www.club-rf.ru,http://dic.edu.ru/information/russian, // http://www.kyrgyz. mid.ru/mer/128.html, www.for.kg/kyrgyzstan_history, http://www.krsu.edu.kg, evrazes.com жана башка интернет булактары да керектүү маалыматтарды алууда жардам берди.

Жыйынтыктап айтканда, бул булактар Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын ортосундагы байланыштарды изилдөөдө салыштырмалуу талдоо жүргүзүүгө, эки өлкө ортосундагы өз ара кызматташтыктын айрым маселелерин тактоого жана келечегин аныктоого мүмкүнчүлүк берди.

## 2.2. Изилдөөнүн объекти, предмети жана теориялык-методологиялык негиздери

Кыргызстандын мамлекеттик көз карандысыздыгынын жарыяланышы жана ага байланыштуу болгон жаны социалдык- саясий чындыктар коомдун тарыхый ан-сезимин түп тамырынан өзгөртүүгө дуушар кылды. Борбордук Азия мамлекеттеринин, анын ичинде Кыргызстандын эл аралык мамилелеринин контексин жана тарыхын геосаясий мейкиндикте кароо аң-сезими калыптанды.

Ал эми изилдөөнүн **объектиси** катары 1991-2011-жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарын, кызматташтыгын изилдөө болуп саналат.

Диссертациялык иштин максатын жана анын милдеттерин жетекчиликке алып изилдөөнүн **предмети катары:** жогоруда белгиленген тарыхый мезгил учурундагы эки өлкөдөгү жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштарынын негизги багыттары жана интеграциялык процесстер, аларды ишке ашыруудагы көйгөйлөр, жетишкендиктер жана тажрыйбалар тандалып алынды.

Коомдун өнүгүшү мамлекеттин өткөөл мезгилинде өзгөчө мааниге ээ. Анткени,коомчулукта кызыгуу күчөп, өткөндөрдү изилдөө менен учурда болуп жаткан окуяларга анализ берүүнүн негизинде жаралып жаткан көйгөйлөргө чечим издешет.

Тарыхка болгон кызыгуунун жогорулашы мамлекеттүүлүктүн моделин тандоо шартында жана коомду модернизациялоодо эл тарыхый процесстин субьектиси экендигин түшүнүшөт.

Ошондуктан изилдөөдө илимий иштин методологиялык базасын аныктоо иштин негизин түзөт. Эгерде мурун марксизм-ленинизм жана формациялык методдор болсо, азыркы күндө биринчи орунга тарыхый-салыштырма жана дүйнөлүк илимий практикада колдонулуп жүргөн универсалдык же цивилизациялык методдор изилдөөгө негиз болду. Анткени тигил же бул тарыхый окуяларды жана элдердин бири – бири менен байланыштарын баалоодо цивилизациялык мамиле жасоого туура келет.

Изилдөөнүн методологиялык негиздерин историзм принциби, илимий объективдүүлүк, тарыхый-салыштырма, тарыхый-хронологиялык, тарыхый-генетикалык жана тарыхый-типологиялык метод түздү. 1991-2011-жылдар аралыгындагы Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын ортосундагы өз ара байланыштарды изилдөөдө историзм принциби биз иликтөөгө алган маселелерди конкреттүү тарыхый өңүттөн

кароого мүмкүнчүлүк берди. 1991-жылы Кыргызстанда жана Россияда жүз берген тарыхый окуялар эгемендүүлүккө ээ болуу, саясый, экономикалык жана социалдык реформалар жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү радикалдуу өзгөрүүлөр менен коштолду. Билим берүү, анын ичинде жогорку билим берүүнү жөнгө салган жаңы мыйзамдык, укуктук-ченемдик базалары түзүлдү. Ага ылайык жогорку окуу жайлары структуралык өзгөрүүлөргө дуушар болду.

Билим берүүдөгү бул реформалар эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара байланыштарга да таасирин тийгизип, анын мазмунун, формасын жана багыттарын өзгөрттү. Ошондуктан биз проблеманы изилдөөдө мына ушундай тарыхый мааниге ээ болгон коомдогу учурду конкреттүү процесс катары иликтөөгө мүмкүнчүлүк берген историзм принцибин колдондук. Анткени, аталган принцип тигил же бул тарыхый окуяларды мааниге жана убакытка карап өзгөрүп турган конкреттүү процесс катары изилдөөгө жол ачат. Анткени тарыхый процесстерди, окуяларды илимий жактан изилдөөдө тарыхчылар тарабынан жыйналган таасирдүү фактылар жана окуялар да бири биринен өзүнчө турганда илим боло албайт жана илимий изилдөө талап кылган нормаларга жооп бере албайт. Ал эми чогултулган, ыраатталган фактылар бизди өткөндөн азыркыга алып келген конкреттүү, ирettүү жана үзгүлтүксүз процессти туюндурган окуялардын бирдиктүү курамын түзүп турса бул башка иш [198]. Демек, историзм принциби тарыхый окуялардын үзгүлтүксүз процессин, иретин жана конкреттүүлүгүн талап кылат. Ошондуктан, биз изилдөөгө алган хронологиялык мезгилдеги Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштарынын тарыхый конкреттүүлүгүн, ал байланыштардын мезгили жана багыттары боюнча иреттүүлүгүн, ошондой эле бул байланыштарды аныктап, айгинелеп турган көрүнүштөрдүн, фактылардын жана окуялардын үзгүлтүксүз процесс катары карап, аны анализдеп жана жыйынтыгын чыгарууда историзм принциби башкы методологиялык негиз боло алды. Биринчи кезекте, биз изилдөөгө

алган 1991-жылдан 2011-жылга чейинки учурду камтыды. Анткени бул аралык конкреттүү тарыхый мааниге ээ. “Историзм принцибине ылайык объективдүү дүйнөнүн өнүгүү процесстери чындыкта кандай болгон болсо ошондой каралышы керек. Кайсы гана көрүнүш же предмет болбосун конкреттүү тарыхый шарттарда жана байланыштарда каралган шартта гана түшүнүктүү боло алат жана туура баасын ала алат” [210]. 1991-жылы Кыргызстан да, Россия Федерациясы да саясый башкаруусу бир системадан экинчи системага өттү, эгемендүүлүккө ээ болушту. Бул чоң тарыхый окуядан кийин эгемен эки мамлекетте саясый, социалдык-экономикалык реформалар, кайра түзүүлөр жана жаңыча өнүгүүгө жол ачкан өзгөрүүлөр болуп өттү. Бул аралыкта эки өлкөнүн билим берүү чөйрөсүндө, айрыкча жогорку билим берүүдө конкреттүү жана ырааттуу реформалар жүрдү. Ал жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү ишмердиктин багыттарын өзгөрттү, башкаруу структурасындагы өзгөрүүлөрдү жаратты, билим берүүнүн мазмунун жана масштабын кеңейтти. Реформага ылайык жогорку окуу жайларында рынок экономикасы талап кылган заманбап жаңы адистиктерди даярдоо башталды. Жогорку билим берүүнүн дүйнөлүк билим берүү стандарттарына ылайыкташтырылган жаңы мыйзамдык жана актылык-ченемдик нормалары түптөлдү. Эгемендик алгандан кийинки алгачкы жылдарда Кыргыз Республикасынын да (1992-ж), Россия Федерациясынын да (1992-ж) “Билим берүү жөнүндөгү” жаңы мыйзамдары кабыл алынды. Мыйзамга ылайык Кыргызстандын жана Россиянын жогорку окуу жайларынын эл аралык байланыштары жана кызматташуулары активдешти жана масштабы, багыттары кеңейди. Эки өлкөнүн тең жогорку билим берүү чөйрөсү дүйнөлүк билим мейкиндигине кошулууга далалатын жасады жана бул биз изилдөөгө алган тарыхый аралыкта эки өлкөнүн тең жогорку билим берүү чөйрөсү интеграция багытында белгилүү кадамдарды коё алды жана ийгиликтерге жетишти. Мында айрыкча Кыргызстандын билим берүүсүн эл аралык билим мейкиндигине кошулуусунда Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен болгон өз ара көп тараптуу байланыштары

олуттуу мааниге ээ болгон. Демек, Кыргызстан жана Россиянын жогорку окуу жайларынын ортосундагы өз ара байланыштар биз изилдөөгө алган тарыхый аралыкта активдүүлүккө жана көп түрдүүлүккө ээ болгон жана Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын эл аралык билим мейкиндигине чыгуусуна чоң өбөлгө түзгөн. Ошону менен бирге бул биз иликтөөгө алган 1991-2011-жылдагы тарыхый аралыктын дагы бир олуттуу мааниси – эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы байланыштардын натыйжасында Кыргызстандын жогорку окуу жайлары мазмундук жана методикалык жактан жаңы баскычка көтөрүлө алды, айрыкча жаңы адистиктерди даярдоодо Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары окуу, методикалык жактан колдоолорду ырааттуу көрсөтүп келди. Кыргызстандын көп жаштарына бюджеттик негизде билим берип, жаңы адистиктерди алуусуна шарт түздү. Мунун өзү рынок экономикасы жаңыдан түптөлүп келаткан Кыргыз Республикасы үчүн чоң экономикалык колдоо болду.

Экинчиден, коомду изилдөөдө историзм принциби маңызсыз, жарк эткен утурумдук тенденцияларды абсолютизациялоодон оолак болууга мүмкүндүк бергенин эске алсак, ар кандай элдин аң сезимине бүлүк салган утурумдук ойку-кайкы тенденцияларга анализ менен кароого, анын ичинен тарыхый чындыкты жана маанини иргеп алууга жардам берет. Историзм принцибин окумуштуулар өткөн жана болуп жаткан ар кандай кубулуштардын гана себептерин аныктоого жардам бербестен, келечек тууралуу негиздүү божомол айтууга жана келечектеги социалдык өзгөрүүлөрдүн стратегиясын иштеп чыгууга да өбөлгө болоорун айтышат. В.В.Деркач “Историзм принциби конкреттүү өз ара байланыштардын негизинде келечектеги өнүгүүнүн моделин түзүүгө да мүмкүнчүлүк берет”, - дейт [206].

Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарын историзм принциптеринин негизинде

кароо бул байланыштардын келечеги тууралуу илимий иште жыйынтыктарды чыгарууга бизге өбөлгө боло алды.

Ошондой эле историзм нерсени жана көрүнүштү алардын калыптануусунда жана өнүгүүсүндө, аларды пайда кылган шарттар менен органикалык байланышта таанып билүү принциби болуп саналат. Ал көрүнүштөрдүн пайда болуусун, андан ары өнүгүү тенденцияларын изилдейт. Бул алкактан алып караганда историзм Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарынын калыптануусун, анын этаптарын жана бул байланыштардын келип чыгуусун( муктаждыгын) пайда кылган коомдогу социалдык-экономикалык, маданий шарттарды жана өбөлгөлөрдү да анализдеп-талдоого мүмкүнчүлүк берди. Ошондой эле историзм принциби эки өлкөнүн ортосундагы салт болуп келаткан илгертен берки көп тараптуу кызматташуу жана өз ара алака жогорку окуу жайлар ортосундагы байланыштарды камсыздоодо кандай негиз болгону тууралуу да изилдөөгө өбөлгө боло алды. Башкысы эки өлкөнүн жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштарын изилдөө бул алакалардын келечектеги өнүгүү тенденциялары кандай нукта болоору тууралуу да жыйынтык алууга мүмкүн болду.

Ал эми илимий объективдүүлүк принциби болсо диссертантка изилденип жаткан проблемаларды калыс карообо, тактап айтканда позитивдүү да, негативдүү да жактарын ачып берүүгө шарт түздү. Ошондой эле диссертант изилдөө учурунда жалпы тарыхый методдор болгон салыштырма талдоону, хронологиялык, тарыхый-системдик ыкманы жана жалпылоону колдонду. Анткени коюлган маселе ушундай методологиялык негизге муктаж болгон. Кыргызстанда биринчи ирет 20 жылдык конкреттүү тарыхый аралыктагы Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын ортосундагы өз ара байланыштарынын маселелери иликтөөгө алынды. Эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарынын 20 жыл ичиндеги өнүгүү динамикасын талдоодо салыштырма талдоо (компаративдик) ыкма колдонулду. Салыштырма-

тарыхый метод – бири бири менен салыштыруунун жардамы аркылуу ар түрдүү өлкөлөрдүн жана элдердин өнүгүүсүндөгү, жалпы эле адамзаттын өнүгүүсүндөгү жалпылыкты жана өзгөчөлүктөрдү табуу болуп саналат. Бул метод коомдук өнүгүүнү мезгилдерге бөлүп кароого мүмкүндүк берет жана ал ар түрдүү коомдордун өнүгүүсүн салыштырууда жана баа берүүдө теориялык негиз болуп саналат [211]. Бул ыкма диссертацияда изилдөөгө алынган эки өлкөнүн жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара байланыштарынын өйдө-ылдый, аз-көп, жактарын, жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн салыштырып аныктоого өбөлгө болду. Салыштырма талдоо Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын Россиянын жогорку окуу жайлары менен байланыштарын башка өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары менен байланыштарына салыштыруу менен андагы жалпылык менен катар бир топ көп тараптуу, активдүү болгон өзгөчөлүгүн аныктоого мүмкүндүк берди. Ошону менен бирге салыштырма талдоо ыкмасы Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара байланыштарын кайсы багыттагысы активдүү жана жемиштүү иштеп жатканы, кайсы багыттагы байланыштары активдешпей жатканы тууралуу да жыйынтыктарды чыгарууга өбөлгө болду.

Хронологиялык - тарыхый ыкма болсо 20 жыл аралыгындагы Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара байланыштарды мезгили боюнча хронологиялык тартипте жана ырааттуулукта кароого жол берди. Ар бир тарыхый учурду талдап, баа берүүгө шарт түздү.

Андан тышкары бул изилдөөнүн айрым учурларында тарыхый-генетикалык жана тарыхый-типологиялык ыкма да колдонулду.

Тарыхый-генетикалык ыкма тарыхый өнүгүүнүн процессинде изилденип жаткан объекттин функцияларын, касиеттерин жана өзгөрүүлөрүн ырааттуулукта кароо болуп саналат. Билим берүү, анын ичинде жогорку билим берүү коомдо социалдык институт катары тарыхый өнүгүү процессинде бир канча маанилүү функцияларды аткарат. Алсак,

азыркы учурдагы жогорку билим берүү системасынын төмөнкүдөй бир нече функциялары бар: гуманистикалык – инсандын интеллектуалдык, нравалык физикалык потенциалдарын аныктоо жана өнүктүрүү, кесиптик-экономикалык билимдүү, маалыматтык жана илим изилдөөчү тажрыйбаларга ээ квалификациялуу адистерди даярдоо, социалдык-саясый - белгилүү социалдык статуска ээ болуу, адисти гана эмес, жаранды да даярдоо, маданий – маданияттын жетишкендиктерин өзүнө сиңирүү, чыгармачылык жөндөмдү өнүктүрүү, адаптациялык - инсанды коомдогу жашоого жана эмгекке даярдоо [194]. Жогорку билим берүүнүн мына ушундай функциялары канчалык ырааттуу, туруктуу жана сапаттуу ишке ашып жатканына эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара карым-катыштын таасири канчалык экени да изилдөөдө эске алынды. Кыргызстандык жыл сайын жүздөгөн жаштардын рынок экономикасы учурунда зарыл деп эсептелген жаңы адистиктерди өздөштүрүү үчүн Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларына барып билим, кесип алуусу Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө чоң мааниге ээ болгон. Ошондой эле Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын ортосундагы илимий, методикалык жана башка кызматташуулар Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн коом алдындагы аткарган функцияларынын сапаттык өзгөрүүсүнө түздөн-түз таасир бергенин изилдөө көрсөттү. Ал эми диссертациялык изилдөөдө Кыргызстандын жана Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарынын негизги багыттарын классификацялоодо тарыхый-типологиялык метод колдонулду. Анткени тарыхый-типологиялык методду колдонууда тарыхый окуяларды жана көрүнүштөрдү классификациялоо жүзөгө ашат [212].

Жалпылап айтканда, эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара байланыштар 20 жыл аралыгында өзүнүн ар тараптуулугу жана көп түрдүүлүгү менен айырмаланды жана аталган параграфта иштин теориялык-методологиялык негизин изилдөөнүн атайын жана жалпы илимий

ыкмаларынын жыйындысы түзөөрү белгиленип, диссертациялык иштин изилдөө ыкмасы объективдүүлүк жана тарыхыйлуулук(историзм) принциптерине негизделип жазылгандыгы көрсөтүлдү.

## III бап. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын эгемендүүлүк мезгилдеги байланыштары

### 3.1. Кыргызстандын жана Россиянын инженердик-техникалык жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы.

Бул параграфта Кыргызстан менен Россиянын изилденип жаткан мезгилдеги инженердик-техникалык жогорку окуу жайларынын

кызматташтыгы жана алардын интеграцияланышындагы ролу талдоого алынды.

Дүйнөлүк система бүгүнкү күндө адамзаттын ишмердүүлүгүнүн ар кандай тармактарында болуп жаткан көптөгөн процесстердин жалпылыгы менен мүнөздөлөт. Азыркы учурда тездик менен өзгөрүп турган дүйнөнүн чакырыктарына жооп берүүчү кызматташтыктын маанилүү чөйрөсү катары таанылган жогорку кесиптик билим берүү тармагы да бул процессте орчундуу орду бар.

Эгемендүүлүккө жеткен кыргыз элинин тарыхы билимдүү кыргыз жаштары менен дайыма толукталып, бүтүндөлүп коомду алдыга жылдыруудагы чоң ийгиликтерди жаратып келген. Мына ушундай билимдүү кыргыз кадрларынын пайда болушуна, албетте, кеңеш мезгилинен эле салтка айланган Кыргызстандын жана Россиянын жогорку окуу жайларынын байланыштарынын калыптанышынын тарыхы далил боло алат.

Кеңеш мезгилинде калыптанып калган жогорку окуу жайларынын байланыштары, СССР жоюлгандан кийин деле эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында эле, рынок экономикасынын татаал процесстерине карабастан калыбына келтирилип, өз ишмердиктерин башташкан.

ХХкылымдын 90-жылдары башталган рынок экономикасына Кыргызстандын тездик менен өтүүсү мамлекеттик каржылоодо турган бардык мекемелерди, чөйрөлөрдү оор абалга алып келген. Алардын ичинен жогорку билим берүү системасы баарынан кыйын акыбалда калган. Бул тармак ишмердигин жүргүзүү үчүн өз алдынча акча табууга багытталган колдо болгон бардык ресурстарды жумшоого аргасыз болгон. Мамлекет жогорку окуу жайларын мурдагыдай каржылай албай калгандан кийин окуу жайларга чарбалык жана академиялык өз алдынчалыктарын кеңейтип, экономикалык эркиндиктерди берген. Ушуга байланыштуу жана оор каржылык абалдан чыгуу үчүн билим берүү мекемелеринде донор уюмдар, чет өлкөлүк билим берүү структуралары менен кызматташуу зарылдыгы жаралган.

Анткени жогорку билим билим берүү системасы рынок экономикасына жана ачык, демократиялык коомдун принциптерине төп келбей, рыноктук шарт кесиптик билим берүүнүн мазмунун, структурасын, түрлөрүн жана башкаруу ыкмаларын өзгөртүүнү талап кылган. Анын үстүнө мамлекет экономикалык реформалардан улам кризиске кабылып, жогорку билим берүү тармагын каржылай албай калган.

Ушундай эле көрүнүш Россия Федерациясында да орун алган. 1992-1998-жылдарда бул өлкөдө да каржылоонун жетишсиздигинен абдан көп кыйынчылыктарга тушугуп, билим берүү системасы болгону 60-70 %га гана каржыланганын окумуштуулар В.М. Филиппов жана В.Н.Чистохвалов өздөрүнүн изилдөөсүндө белгилешкен. 90-жылдардын орто ченинде Россияда илимпоздор, чет тилин билгендер, жогорку окуу жайларын таштап, башка чөйрөдөн жумуш издеп, же чет өлкөгө кете баштаган [182].

Жогорку билим берүүнү өнүктүрүү, билим берүүнүн жетишкендиктеринин тарыхый байланышын камсыздоо, улуттук маданий салттарды сактоо, билим берүү системасынын кызматкерлерине артыкчылык менен колдоо көрсөтүү, алардын коомдогу социалдык статусун, кадыр-баркын көтөрүү ж.б. сыяктуу маанилүү жагдайлар эске алынып, мамлекет тарбынан мыйзам, жарлыктар иштелип чыккан. Мисалы, 1991-жылы 11-июнда Россия Федерациясынын “билим берүүнү өнүктүрүү боюнча кечиктирилгис чаралары жөнүндөгү” Жарлыгы чыгат [213]. Бул Жарлык Россия Федерациясындагы билим берүүнү модернизациялоого карата алгачкы кадамды жасоого өбөлгө болгон. Кыргызстан үчүн билим берүүнү реформалоого негиз берген алгачкы документ 1992-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы болгон. Ушундай эле мыйзам 1992-жылы Россия Федерациясында кабыл алынган [13]. Аталган мыйзамдар Кыргызстандагы жана Россия Федерациясындагы билим берүүдөгү, анын ичинде жогорку билим берүү чөйрөсүнүн өнүгүшүнө жол ачкан.

Ал эми, эгемен эки өлкөнүн өз ара кызматташуусунун баштапкы укуктук документи болуп 1991-жылдын 21-июлунда кол коюлган “Кыргыз Республикасы менен РСФСРдын ортосундагы мамлекеттер аралык мамилелердин негиздери жөнүндөгү Келишим” эсептелет. Бул Келишим эгемендүүлүктүн алгачкы жылында кабыл алынып, эки мамлекеттин тарыхый жактан калыптанган бекем байланыштарына өз элдеринин, салт болуп калган жакшы санаалаштыгына, достугуна жана өз ара аркеттерине негиз болуп берген.

1991-жылдын 25-декабрында РСФСРдын мамлекеттик аталышы жөнүндөгү мыйзамына (№ 2094-1) “Россия Федеративдик Советтик Социалисттик Республикасы”, мындан ары “ Россия Федерациясы” деп атоо боюнча мыйзам кабыл алынган. [231] Буга ылайык жогоруда аталган Келишим кайрадан каралып 1992-жылдын 10-июнунда “Кыргыз жумурияты менен Россия Федерациясынын ортосундагы достук, кызматташтык жана өз ара жардамдашуу жөнүндөгү Келишимге” кол коюлат.[7] Бул Келишимге ошол кездеги Россия Федерациясынын президенти Б. Ельцин жана Кыргыз Республикасынын президенти А. Акаев кол коюшкан.

Бул Келишимдин 25-26-статьялары жогорку окуу жайларынын илим-изилдөө, кадр даярдоо, илимпоздорду, адистерди, аспиранттарды, студенттерди жиберүү, ж.б. боюнча байланыштарды жүргүзүүдө жагымдуу шарттарды түзүү боюнча иштелип чыккан. Келишим он жылдык мөөнөткө түзүлгөн.

Ал эми билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара байланыштардын мыйзамдык жана институционалдык негиздери Кыргыз Республикасынын бир канча мыйзамдарында жана башка нормативдик-укуктук базаларында бекитилген. Андан тышкары жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү орус-кыргыз кызматташтыгын жүзөгө ашыруу боюнча да бир топ нормативдик-укуктук базалар иштелип чыгып, кабыл алынган:

Бул документтер 1991-жылдан бери башталган эки өлкөнун жогорку окуу жайларындагы реформа процессин тездетүүгө өбөлгө болгон. Ошондой

эле алар модернизациялоодогу башкы милдеттердин бири - эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы байланыштарды уюштурууга да багытталган.

Эгемендик алган Кыргызстан жогорку билим берүү чөйрөсүндө дүйнөдөгү алдыңкы өлкөлөрдүн, элдердин билим берүү системасындагы мыкты үлгүлөрдү пайдаланганга умтулган. Жогорку билим берүү системасын жакшыртуу Кыргыз мамлекетин өнүктүрө турган, анын жаштарын дүйнөлүк билим жайыгына кошо турган мүмкүнчүлүктөрдүн бири болгон. Кыргызстандын дүйнөлүк деңгээлдеги адистерге даярдоо боюнча атаандаштыгын камсыз кыла турган жогорку билим берүү системасын түзүү башкы милдет. Анткени, жогорку окуу жайларында эл аралык стандартка багыт алган реформа жүргүзүлүүгө тийиш болгон. Бирок советтик билим берүү системасындагы мыкты салттарды сактоо менен реформанын милдети - калыптанып жаткан жарандык коомдун демократиялануусуна өбөлгө болуу, улуттук маданиятты жаңы сапатка көтөрүү, глобализация жана интеграция көрүнүштөрүн жаңыча түшүнүү эле [129]” .

Жогорку билим берүү системасын реформалоонун негизги багыттары Кыргыз Республикасынын 1992-жылы кабыл алынган “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамында көрсөтүлгөн, тактап айтканда анда билим берүү системасындагы менчиктин, билим жана кесип берүү багытындагы кызмат көрсөтүүнүн түрлөрү, формалары жана билим берүүнүн деңгээлдери боюнча диверсификация жүргүзүү, окуу жайларга академиялык эркиндик берүү, билим берүү мекемелерин башкарууну демократиялаштыруу сыяктуу маанилүү учурлар каралган. Мисалы, аталган мыйзамдын 3-беренесинде илимий жетишкендиктерге жана эл аралык стандарттарга багыт алуусу, билим берүүнүн саясый жана диний институттардан көз карандысыздыгы, билим берүү мекемелеринин окутуу формалары боюнча көп түрдүүлүгү, билим берүүнүн альтернативдүү мекемелеринин жана билим берүүнүн мамлекеттик эмес структурасынын иштөө мүмкүнчүлүгү каралган. Натыйжада, мыйзамга ылайык, менчик окуу жайлары пайда болуп,

окутуунун контракттык формасы киргизилип, жогорку окуу жайлардын көрсөткөн билим берүү кызматтары бир кыйла кеңейди.

1992-жылдан баштап жогорку окуу жайлардын саны кескин көбөйүп, аларда көп баскычтуу системада кадрларды даярдоо башталат. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү мыйзамынын 22-беренесинде көрсөтүлгөндөй, орто, орто кесиптик жана жогорку билимдин негизинде билимин тереңдетүү жана кеңейтүү үчүн инсандын муктаждыктарын канааттандыруу максатында жогорку кесиптик билим берүү бакалаврларды, адистерди жана магистрлерди даярдоону жана кайрадан даярдыктан өткөрүүнү камтыйт. Бирок жогорку көбү салт болуп калган 5 жылдык адистерди даярдоого көнүл бөлүшөт да бакалавр деңгээлин кабыл албаган тенденция сактала берген.

Кыргызстанда да, Россияда да реформага ылайык жогорку окуу жайлары тез арада көбөйгөн. Мисалы, Кыргызстанда эгер 1990-жылы 9 жогорку окуу жайы болуп, анда 58,8 миң студент окуса, 2002-жылы жогорку окуу жайлардын саны 6 эсеге, ал эми аларда окуган студенттердин саны 3,5 эсеге көбөйгөн.

Бул калктын билимдүүлүгүнүн жалпы көрсөткүчүн жогорулаткан, эгер 1990-жылы 10 миң адамга 130 студент тура келсе, 2002-жылы 410 студент туура келген. Бул окуу жайлардын көбөйүшу жаңы окуу жайлардын ачылышы жана мурдагы окуу жайлардын аймактардагы филиалдарынын ачылышы менен түшүндүрүлөт. Ушул жылдар аралыгында республикадагы жогорку окуу жайларда студенттер 230 адистиктер боюнча окушкан [141].

Буга кошумча жогорку окуу жайларынын бир гана мамлекетке таандык болбой аларга менчиктин башка түрлөрүнүн да киргизилиши жаңы жогорку окуу жайларынын тездик менен ачылуусуна шарт түзгөн. Таблица №3.1ди караңыз [141].

**Таблица № 3.1. - 1991-2001- жылдар аралыгындагы жогорку билим берүүнүн өнүгүүсүнүн негизги сандык жана структуралык көрсөткүчтөрү [141,237].**

| **Жылдары** | **1992** | **1995** | **1998** | **1999** | **2000** | **2001** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мамлекеттик жождордун саны | 13 | 22 | 28 | 26 | 30 | 32 |
| Жеке менчик жождордун саны | - | 10 | 13 | 13 | 15 | 16 |

**Булак: Краткий статистический сборник. Кыргызстан в цифрах 1996**.

Бул таблицадагы маалыматтарга таянсак, жыл сайын окуу жайлардын саны өскөн, аларда окуган студенттер көбөйгөн. Ошондой эле адистиктердин саны 83 төн 206га чейин жеткен. Болгону 10 жыл аралыгы үчүн бул өтө чоң ылдамдыктагы өсүү болуп саналат. Анткени бул жерде бакалавр багыттарындагы адистиктерди кошкондо алардын саны дагы 87ге көбөйөт.

Россия Федерациясында да реформанын жүрүшү менен ушундай эле көрүнүш болгон. Анткени, 90-жылдардагы башталган базар экономикасынын таасири жаңы мамлекеттик эмес жогорку окуу жайларды пайда кылган. Мисалы, 1990-93-жылдарга чейин мамлекеттик жогорку окуу жайлардын саны 514төн 535ке жеткен болсо, ал эми 1994-окуу жылынан баштап мамлекеттик эмес жогорку окуу жайлары ачылып өз ишмердиктерин баштаган. РФдагы жогорку окуу жайларынын сандык көрсөткүчүн төмөндөгү таблица №3.2. көрүңүз.

**Таблица №3.2. - 1991-2001- жылдар аралыгындагы Россия Федерациясындагы жогорку окуу жайларынын жана студенттеринин сандык көрсөткүчтөрү [229].**

| **Жыл-ы** | **1992** | **1993** | **1994** | **1995** | **1996** | **1997** | **1998** | **1999** | **2000** | **2001** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Мамл. ЖОЖдор | **519** | **535** | **548** | **553** | **569** | **573** | **578** | **580** | **590** | **607** |
| Мамл. эмес ЖОЖдо | **0** | **0** | **78** | **157** | **193** | **244** | **302** | **334** | **349** | **358** |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| р | | | | | | | | | | |
| Студ-р саны (миң адам) | **2762** | **2638** | **2542,9** | **2534** | **2790** | **2534** | **2655** | **2802** | **3248** | **3597** |
| Мамл. эмес ЖОЖдо студ-р саны | **0** | **0** | **0** | **40,5** | **44,2** | **110** | **135** | **162** | **201** | **250** |

**Булак: статистический анализ состояние и проблем российского образования/ cyberleninka.ru**

Жогорудагы таблицада көрүнүп тургандай билим берүү тармагында жүргүзүлгөн реформалардын жүрүшүндө Россия Федерациясында да мамлекеттик эмес окуу жайлардын көбөйүшү менен коштолгон. Россия Федерациясында алгачкы менчик жогорку окуу жайлары 1994-жылдан баштап ачылган. Мисалы, 1994-жылы 78 менчик жогорку окуу жайы ачылса, бул көрсөткүч 2000-жылы 358ге жеткен. Бирок аларга тапшырып окугандардын саны өтө аз болгон[230] Анткени, мурунтан калыптанып калгандай мамлекеттик жогорку окуу жайга элдин ишеним артуусу артыкчылыкка ээ болгон.

Эки мамлекеттин жогорку окуу жайларынын сандык көрсөткүчү гана өспөстөн, аларда рынок экономикасынын талаптарына ылайык жаңы, ар кандай багыттагы инженердик-техникалык, социалдык- экономикалык, гуманитардык ж.б. адистиктерди даярдоо мезгил талабы болгон.

90-жылдардын башында Кыргызстанда инженердик –техникалык багыттагы адтистерди даярдоочу жалгыз жогорку окуу жайы Фрунзе политехникалык институт эсептелген. Бул институт Кыргызстанда жогорку квалификациялуу кадрлардын жетишсиздигинен улам 1954-жылы 1-сентябрда ишке берилген.

1992-жылы политехникалык институттун базасында И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик Техникалык университети жана Кыргыз архитектуралык курулуш институту түзүлөт. Ал эми 1993-жылы Кыргыз Тоо-кен металлургиялык институту ачылат. 1997-жылы Ош технологиялык, 1998-жылы Кыргыз архитектуралык курулуш институтунун базасында Кыргыз Республикасынын Президентинин УП-№11 буйрутмасынын негизинде Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик Курулуш, транспорт жана архитектура университеттери ачылган. Бул окуу жайлар ачылган күндөн баштап эле дүйнөлүк билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык кадрларды даярдоону максат кылышкан. Бул максат кызматташтыкты өнүктүрүүгө жана интеграцияланууга алып келген.

.Кеңеш мезгилинде эле калыптанган россиялык жана кыргызстандык инженердик-техникалык жогорку окуу жайлары ортосундагы байланыштар, Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнө ээ болуу менен үзгүлтүккө учураган жок.

Кыргыз Техникалык Университети көп баскычтуу билим берүүгө өтүп жатып, Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын бир канча профессорлорун чакырып, алардын лекцияларын угуп, тажырыйбаларын бөлүшкөн. Алсак, аталган окуу жайдын Машина куруу факультети 1992-жылы ушул жылдын 14-сентябрынан 20-сентябрына чейин Москва Мамлекеттик Техникалык Университетинин профессору, техника илимдеринин доктору Л.И.Волчкевичти атайын чакырып, анын бакалаврларды даярдоо боюнча окуу процессин уюштуруу, окутуу проблемалары тегерегинде лекцияларын угушкан жана ошондой эле ал аспиранттарга жана изденүүчүлөргө консультацияларды өткөргөн [98]. Ошондой эле 1992-жылы Россия Федерациясынын Хакасия Республикасынан профессор Н.П.Балахчина да Кыргыз Техникалык Университетинин чакыруусу менен келип, бир жума бою көп баскычтуу жогорку билим берүүгө өтүүдө аталган окуу жайга методикалык жана уюштуруу иштери боюнча көмөгүн көрсөтөт

Ошондой эле, Кыргыз Тоо-металлургия институту да Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары Москва Тоо университети, Москва Мамлекеттик Университети, Москва болот жана эритиндилер институту, Сибир мамлекеттик геодезия академиясы менен келишимдик негизде кызматташып келген.

Андан тышкары Россия Федерациясынын Улуттук Академиясы жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Академиясынын ортосунда Келишим, ошондой эле илимий-техникалык кызматташтык жаатындагы бир канча Келишимдер Кыргызстан менен Россиянын илимий изилдөө институттарынын жана жогорку окуу жайларынын ортосунда түзүлгөн. Бул окумуштуулардын да илимий алакаларды түзүүсүнө өбөлгө болгон. Мисалы, 1993-94- жылдары кыргызстандык белгилүү окумуштуу С.Кадыров Санк-Петербургда өткөн "Мейкиндик.Убакыт жана тартылуу" деген аталыштагы эл аралык конференцияга эки жолу чакырылып катышып келген [144].

Ал эми, 1993-жылы 1-июлда жогоруда кабыл алынган документтерге ылайык К.И.Скрябин атындагы Кыргыз Айыл чарба институту Санк-Петербург Мамлекеттик Агрардык университетине караштуу өзүнүн "Пушкинский" - физикалык методдор илим изилдөө лабораториясынын филиалын түзүү жана бул "Урожай" бейөкмөт уюму менен түзүлгөн келишимдердин жана макулдашуулардын негизинде жүзөгө ашуусу керектиги тууралуу чечим кабыл алган [104].

1994-жылдын 13-декабрында Россия Федерациясынын жогорку билим берүү боюнча Мамлекеттик комитети Россия Федерациясындагы Кыргызстандын элчилигине атайын кат жолдойт. Анда Москва шаарында элдердин достугу Россия Университетинин базасында өтүүчү россиялык жогорку окуу жайлардын эл аралык кызматташтыгы маселелери боюнча кеңешмеге кыргызстандык ыйгарым укуктуу өкүлдү келип катышууга чакырат [51]. Албетте, бул иш чара өз убагында эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын өз ара байланышынын активдешүүсүнө белгилүү деңгээлде өбөлгө болгон.

Изилдөөгө алган жылдары өлкөбүздөгү тунгуч техникалык жогорку окуу жайы болгон Кыргыз Техникалык Университети 1996-жылы Программалоо боюнча Дүйнө биринчилигине катышуу үчүн өзүнүн 3 студентин жана бир окутуучусун Санк-Петербург шаарындагы так механика жана оптика институтуна жиберет [116].

Кыргызстан менен Россия Федерациясынын ортосунда түзүлгөн достук, кызматташтык жана өз ара жардам берүү тууралуу Келишимдин негизинде маданият, илим жана билим чөйрөсүндөгү бир катар Келишимдерге кол коюлган [186,456]. Алардын ичинде Россия Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн илимий-техникалык кызматташтык жөнүндөгү 1997-жылдын 10-октябрындагы Келишиминде илимий алакалардын негизги принциптери жана формалары аныкталган.

Келишимдин 1-беренесинде: ”Тараптар илимий-техникалык кызматташтыкка зарыл болгон уюштуруучулук, укуктук жана каржы-экономикалык шарттарды түзүү менен тең укуктуу жана өз ара пайдалуу принциптердин негизинде биргеликте аракеттенишет” деп жазылган.

Ошондой эле аталган документте илимий-техникалык кызматташтыктын төмөнкүдөй негизги формалары аныкталган:

- Эки өлкөдө илимий-техникалык саясатты калыптандыруу жана жүзөгө ашыруу маселелери боюнча өз ара консультацияларды өткөрүү;
- Биргелешкен программаларды жана долбоорлорду ишке ашыруу;
- Биргелешкен илимий-изилдөө уюмдарын, биргелешкен утурумдук илимий коллективдерди, инновациялык мекемелерди түзүү;
- Эки өлкөнүн илимий-изилдөө мекемелеринде, өнөр жай ишканаларында, жогорку окуу жайларында, технопарктарда биргелешкен илимий иштерди жүргүзүү;
- Биргелешкен талаа изилдөөлөрүн жана эксперименттерди өткөрүү;
- Биргелешкен семинарларды, илимий конференцияларды, жумушчу жолугушууларды жана көргөзмөлөрдү уюштуруу.

Мындан тышкары Кыргызстан менен Россия Федерациясынын илим чөйрөсүндөгү кызматташтыгы 1997-жылы кабыл алынган төмөнкүдөй бир канча документтерге да негизделген: Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен Россия Федерациясынын өкмөтүнүн ортосундагы илимий-техникалык кызматташтык жөнүндөгү Келишим, Кыргыз - Россия өкмөттөр аралык соода-экономикалык жана илимий-техникалык кызматташтык боюнча биргелешкен комиссияны түзүү жөнүндөгү Протоколу, Кыргыз Республикасынын өкмөтү жана Россия Федерациясынын өкмөтү ортосундагы Бишкек шаарындагы Россия илимдер академиясынын жогорку температуралар Биргелешкен институтунун илимий станциясынын жана тажырыйба-методикалык электромагниттик экспедициясынын укуктук жана мүлктүк статусу жөнүндөгү Протоколу, Кыргыз Республикасынын өкмөтү жана Россия Федерациясынын өкмөтү ортосундагы Бишкек шаарындагы геодинамикалык полигондун эл аралык илим-изилдөо борборун түзүү жөнүндөгү Келишимдерин айтсак болот [187,181].

Кеңеш мезгилинде эле Кыргызстан менен Россиянын инженердик – техникалык окуу жайлары байланышып адис даярдоо, илим –изилдөө. квалификациясын жогорулатуу ж.б. боюнча кызматташып келишкен. Мисалы, Россиянын ошондой эле жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн өнөр-жай тармактарына ар түрдүү дүйнөлүк деңгээлдеги жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо жагынан өзүнүн жетишкендиктери катары белгилүү болгон. ири россиялык университеттер мисал боло алат. Алардын арасында Улуттук изилдөө университети "Москва энергетика институту" (УИУ, МЭИ), Москва автомобил-жол институту (МАДИ), Д. Ф. Устинов атындагы Балтика Мамлекеттик техникалык университети. (БГТУ "ВОЕНМЕХ"), Санкт-Петербур маалыматтык технологиялар, механика жана оптики мамлекеттик университети (СПбГУ ИТМО), Томск политехникалык университети (ТПУ) ж. б. атоого болот.

Анткени, Россия Федрациясынын жогорку окуу жайларынын бири Москва шаарындагы Москва энергетика институту. Бул институт 1930-жылы

түзүлүп, энергетика, электротехника, маалыматтык технология ж.б тармактагы адистерди даярдаган. Институт 2010-жылдан баштап Улуттук изилдөө университети (НИУ) деген статусту алган.

Биз сөз кылып жаткан Москва энергетика институту кеңеш мезгилинде илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо ишинде Фрунзе политехникалык институтунун энергетика факультети үчүн базалык жогорку окуу жайы болуп эмгектенген. Ошол жылдары Фрунзе политехникалык институтунун 3-курсунун студенттери, Россиянын Москва энергетика институтунун үчүнчү курсуна которулуп, окуусун бүткөндөн кийин белгиленген үлгүдөгү диплом алууга мүмкүнчүлүк берилген.

Ошондой эле, Д.Ф. Устинов атындагы Балтика Мамлекеттик техникалык университети. (БГТУ "ВОЕНМЕХ"), мурда Ленинград аскердик-механикалык институту болуп турганда да, Кыргыз ССРинин коргонуу өнөр жай ишканалары үчүн инженердик кадрларды даярдап турган. Демек, 1997-жылы Бишкекте кыргыз-орус биргелешкен окуу борборун түзүү логикалык жактан туура кадам болгон. Анын базасында россиялык стандарттар боюнча адистерди даярдоо жүргүзүлгөн.

1997-жылдагы Россия Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн илимий-техникалык кызматташтык жөнүндөгү Келишими Россия менен Кыргызстандын инженердик-техникалык жогорку окуу жайларынын кызматташтыгына чоң жол ачып берген. Анткени, ошол эле жылы Россиялык стандартка туура келген адистерди даярдоочу Кыргызстанда Кыргыз-Орус биргелешкен окуу борбору түзүлгөн. Ошондой эле, 1998-жылдан тартып Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинде Кыргыз - Россия эл аралык факультети ачылган жана ушул эле жылы И. Раззаков атындагы Кыргыз Техникалык университети менен Н.Э. Бауман атындагы Москва Техникалык университети ортосунда кызматташтык жөнүндөгү Келишимге кол коюшкан.

Эки мамлекеттердин ортосундагы Келишимди дагы да бекемдеген 2000-жылдын 27-июлунда кол коюлган түбөлүк достук, союздаштык жана

өнөктөштүк жөнүндөгү Декларация кабыл алынат [186,172]. Бул документте эки өлкөнүн ортосундагы илимий-техникалык кызматташтыкты өнүктүрүү каралган. Анын ичинде билим берүүдө, жогорку кесиптик билим берүүдө жаңы технологияларды өздөштүрүү, билими тууралуу документтерди, окумуштуулук даражалардын жана наамдардын эквиваленттүүлүгүн өз ара таануу негизинде кадрларды даярдоо жана кайрадан даярдоо, жогорку билим берүүчү окуу жайлардын жана илимий мекемелердин ортосундагы илимий байланыштарды өнүктүрүүгө, адистердин тажырыйба алмашуусуна, квалификациясын жогорулатууга, лекцияларды чакырып окутууларга, студенттерди жана аспиранттарды алмаштырып окутуп даярдоого ж.б. көмөк көрсөтүү жагы каралган.

Эгемендик алгандан кийин Кыргызстан менен Россиянын илимий байланыштарына 2003-жылы кол коюлган Россиянын Илимдер Академиясы менен Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын ортосунда түзүлгөн кызматташтык жөнүндөгү Келишим негиз болгон. Келишимдин негизинде окумуштууларды алмаштыруу, симпозиум, конференцияларга катыштыруу, илимий эмгектерди акысыз жарыкка басып чыгаруу ж.б. ишмердиктер жүзөгө ашырыла баштаган [50].

Кыргызстан менен Россиянын илим жаатындагы эки тараптуу өз ара кызматташтыгы бир топ кеңири мүнөзгө ээ. Бул кызматташтык жаңы ишканаларды ачууга, жаңы жумуш орундарын түзүүгө да өбөлгө болот. Демек, илим чөйрөсүндөгү кызматташтыкты өнүктүрүү эки өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү десек да болот [167].

Мисалы, 1997- жылы Кыргызстанда түзүлгөн Кыргыз-Орус биргелешкен окуу борбору, 2004-жылы Д.Ф. Устинов атындагы Балтика Мамлекеттик техникалык университетинин филиалы болуп кайра түзүлгөн.

2006-жылы Россиянын Москва энергетикалык институтунун ректору С. Серебрянников жана И. Раззаков атындагы Кыргыз Техникалык университетинин ректору М. Джаманбаев "электр энергетикалык системалар жана тармактар", "Эсептөө машиналары, комплекстер, системалар жана

тармактар" адистиктери боюнча инженерлерди даярдоочу биргелешкен билим берүү программаларынын Келишимине кол коюшкан. Келишимдин максатын ишке ашыруу үчүн "МЭИ – КМТУ" биргелешкен факультети түзүлгөн.

Азыркы күндө Н.Э. Бауман атындагы Москва техникалык университетинин айкалыштыруу иштөө шартындагы окутуучусу, «машина куруу технологиясы» кафедрасынын доценти, Москва шаарындагы Россия Илимдер академиясынын ага илимий кызматкери Арзыбаев Алмаз Момунович, 2007-жылы И.Раззаков атындагы КТУда иштеп жүргөн мезгилинде келишимдин негизинде аспирантурага жиберилген. Аспирантураны 2010-жылы бүткөндөн кийин россиядагы жогоруда аты аталган окуу жайда иштеп калган.

2008-жылы декабрь айында Россия Федерациясынын Кыргызстандагы ошол маалдагы элчиси В.Власов Кыргыз Мамлекеттик Техникалык Университетиндеги жолугушууда аталган жогорку окуу жай инженердик-техникалык адистерди даярдоодо Россиянын ири жогорку окуу жайлары менен натыйжалуу кызматташып келе жатканын белгилеген [152].

Бул жолугушууда аталган жогорку окуу жайдын ошол маалдагы ректору М.Жаманбаев өзү жетектеген жогорку окуу жай менен Россия Федерациясынын алдыңкы техникалык жогорку окуу жайлары ортосундагы атайын келишимге ылайык бул өлкө кыргызстандык студенттер, магистранттар, аспиранттар жана докторанттар үчүн бюджеттик орундарды бөлүштүрүп берээрин белгилеген жана Келишимге ылайык алар окуусун аяктаган соң Кыргызстанга сөзсүз кайтып келишерин айткан [152].

Жаш окутуучулар кесиптик гана квалификациясын жогорулатпастан, илимий иштерин да өркүндөтүп, Россиянын массалык маалымат каражаттарына илимий макалаларын чыгарышкан. Ал эми бир топ жыл Москва шаарындагы Элдердин Достугу университетинде адегенде кесиптик жогорку билим алып, андан соң аталган окуу жайдын аспирантурасында окуп, илимдин кандидаты, кийин доктору болуп үзүрлүү иштеп, анан

Кыргызстанга  келген Т.Кубатбеков Россиянын агрардык билим берүү системасынын үлгүлүү жактарын өзү жетектеген Кыргыз Агрардык Университетине аз-аздан кийире баштаган. Алсак, электрондук китепканаларды уюштурган, бул студенттердин билим алуусуна ыңгайлуулукту жаратып, илимий булактар менен иштөөсүнө жол ачкан [166].

2009-жылы дагы бир «биргелешип студенттерди окутуу билим берүү программасыннын Келишимине кол коюлган. Анда алгачкы эки курсун Исхак Раззаков атындагы КМТУда окушуп андан соң Томск политехникалык университетинин бюджеттик орундарында 3-курстан баштап улап, бүтүрүү тууралуу макулдашуу болгон. Келечекте дипломдуу бакалаврлар өнөктөш ЖОЖдордо магистратурада жана аспирантурада окууга мүмкүнчүлүк алышкан.

Өз ара мамилелеш болуу менен бул эки мамлекеттин элдери бири - бирин жакшы билишкен, түшүнүшкөн, биргелешип рухий жана материалдык баалуулуктарды жаратышкан. Мунун баары аларды дагы да жакындаткан, тарыхый тагдырдын бирге экендиги тууралуу сезимди калыптандырган, муундар алдындагы биргелешкен өз ара жоопкерчиликти жаратқан [173, 5].

2009-жылдын 30-октябрында К.Скрябин атындагы Агрардык университетте “Кызматташтык аркылуу интеграцияга”(Болон процессинин контекстинде) аттуу тегерек столго Россия Элдердин Достугу университетинин  Агрардык факультетинин деканы В.Плющиков, Экология факультетинин деканы Н.Черных жана бир канча  окутуучулар келип катышышкан. Тегерек столдун жүрүшүндө эки окуу жай ортосунда студенттер, окутуучулар, аспирант, магистранттар менен алмашуу,окутуучулардын билимин өркүндөтүү тууралуу сүйлөшүүлөр болгон. Тегерек столдун негизги максаты Болон процессинин принциптерин ишке ашыруу боюнча тажырыйба алмашуу болгондуктан, катышуучулар бул маселе тегерегинде талкууларды өткөрүшкөн. Ошондой эле тегерек столдун жүрүшүндө Кыргыз Агрардык университетинин зоотехник адистиги боюнча окуган студенттер Россиянын Элдердин Достугу Университетинин да

дипломун кошо алыша тургандыгы тууралуу келишимге тараптар кол коюшкан [165].

2011-жылы Д.Ф. Устинов атындагы Балтика Мамлекеттик техникалык университетинин филиалы И. Раззаков атындагы КМТУга "КМТУ – БГТУ" биргелешкен долбоорун ишке ашыруу боюнча бөлүм катары интеграцияланган. И. Раззаков атындагы КМТУнун жана БГТУ "ВОЕНМЕХ ортосунда түзүлгөн "Кыргызстандын жарандарынын студенттерин биргелешип даярдоо жөнүндөгү" эки тараптуу келишимдин негизинде. эки өлкөнүн дипломун алууга. мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Жыйынтыктап айтканда, жогорку окуу жайлардын эл аралык кызматташтыгында Кыргызстан менен Россия Федерациясынын ортосундагы кызматташуу көп түрдүүлүгү жана туруктуулугу менен да айырмаланып турат.

Кыргызстан менен Россиянын инженердик – техникалык жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы кеңеш мезгилинен эле калыптанып калгандыктан эгемендүүлүк мезгилиндеги байланыштар интеграцияланып жыйынтыгында 2011-жылы 12- апрелде Москвада соода-экономикалык, илимий-техникалык жана гуманитардык кызматташуу боюнча кыргыз-орус Өкмөттөр аралык комиссиянын 13-отурумундагы эки мамлекеттин инженердик-техникалык жогорку окуу жайларынын концерциумду калыптандыруу Концепсиясынын протоколу сунушталды. Демек, изилдөөгө алынган инженердик-техникалык жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы дагы да келечектен көптү үмүттөндүрөт деп ишенебиз

## 3.2. Өлкөлөрдүн социалдык гуманитардык жогорку окуу жайларынын байланыштары

Россия Федерациясынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда 1995-жылы 27-мартта маданият, илим жана билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтык тууралуу Келишимге кол коюлган [12]. Ал эми 1996-жылы 19-мартта бул эки өлкөнүн Өкмөттөрүнүн ортосунда жогорку билим чөйрөсүндөгү кызматташтык тууралуу Келишимге кол

коюлат. Бул расмий документтер эки өлкөнүн жогорку окуу жайлар ортосундагы кызматташтыкты андан ары өнүктүрүүгө багыт берген жана негиз болгон.

Андан тышкары “XXI кылымдын кадрлары” президенттик билим берүү программасы 1995-жылы кабыл алынып, бул документтин алдына койгон негизги максаты - билим берүү жана илимий чөйрөдө эл аралык кызматташууну жана дүйнөлүк билим берүү системасына Кыргыз Республикасынын интеграциялануусун андан ары кеңейтүү болгон. Бул максаттарга жетүүдө Кыргыз Республикасынын президентинин көмөгү менен төмөнкү багыттардагы ишмердиктер пландалган:

Кыргыз Республикасында 1996-жыл «Билим жылы» делип жарыяланып, ушул жылы Президенттин Жарлыгы менен «Билим» улуттук программасы бекитилген. Бул улуттук Программага ылайык мамлекеттин билим берүү жаатындагы саясатынын негизги багыттарынын бири Ата Мекендик жогорку окуу жайларын эл аралык жогорку окуу жайлар мейкиндигине алып чыгуу, натыйжалуу интеллектуалдуу коммуникацияларды өнүктүрүү болгон [202].

“XXI-кылымдын кадрлары” жана “Билим” программаларынын максаттарын жүзөгө ашыруу үчүн өкмөттөр аралык келишимдердин негизинде окутуучуларды, стажерлорду, аспиранттарды, докторанттарды жана студенттерди алмашуу, биргелешкен конференцияларды, семинарларды өткөрүү жана жаңы окуу куралдарын даярдоо боюнча 30дан ашуун келишимдер жана макулдашуулар түзүлгөн [204].

Кыргызстандын балдарын жана жаштарын билим жана илим жаатындагы эл аралык программаларга катыштыруу; алардын таланттууларын чет өлкөгө окууга жиберүү, дүйнөнүн таанымал илимий жана окуу борборлорунда жаңы техника жана технологиялар боюнча адистерди даярдоо, эл аралык окуу жайларын жана борборлорду өлкөдө өнүктүрүү, чет өлкөдөн адистерди даярдап келүү боюнча министрликтердин, ар кандай уюмдардын координациясын жакшыртуу [209].

Жогорку окуу жайлардын эл аралык кызматташтыгында Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы байланыштар Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын өлкөнүн саясый – экономикалык жаңы система шартында жогорку билимди өнүктүрүүсүнө жана сапатын жогорулатуусуна түздөн-түз көмөк берген. Анткени Кыргызстандын жогорку окуу жайларында жүргүзүлгөн реформалар окуу жайлардан жаңы адистиктердин ачылышын, кадрларды кайрадан даярдоону, билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарын иштеп чыгууда иш тажырыйбаларды алмашууну талап кылган. Ошондуктан Кыргызстандын дээрлик ар бир жогорку окуу жайынын стратегиялык өнүгүү пландарында эл аралык кызматташуу негизги багыттардын бирине айланган. Жогорку окуу жайлардагы эл аралык бөлүмдөрдүн иши активдешип, ал эң оболу салтка айланган практикага ылайык Россия Федерациясына басым жасаган. Анткени Кыргызстан менен Россиянын билим берүү жаатындагы кызматташтыгы өзүнчө бир тарыхый мезгилди камтыйт.

Кыргызстанда билим берүү, анын ичинде жогорку билим берүү системасынын калыптануусунда жана өнүгүүсүндө Кеңеш бийлигинин орду жана ролу өзгөчө экени тарыхый чындык.

Г.А.Рудов таамай белгилегендей, советтик орус интеллигенциясынын мыкты өкүлдөрүнүн жардамы менен кыргыз эли өзүнүн улуттук жазмасына ээ болду. Өзүнүн улуттук интеллигенциясы, элдик билим берүү системасы ж.б. калыптанды [125].

Албетте, кандай гана мамлекет болбосун анын улуттук маданияты, анын ичинде билим берүүсү ошол доордун тарыхый шартынан тыш өнүгө албайт. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхында кеңеш мамлекетинин жана орус элинин ролу бөтөнчө. Кайсы бир улуттун башка элдин жетишкендиктерин өзүнө өздөштүрүп алуусу анын маданиятынын, илиминин жана билиминин жашоого ылайыкташуусундагы башкы маанилүү критерий болуп саналат.

Кыргыз Республикасы, Россия Федерациясы менен болгон коомдук - саясый, социалдык-экономикалык жана гуманитардык-маданий байланыштарына чоң маани берет. Айрыкча акыркы мезгилде жогорку билим берүү жаатында бу эки өлкөнүн ортосундагы байланыштар кеңейди. Ал эми жогоруда белгилегендей, 1996-жылы 29-мартта түзүлгөн Россия Федерациясынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтык тууралуу Келишими эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара мамилелердин кеңейүүсүн шарттап, Кыргызстандан Россия Федерациясына барып жогорку билим жана кесип алууну көздөгөндөр үчүн мыйзамдуу жол ачып, колдоо көрсөткөндүгү менен баалуу болгон. Ошондой эле бул документ Россия Федерациясы менен Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын, илимий-изилдөө мекемелеринин ортосундагы өз ара түздөн-түз алаканы чыңдоого жана активдештирүүгө өбөлгө болгон.

Жогорудагы Келишимге ылайык эки мамлекеттин жогорку окуу жайларынын базасында филиалдарды түзүү мүмкүнчүлүгүнө да жол ачылган. Натыйжада Кыргызстанда Россиянын жогорку окуу жайларынын төмөнкүдөй: Ош шаарындагы Россия Мамлекеттик социалдык университеттин филиалы (1996), Кыргыз-Орус билим берүү Академиясы (1997-), Ишкердик жана укук Москва институтунун Караколдогу филиалы(1998), Ишкердик жана укук Москва институтунун Бишкектеги филиалы (1999), «Россия мамлекеттик соода-экономикалык университетинин» Бишкек филиалы (2002), Россия экономикалык университетинин Бишкектеги филиалы(2002), Д.Ф. Устинов атындагы .«Военмех» Балтика мамлекеттик техникалык университетинин филиалы (2004), Ишкердик жана укук Москва институтунун Ошто (2004), жана) филиалдары, Кыргыз-Орус биргелешкен Бишкек окуу борбору ж.б. ачылып, иштеп жатат [219].

КМШ өлкөлөрү ичинде Кыргызстанда биринчи жолу Кыргыз-Орус Славян Университетинин жана башка жогорку окуу жайларынын ачылышы,

ошондой эле орус тилине расмий тил деген статустун берилиши ошол мезгилде Кыргызстандын орус тилдүү жарандарына келечекке болгон ишенимди пайда кылган. СССР тараганга чейин Кыргызстандагы эң көп сандагы этникалык топ орус улутундагылар болушкан [193].

Албетте, Кыргызстан эгемендик алгандан кийин өлкөнүн мамлекеттер ортосундагы байланышы жаңы деңгээлге жана форматка көтөрүлдү.

Ушундай шартта жаңы өз алдынча эгемен мамлекет менен ар тараптуу кызматташууга Туркия, Кытай, АКШ, Япония, араб мамлекеттери сыяктуу дүйнөнүн көптөгөн ири өлкөлөрү өздөрүнүн кызыкдарлыгын билдиришкен. Кыргызстан бул мамлекеттер менен бүгүнкү күндө өз ара алака-кызматташтыктарды жүргүзүп келет. Бирок ошого карабастан, Россия башкы стратегиялык партнер катары кала берет. Анткени, көп жылдан берки салт болуп келген тарыхый кызматташтык бул эки өлкөнүн ортосундагы өзгөчө ишенимди, бири бирин колдоону жана өз ара мамиледеги жакындыкты пайда кылган эле.

Эки өлкөнүн ортосундагы өз ара мамиле 1991-жылдын 21-июлунда кабыл алынып, 1992-жылы 24-мартта күчүнө кирген мамлекеттер аралык мамилелердин негиздери жөнүндөгү Келишимде Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы өз ара мамилелердин төмөнкүдөй жаңы принциптери белгиленген:

- рационалдуулук – чет өлкөлөрдүн билим берүүсүндөгү улуттук билим берүү системасынын тарыхый калыптанган структурасы, формасы жана практикасы менен адекваттуу шайкеш келген концепцияларды, методдорду жана элементтерди туура жана сабаттуу интеграциялоого умтулуу, булардын чегине кирбеген чет элдик билим берүү технологияларын чечкиндүү четке кагуу;

- динамизм –эгемендик алгандан кийин тез арада жогорку натыйжалуу иш-аракеттерди талап кылган билим берүү чөйрөсүндөгү кырдаалдан улам тездетилген, мазмуунга бай жана кеңири эл аралык билим берүү байланыштарын куруу;

- демократиялуулук–партнердук мамилелерди тең укуктуу, тунук, туруктуу жана конструктивдүү платформада түзүүгө багыт алуу;
- прогностикалуулук–келечекке умтулуу, илимий маалыматтардын негизинде жакынкы аралыкта билим берүүнү жана билим берүү байланыштарын өнүктүрүүнүн магистралдык жолдорунун перспективаларынын ар кандай варианттарын моделдөө [127,5].

Ал эми жогоруда белгилеп өткөн 1996-жылкы Москвада Кыргызстан менен Россиянын өкмөттөр аралык жогорку билим берүү тармагындагы кызматташуу тууралуу Келишимге ылайык, 1998-жылы Россиянын Элдердин достугу университети, Москва Лингивистикалык университети, Москва айыл чарба Академиясы сыяктуу ири окуу жайларына Экология жана жаратылышты пайдалануу, журналистика, нефтинин жана газдын геологиясы, социалдык чөйрөдөгү менеджмент, ачык тоо иштери жана башка адистиктерге орундар берилген. Ал эми 2001-жылы 33 адистик боюнча 41 бюджеттик орун берилген. 2000-2001 – окуу жылынын өзүндө эле Россия Федерациясында 244 студенттер жана аспиранттар билим алышкан [220].

2004-жылдан баштап 2007-жылга чейин Россиянын жогорку окуу жайларында туруктуу түрдө бюджеттик негизде 80 орун берилип турган. 2004-жылы кыргызстандыктарга 82 орун, 2005-жылы болсо 80 орун, 2006-жылы 80 орун, 2007-жылы 80 орун студенттерге жана 5 орун аспиранттар үчүн берилген. Бул окуу жайлар Россиянын Москва, Санк-Петербург, Иркутск, Новосибирск, Воронеж, Томск, Омск, Красноярск сыяктуу 40 шаарында жайгашкан окуу жайлары болуп саналат. Жыйынтыгында 2007-жылы жалпысынан бюджеттик негизде Россиянын жогорку окуу жайларында 400 кыргызстандык окуган [170]. Бул 2000-2001-окуу жылына салыштырганда 256 студентке көптүк кылган.

2007–2008-окуу жылында Россиянын билим берүү жана илим Министрлигинин маалыматы боюнча Кыргызстандан 8000ден ашуун студенттер билим алышкан, алардын ичинен 6500 контракттык формада

окушкан. Ал эми  Россия Федерациясынын  Коргоо министрлигинин аскердик окуу жайында 200дөн ашуун кыргызстандык билим алган.

Ал эми кийинки 2008-жылдан баштап 2012-жылга чейин котормо жана котормого киришүү, информатика, өнөр жай жана жарандык курулуш, имараттарды долбоорлоо, радиобайланыш, радиоберүү жана телевидение, стоматология, полиграфия, филология, тарых жана башка  көптөгөн адистиктерге атайын квота аркылуу жылына орто эсеп менен 100дөн студент кабыл алынып турган. 2008-жылы 90 орунга, 2009-жылы 112 орунга, 2010-жылы  120 орунга, 2011-жылы  92  орунга, 2012-жылы  80 орунга квота келген [171].

2007-жылы Кыргызстанга Россия Федерациясынын тышкы иштер министри С.В.Лавровдун расмий визит менен келген маалындагы сүйлөшүү учурунда Россиянын жогорку окуу жайларына кыргызстандык студенттерди окутуу үчүн квотаны көбөйтүү маселеси каралган. Кыргызстан менен Россиянын  жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү реалдуу байланыштары эки өлкөнүн стартегиялык өнөктөштүгүндө да чоң мааниге ээ болот.

Жогоруда статистика көрсөткөндөй, Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларына кыргызстандыктар үчүн бөлүнгөн бюджеттик орундар жыл санап көбөйүп турган.

Ал эми  Россия Федерациясынан Кыргызстанга келип окуган студенттердин саны да  2002-2003-жылдардан тартып 2010-2011  жылдар аралыганда аз-аздан улам  көбөйүп отурган. Алсак,  2002-2003-жылдары алардын саны 371 болсо, 2007-2008-жылдары  635ке жеткен [135,131]. Ал эми  2010-2011-жылдары  818 россиялык жаран Кыргызстандын окуу жайларында билим алышкан [136,148].

2003-жылы  21-мартта Бишкек шаарында  Кыргызстан менен Россия Федерациясынын  алдыңкы жогорку окуу жайларынын  ректорлорунун эки күндүк жолугушуусу болуп өтөт. Бул жолугушуунун алкагында Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын ортосундагы  кызматташуу тууралуу маанилүү меморандумдарга кол коюлган. Делегацияны Билим

берүү министри В.Филиппов жетектеп келген. 22-март күнү Россиялык делегацияны ошол мезгилдеги өлкө президенти кабыл алып, Москва Мамлекеттик Университетинин ректору В.Садовничийге эки өлкөнүн ортосундагы маданий жана интеллектуалдык байланыштарды чындоого кошкон салымы үчүн “Данакер” орденин тапшырат [151]. Ал эми ошол мезгилдеги Россиянын Билим берүү министри В.Филипповго И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик Педагогикалык университетинин ардактуу доктору наамы ыйгарылат. Ошол эле эле күнү В.Филиппов Бишкек Гуманитардык университетинде лекция окуган. Бул жолугушуулар учурунда эки өлкөдөгү жогорку билим берүү системасындагы реформанын жана сапаттуу билим берүү маселелери талкуугa алынат, кызматташуу гана эмес, Россиялыктар Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын өнүгүүсү үчүн колдоо көрсөтүүгө даяр экендиктерин да билдиришкен. Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларына бюджеттик орунга өткөндөр акысыз окушкан, россиялык студенттер алган өлчөмдө стипендия алышкан, жатканага жайгашышкан, мыйзамга ылайык медициналык кызматтардан пайдаланышкан. Бюджеттик орундарды кыргызстандыктарга берген окуу жайлар Россия Федерациясынын мыкты жана ири окуу жайлары болуп саналат.

Экинчиден, кыргызстандыктар Россия Федерациясынын Кыргыз Республикасындагы Элчилиги жетектеген “Мекендеш” программасы боюнча да окууга тапшыра алышат. Бул программа да Россиянын жогорку окуу жайларындагы бюджеттик орундарга студенттерди кабыл алууга көмөктөшөт. Россия мамлекети биздин жаштарга квота берген адистиктер өлкөбүз үчүн өтө керектүү адистиктер болуп саналат. Алар юриспруденция, медицина, техникалык адистиктер, экономика, салык жана салык салуу, психология, экономикадагы математикалык методдор, электроэнергетика, чыгыш таануу, журналистика, автомобилдик чарба жана башкалар [147].

Россиянын жогорку окуу жайларында окуган кыргызстандык жаштар окуусун аяктагандан кийин көпчүлүгү өз өлкөсүнө кайтып келишет. Анткени

алар Кыргызстанда абдан керектүү адистер жана сапаттуу билимдин ээси катары жумушка тез орношо алышат. Мисалы, 2006-жылы 75 Кыргызстандык Россиянын жогорку окуу жайларын аякташкан. Алардын дээрлик баары Ата мекенине кайтып келишкен [143].

2000-жылдан баштап Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети, И. Ахунбаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Медициналык Академиясы, К.Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык Университети, И. Арабаев атындагы КМУ, КР ИИМинин Бишкек Жогорку Мектеби жана башкалар Россиянын башкы жогорку окуу жайлары менен болгон кызматташтыгын активдештирген.

Россиядагы Кыргыз Республикасынын элчилигинен алган маалыматка таянсак, Россиянын жождорунда билим алып, илимий ишин өнүктүрүп жаткан аспиранттардын саны жыл сайын көбөйүп жатат. Алсак, 1994-жылдан 2004-жылга чейинки 10 жыл аралыгында бюджеттик жана контрактык негизде аспирантурада 48 кыргызстандык окуган болсо, 2007-жылы бюджеттик гана бөлүмдө 60ка жакын кыргызстандык окуган [143].

2000-2004- окуу жылдарында эле студенттерди алмаштырып окутуу программасынын алкагында 600 студенттер жана аспиранттар Россия Федерациясында билим алышкан. Ошол эле учурда бул көрсөткүч Өзбекстанда -117, Казахстанда-90, Тажикстанда-50, Украинада -18 болгон [9,15].

Бул статистика Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын чет өлкөлүк окуу жайлар менен болгон кызматташтыгында Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен болгон алакасы бөтөнчө орунда экенин көрсөтүп турат.

Кыргызстандын Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен болгон байланыштарынын активдүүлүгү эки өлкөнүн окуу программаларындагы көп окшоштуктар, тарыхый калыптанып калган карым-катыштар, жогорку окуу жайлардын жана профессордук-педагогикалык курамдын союз учурунан берки кызматташып келүүсү

менен да байланыштуу.

И.В. Халанскийдин пикири боюнча Орто Азия жана чыгыш европа аймагындагы өлкөлөрдүн жакындоосуна түрткү болгон факторлор алардын жакында эле жалпы тоталитардык системада чогуу болгону, батыш европа өлкөлөрүнө салыштырмалуу экономикасынын өнүгүүсүнүн начар экендиги, баарынын тең ачык коомду, укуктук мамлекетти жана демократиялык саясый системаны куруугa умтулуусу болуп саналат [127,19]. Ошондой эле, Кыргызстан менен Россиянын эки тараптуу жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы КМШ нын курамына кирүү, Жамааттык коопсуздук келишимине (1992) жана “Шанхай бешилтигине” (1996) кирүүсү менен дагы да жаңы баскычка көтөрүлгөн. 2007-жылдын 12-октябрында Бишкекте өткөн соода-экономикалык, илимий-техникалык жана гуманитардык кызматташуу боюнча Өкмөттөр аралык Кыргыз-Россия Комиссиясынын тогузунчу жыйынында гуманитардык багыттагы кызматташуунун маселелери да каралган. Анын жыйынтыгында Кыргызстан менен Росиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгын бекемдеген төмөнкүдөй чечимдер кабыл алынган:

1. КР билим берүү жана илим министрлигине, Кыргыз Улуттук университетине озон чөйрөнүн, “парник газдарынын” жана атмосферанынын булгануусунун абалын эксперименталдык көзөмөлдөө боюнча “Ысык-Көл” илимий станциясында атмосфераны мониторингдөө Борборуна , ошондой эле “Ысык-Көл” станциясына автономдуу электр берүү линиясын долбоорлоо жана түзүү боюнча колдоо көрсөтүүнү улантуу.

2. Россия Федерациясынынын билим берүү жана илим министрлиги жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги 2008-жылдын биринчи кварталынын аягына дейре Кыргыз-Орус Славян Университетинин ишмердигинин шарттары жөнүндөгү Россия Федерациясынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн

ортосундагы Келишимдин долбоорун аягына чыгарып бүтүрүү боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү.

3. Росгидрометке жана Росилимге ( Россиянын билим жана илим министрлиги) Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университет менен биргеликте атмосферанын газдык жана аэрозолдук курамындагы антропогендик жана табыгий өзгөрүүлөрдү изилдөө жана Евроазия континентинин борбордук бөлүгүндөгү “парник газдарын” мониторингдөө үчүн ГУ «НПО «Тайфун»га колдоо көрсөтүүнү улантуу ж.б [187,179].

2008-жылдын 9-октябрында Россия Федерациясынын ошол маалдагы Президенти Д. Медведев Кыргызстанга расмий визит менен келип, сүйлөшүү учурунда мамлекет башчылары гуманитардык чөйрөдөгү кызматташуу маселелерин да караган. Биргелешкен билдирүүдө эки өлкөнүн жетекчилери: ".алдыда билим берүү, илим, маданият жана искусство, маалымат, жаштар саясаты чөйрөсүндө кызматташууну өнүктүрүү жана ыраттуу кеңейтүүгө көмөктөшүү болот деп белгилешип, Кыргызстанда, расмий статуска ээ болгон жерде орус тилин жайылтууга, Россияда кыргыз тилинин жайылышына мамлекеттик көмөк көрсөтүү” каралган [187,180].

Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен болгон кызатташтык айрыкча Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинде, К.Молдобасанов атындагы Кыргыз Улуттук Консерваториясында, К.Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык Университетинде кыйла жакшы өнүккөн. Мисалы, төмөндө көрсөтүлгөн таблицага ылайык, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети М.В. Ломоносов атындагы Москва Мамлекеттик Университети, Москва Мамлекеттик Лингивистикалык Университети, Санк-Петербург жана Новосибирск ж.б. университеттер менен тыгыз кызматташат. Кызматташуу алкагында окутуучуларды жана

студенттерди алмаштырып окутушкан, олуттуу илимий долбоорлорду биргеликте жүзөгө ашырышкан.

Тактап айтканда Кыргыз Улуттук Университети Россия Федерациясынын көптөгөн жогорку окуу жайлары менен төмөнкүдөй өз ара түзүлгөн Келишимдердин негизинде кызматташып келе жатат.

**Таблица №3.5. - Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен түзгөн Келишимдери [131].**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Новосибирск шаарында жайгашкан Россия Илимдер Академиясынын археология жана этнография Институтунун Сибир бөлүмү менен Келишим | 2000-ж. |
| 2 | М.Ломоносов атындагы Москва Мамлекеттик Университети менен билим берүү, иштиктуу жана маданий кызматташуу жөнүндөгү Келишим | 2000 г. |
| 3 | РИАнын Чыгыш таануу институнун Санк-Петербург филиалы менен кызматташуу тууралуу Келишим | 2000 -ж. |
| 4 | Орус тилин окутуу жаатында Москва шаарындагы А.С.Пушкин атындагы Мамлекеттик орус тил институту менен КУУнун ИИМОП менен түзүлгөн Келишими | 2000-ж. |
| 5 | А.С.Пушкин атындагы Мамлекеттик орус тил институту менен илимий жана окуу боюнча кызматташтык тууралуу Келишим | 1999 -ж. |
| 6 | Россиянын Бажы Академиясы менен КУУ, КР Каржы министрлигинин алдындагы Мамлекеттик Бажы инспекциясынын ортосунда түзүлгөн Келишим | 1999-ж. |
| 7 | Москва Мамлекеттик болот жана эритиндилер | 1999-ж. |

| | | |
|---|---|---|
| | институту (Технологиялык Университет) менен кызматташуу тууралуу Келишим | |
| 8 | Москва Мамлекеттик Лингвистика Университети менен Келишим | 1999 -ж. |
| 9 | КУУнун кадрларды кайрадан даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институту менен Россиялык Элдердин достугу Университетеинин ортосундагы Келишим | 1998-ж. |
| 10 | СпбГУнун химия факультети менен илимий-техникалык кызматташтык тууралуу Келишим | 1998-ж. |
| 11 | КУУнун алдындагы кадрларды кайрадан даярдоо жана квалификациясын жогорулатууинституту менен РФ Генералдык Прокуратурасынын Санк-Петербург юридикалык институту менен кызматташтык тууралуу Келишим | 1997 -ж. |
| 12 | М.К.Аммосов атындагы Якут Мамлекеттик университети менен илимий жана окуу-методикалык кызматташтык тууралуу келишим | 1997-ж. |
| 13 | Россиянын Д.И.Менделеев атындагы химико-технологиялык университети менен кызматташтык тууралуу Келишим | 1997-ж. |
| 14 | Россиянын Бажы Академиясы менен Келишим | 1996-ж. |

**Булак: автор тарабынан түзүлгөн**

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети менен Россия Бажы Академиясынын ортосунда 1996-жылы түзүлгөн Келишимге ылайык, 1996-жылдын 11-октябрында аталган окуу жайдын окумуштуулар кеңеши окуу жайдын Эл аралык Билим берүү Программаларын Интеграциялоо Институтунун Юридикалык кадрларды дарядоо, кайрадан даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу факультетинин базасында окуу процессин уюштурууга

жана аны методикалык жактан камсыздоого Россиялык Бажы Академиясынын адистерин тартуу менен “Бажы иши” адистигин ачуу боюнча чечим кабыл алат [52]. 1997-жылы болсо Кыргыз Улуттук университетинин окумуштуулар кеңеши радиоэлектрондук (спутниктик) байланыш адистиктерин даярдоо боюнча материалдык-техникалык базаны түзүү максатында өзүнө караштуу жоопкерчилиги чектелген Кыргыз-Орус коомун –Коммерциялык борборду уюштуруу тууралуу чечимге келишет. Бул адистиктерге карата өлкөнүн эл чарбасы, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги үчүн зарылдык келип чыккан [53].

1999-жылы түзүлгөн Келишимге ылайык 4 студент Москва Мамлекеттик Лингивистика Университетинде билим алышса, 7 окутуучу өз квалификациясын жогорулатып келген. Ал эми 2000-жылы Москва мамлекеттик Университети менен болгон кызматташуу тууралуу Келишимге ылайык 3 студент алмашуу программасы боюнча барып билим алышса, 10 окутуучу барып өз квалификацияларын жогорулаткан. 1999-жылы Бажы Академиясына 5 студент, 2000-жылы Сибир Федералдык университетине 19 студент окууга кирип билим алышкан. Ушул жылдары 15 магистрант Россиянын жождорунда билимин акысыз улантышкан [131].

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети менен Россиянын жождорунун арасында жогоруда түзүлгөн Келишимдердин ичинен азыркыга чейин күчүн жоготпой иштеп жаткандары бар. Ошондой эле Кыргыз Улуттук Университети Москва Мамлекеттик Лингивистикалык Университетинде Кыргыз борборунун ачылуусуна жана техникалык жактан жабдылуусуна көмөк көрсөткөн, натыйжада ал жерде бир топ жылдан бери кыргыз тилин окутуу ишке ашырылып келет.

Аталган университет М.Ломоносов атындагы Москва Мамлекетти Университети менен өзгөчө тыгыз кызматташ болгонун

белгилеп кетүүгө болот. Буга жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй, 2000-жылдагы эки университеттин ортосундагы түзүлгөн кызматташуу жөнүндөгү Келишим негиз болгон. Кызматташуунун негизги багыттары окутуучуларды, илимий кызматкерлерди жана студенттерди алмашуу; биргелешкен илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүү, илимий конференцияларды уюштуруу жана илимий иштерди басып чыгаруу болгон. Натыйжада Кыргызстанда аталган эки окуу жайдын классикалык билим берүү Борбору түзүлгөн.

Борбор Кыргыз Улуттук университетинин структуралык тармагы болуу менен негизинен Москва Мамлекеттик Университетинин филиалынын милдетин аткарган. Борбордо окутуу окуу жайлардын биргелешкен билим берүү программаларынын негизинде жүргүзүлгөн. Москва Мамлекеттик Университети бул борборго өзүнүн окутуучуларын иштөө үчүн жиберип турган. Алар студенттерге лекцияларды окуу, практикалык сабактарды жүргүзүүдөн тышкары аспиранттарга, профессордук-окутуучулук курамга да илимий-консультативдик жардамды уюштуруп турушкан [189].

Кыргызстандан барган таланттуу студенттерге кесиптик билим берүүнү М.В. Ломоносов атындагы ММУ өзүнүн башкы милдеттеринин бири катары эсептейт. Алсак, 2006-жылы эле бул окуу жайда кыргызстандык 23 студент билим алган. Ал эми атайын келишимге ылайык, Кыргыз Улуттук университетинен келген жаш окутуучулардын тобу бул окуу жайда кайрадан даярдоодон өтүшкөн [175].

Белгилей кетсек, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети 1992-жылы 9-июнда Евро- Азиялык университеттердин Ассоциациясына мүчө-уюштуруучу болуу тууралуу өз чечимин билдирген. Бул чечимин алар аталган уюмдун адистерди университеттик билим менен даярдоонун сапатын жакшыртууда координациялык ролунун мааниси менен түшүндүрүшкөн [54].

1999-жылы 3-мартта Кыргызстандын Чыгыш тилдери жана маданияты институту М.В.Ломоносов атындагы Москва Мамлекеттик университетине караштуу Азия жана Африка өлкөлөрү институту менен кызматташуу жөнүндөгү Келишимге кол койгон. Анын максаты илимий, илимий-педагогикалык жана маданий өз ара пайдалуу байланыштарды түзүү жана өнүктүрүү болгон [55].

Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайлары маданият тармагындагы окуу жайлары менен да тыгыз байланышып иштеп келишет. Мисалы, К.Молдобасанов атындагы Кыргыз Улуттук Консерваториясы Россия Федерациясынын П.Чайковский атындагы Москва Мамлекеттик Консерваториясы, Рим-Корсаков атындагы Петербург Мамлекеттик Консерваториясы жана Гнесиндер атындагы Россиялык музыкалык Академиясы менен тыгыз жана жигердүү кызматташып келгенин бөтөнчө белгилөөгө болот.

Окуу жай өзүнүн таланттуу студенттеринин жана бүтүрүүчүлөрүнүн Россия Федерациясынын жогоруда аталган окуу жайларына барып билимин улантуусуна өзгөчө көңүл бөлгөн. Буга далил катары окуу жайдын ректору, профессор М.Бегалиевдин бир топ жылдар Кыргыз Республикасынын президенттерине, Кыргыз Республикасынын Маданият министрлерине жана башка бийик даражалуу чиновниктерине студенттерге колдоо көрсөтүү тууралуу жиберген өтүнүч каттарын атасак болот. Алсак, 1994-жылы окуу жайдын 4-курсунун студенти М.Касымалиевди Казань Мамлекеттик Консерваториясына кабыл алуу боюнча аталган консерваториянын жетекчилиги менен макулдашткан соң, аны жиберүүгө көмөктөшүү боюнча КР Маданият министрлигине кат жолдогон [56].

1999-жылы таланттуу музыкант Азамат Сыдыковду Москва Консерваториясына караштуу Борбордук музыкалык мектепке которууну [57], ошондой эле аны 2000-жылы Харьков шаарында өтүүчү жаш пианисттердин конкурсуна катышууга материалдык колдоо

көрсөтүүнү[58] жана Гнесиндер атындагы Россиялык музыкалык Академиянын студенти таланттуу пианист Виктор Юртаевдин [59], Москва Консерваториясында билим алып жаткан виоленчелист Аида Ташибаеванын окуусун каржылоого көмөктөшүүнү суранып [60] ошол мезгилдеги өлкө президенти А.Акаевге өтүнүч кат менен кайрылган. Ошондой эле окуу жайдын студенти А.Б.Желобкованы Санк-Петербург Консерваториясына которууга көмөк сурап окуу жай ректору ошол маалдагы КР Маданият министри Ч.Б.Базарбаевге да кайрылган[62]. Анткени Россиянын музыкалык окуу жайларынан билим алуунун сапаты кыйла жогору болгон. Россия Федерациясында уюштурулган кадыр-барктуу эл аралык музыкалык конкурстарга да Кыргыз Улуттук Консерваториясы өзүнүн студенттерин жана педагогдорун үзбөй жиберип турган. Консерваториянын жетекчилиги 1998-жылы Москва шаарында өткөн П.Чайковский атындагы II Эл аралык конкурска 5-курстун студенти А.Ташибаеванын катышуусу үчүн [62], 4-курстун студенти Г.Токтошеванын Россиянын Тольятти шаарында өтүүчү жаш аткаруучулардын 5-эл аралык конкурсуна катышуусу үчүн[63] каржылык көмөк көрсөтүүнү суранып КР Президентине караштуу Билим берүү боюнча комиссиянын жетекчиси Т.Ж.Айтикеевага кайрылган.

Ал эми 2001-жылы жетекчиликтин аракети менен Кыргыз Улуттук Консерваториясынын студенттери Р.М.Өмүркулов, Р.Д.Тайжанова, Г.М.Токтошева Тольяттиде өткөн жаш аткаруучулардын конкурсуна [64], 2002-жылы окуу жайдын студенти А.Отунчиев Москва шаарында болуп өткөн таланттуу балдардын концертине катышып келишкен [65].

2005-жылы окуу жайдын жетекчилиги 4-курстун студенти С.Ашированы “Витебскдеги славян базары” эл аралык конкурсуна катышуусуна чыгармачыл мүнөздөмө берет [66],

2006-жылы 3-курстун студенти А.А. Нечкин КМШ жана Балтия

өлкөлөрүнүн музыкалык жогорку окуу жайларынын фортепиано факультетинин студенттеринин эл аралык биринчи кокурсуна катышуусу үчүн өзү окуган Кыргыз Улуттук Консерваториясынан багыттама алат [67].

2008-жылы болсо окуу жайдын жетекчилиги атынан М.Абдыраев атындагы музыкалык орто атайын мектеп-интернаттын 3 окуучусунун Москва шаарында өтүүчү “Новые имена” аталышындагы жаш таланттардын эл аралык конкурсуна катышуусу үчүн уюштуруу комитетине сунуштама кат жөнөтүлөт [68]. Консерваториянын студенттери КМШ Жаштарынын симфониялык оркестрине ойноо үчүн 2008- жана 2009-жылдары катыша алышкан [69].

2010-жылы Консерватория “Алтын Шаты” балдар музыкалык академиясынын окуучусу Л.Асанбекованы П.Чайковский атындагы Москва Мамлекеттик Консерваториясына караштуу Борбордук музыкалык мектепке барып окууга сунуштайт [70].

Бул кыргызстандык жаштардын мыкты билим алып, чыгармачылыгынын андан ары өнүгүүсүнө чоң өбөлгө түзгөн. Кыргыз Улуттук Консерваториясынын берген сунуштары Россиянын жогорку музыкалык окуу жайлары үчүн абдан мааниге ээ болуп, колдоо тапкан. 2011-жылы окуу жайдын жетекчилиги ошол маалдагы КР Маданият жана Маалымат министри Н.Т.Шакиевге бир канча өз студенттерин жана кызматкерин Россиянын музыкалык окуу жайларына которуу, жөнөтүү маселелери менен кайрылган. Алсак, Н.Ж. Исаковду [71], В.И. Мокрополовду [72], Б. Мусаевди [73], Ж.А.Тезекбаеваны [74] которуу жана ассистент Э.Самарбекованы стажировкага [75] жөнөтүү маселесин кароону суранып кат жазган. Буга жооп катары министрликтен Кыргызстандын чыгармачыл интеллигенциясынын Москвага болгон иш сапарынын жыйынтыгында Кыргыз Улуттук Консерваториясынын студенттеринин Россия Консерваториясына кабыл алынуусу тууралуу маселе чечилгени жөнүндө кат келген [76].

Окуу жай студенттерин Россиянын музыкалык окуу жайларына которуу жана жөнөтүү тууралуу гана маселени койбостон, алардын окууну бүтүп келүүсү үчүн да аракетин жасаган.

П.Чайковский атындагы Москва Мамлекеттик Консерваториясында окуп жаткан Б.Мусевдин окуусуна каржылык жардам сурап Консерватория ректору М.Бегалиев 2011-жылы КР Президенти Р.И.Отунбаевага[77; 78], 2012-жылы А.Атамбаевге кайрылган[79]. Консерваториянын студенттери гана эмес, окутуучулары да Россиянын музыкалык жогорку окуу жайларына барып өз квалификацияларын жогорулатып турушкан жана ал окуу жайлардан тажырыйбалуу адистерди зарылдыкка жараша чакырып, тажырыйба бөлүшүшкөн. Алсак, 1996-жылы К. Молдобасанов атындагы Кыргыз Улуттук Консерваториянын ректору М. Бегалиев П.Чайковский атындагы Москва Мамлекеттик Консерваториясына чыгармачыл, окуу-консультациялык байланыштарды түзүү үчүн барып келген [80]. Ушул эле жылы М.Бегалиев Москвадагы аталган окуу жайдын профессору М.К.Чайковскаяны бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик Экзамен Комиссиясына төрайым катары Бишкекке чакырат [81].

Ошондой эле жаңыдан түзүлүп, иштей баштаган Кыргыз Улуттук Консерваториясы П.Чайковский атындагы Москва мамлекеттик Консерваториясынан, Гнесиндер атындагы Россия музыка академиясынан, Рим-Корсаков атындагы Санк- Петербург Мамлекеттик Консерваториясынан, Москва Мамлекеттик хореография академиясынан, Театралдык искусство боюнча Россия университетинен жана Россия Федерациясынын Маданият министринен дирижерлук, музыка таануу, композиция, вокалдык искусство, академиялык ырдоо, элдик ырдоо ж.б. бир канча адистиктер боюнча мамлекеттик жаңы билим берүү стандарттарын, окуу программаларын ж.б. методикалык материалдарды сурап кайрылышкан [82;83;84;85;86;87;88].

1998-жылы аталган окуу жайдын түзүлгөндүгүнүн беш жыл

болгонунун урматына  мааракелик кече-концерт өткөрүлүп, ага Россиянын музыкалык жогорку окуу жайларынын  ректорлорун да чакырышкан [89].

2002-жылы бул окуу жайда  орус музыкалык маданиятынын Борбору ачылган. Борбордун максаты орус музыкасынын негизги курсун жана  орус  музыкалык маданиятын студенттерге  сапаттуу окутуу, Россиянын  музыкалык окуу жайлары менен чыгармачыл байланыштарды бекемдөө болгон [90]. Кыргыз Улуттук Консерваториясы Россия Федерациясынын музыкалык жогорку окуу жайларына, ар кандай конкурстарга  өзүнүн  окутуучуларын  жиберип, квалификациясын жогорулатып турган. Мисалы, 1995-жылы  окуу жайдын доценти  А.Ш.Кулова Россиянын Нижний Новгород шаарында өткөн пианисттердин  эл аралык конкурсуна катышып келген [91].

2004-жылы окуу жайдын үйлөмө аспаптар кафедрасынын концертмейстери  Осмонбекова Айзада П.Чайковский атындагы Москва Мамлекеттик Консерваториясынын  камералык ансамбль кафедрасына барып тажырыйбасын өркүндөтүп  кайткан [92].

2010-жылы  окуу жайдын 5 окутуучусу: Г.Конушева, Е.Лузанова, З.Нарынбаева, А.Насирдинов жана  З.Слензак-Бегалиева  Санк-Петербург шаарына  чыгармачылык иш сапарга барып келишкен [93]. 2011-жылы  окуу жайдын ректору  М.Бегалиев Москва шаарына барып, КМШ өлкөлөрүнүн  консерваторияларынын ректорлорунун Кеңешине мүчө катары  катышкан [94]. 2011-жылы  М.Бегалиев  КМШга катышуучу мамлекеттердин гуманитардык кызматташуу мамлекеттер аралык фондунун Кеңешчиси  А.В.Савзянга  атайын кат менен кайрылган. Анда  окуу процессин жакшыртуу максатында П.Чайковский атындагы Москва Мамлекеттик Консерваториясынын базасында  Кыргыз Улуттук Консерваториясынын  профессордук-окутуучулук курамынын  адистик квалификациясын жогорулатуу жөнүндөгү маселени пландуу тартипте кароо сунушу айтылат [95].

Аталган Фонд Кыргыз Улуттук Консерваториясынын Россия Федерациясынын башкы музыкалык жогорку окуу жайлары менен болгон байланыштарын камсыздоодо чоң роль ойногонун белгилеп кетүүгө болот.

2011-2012-жылдары Фонд КМШ өлкөлөрүндөгү ири консерваторияларда “Классикалык-музыкалык искусство тармагы боюнча Интернет системасындагы мастер-класс” долбоорун жүзөгө ашырат. Бул иш-чарага Кыргыз Улуттук Консерваториясы да катышкан [96].

2011-жылы 29-декабрда Кыргыз Улуттук Консерваториясынын ректору М.Бегалиев аталган Фонддун Башкармалыгынын тең төр агасы М.Е Швыдкого ыраазылык кат жөнөткөн. Анда М.Е.Швыдконун колдоосу менен Кыргызстанда жана башка өлкөлөрдө жаш таланттардын катышуусунда форумдардын, концерттердин, мастер-класстардын, көргөзмөлөрдүн жогорку деңгээлде өткөрүлгөндүгүн, бул кесипкөйлүктү жогорулатууда чоң роль ойной тургандыгы белгиленген [97].

Бишкек Гуманитардык университети келишимдердин жана макулдашуулардын негизинде Москва Мамлекеттик Университети менен кызматташып, студенттерин алмаштырышат, биргелешкен социологиялык изилдөөлөрдү өткөрүшөт. Москва Мамлекеттик Лингвистикалык университетинен студенттерге лекция окутуу үчүн профессорлорду чакырып турушат. Ошондой эле аталган окуу жайы Санк-Петербург педагогикалык университети, Омск жана Волгоград университети менен байланышты кармап келет. Ошондой эле окуу жайда Орус борбору түзүлгөн. Бул жерде орус гуманитардык билим берүүнүн мыкты салттары сакталган [132]. Мындай борборлор кийинчерээк Кыргызстандын башка жогорку окуу жайларында жана башка маданий жайларда түзүлгөн.

Россия Федерациясынын бир канча жогорку окуу жайлары менен

Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту да өз ара ар тараптуу карым- катышта болгон. Алсак, 1991-жылы аталган окуу жайдын проректору Т.Рыскулова Москва Мамлекеттик Университетинин базасында болуп өткөн педагогикалык билим берүүгө көмөктөшүү Ассоциациясынын пленумуна барып катышып келген [100]. 1992-жылы А.И.Герцен атындагы Россия мамлекеттик педагогикалык университетинин студенттери Кыргызстанга практика өтөөгө келип, Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун жатканасынан орун алышкан [101]. Ал эми ошол эле жылы аталган окуу жайдын 3 окутуучусу Москва шаарындагы Гёте атындагы институтта жайкы курстан билим алышы үчүн Кыз-келиндер педагогикалык институтунун ошол кездеги ректору Р.Ачылова Немец маданий борборунун жетекчилигине кат менен кайрылган [102].

Ошондой эле аталган окуу жайдын жетекчилиги 1992-жылы Россия Федерациясынын эки жогорку окуу жайына “Общественно – политическая теория общества” жана “Основы политологии” аталышындагы окуу китептерин сатып алуу боюнча да кайрылып кат жазышкан [103]. Бул жерде Кыргызстанда орус тилине расмий тил деген макамдын берилиши да орус тилдин билим берүү системасында татыктуу орду болушун шарттап, кыргызстандык окуучулардын, студенттердин орус тилин мыкты өздөштүрүүсү алардын Россиянын жогорку окуу жайларына барып билим жана кесип алуусуна түздөн-түз түрткү болгонун белгилей кетүү абзел.

Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын бир канчасы абитуриенттер менен аңгемелешүүнү жана аларды тандап алууну Кыргызстанга келип өткөрүшөт. Мисалы, Санк-Петербург, Новосибирск жана Томск университеттери жыл сайын көчмө комиссия менен өздөрү келип студенттерди тандап кетишет. Аларга уюштуруу иштерине Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги көмөк көрсөтүшөт. Бул Россия Федерациясында билим алууну көздөгөн

Кыргызстандык студенттер үчүн бир топ ыңгайлуулукту жаратып, жаштар арасында Россияга барып окууну каалагандардын санын көбөйтүп жатат. Жыл сайын конкурста бир орунга 19, 17, адамдан туура келет [147].

Кыргызстанда орус тилине расмий тилдик макамдын берилиши орус тилдин билим берүү системасында татыктуу орду болушун шарттап, кыргызстандык окуучулардын орус тилин мыкты өздөштүрүүсү алардын Россиянын жогорку окуу жайларына барып билим жана кесип алуусуна түздөн-түз түрткү болууда.

Кыргызстандын жогорку билим берүү чөйрөсү башка чет өлкөлөргө караганда Россия Федерациясынын Жогорку Билим берүү чөйрөсү менен көбүрөөк кызматташып келгенин, бул багытта башкы өнөктөш болгонун жогоруда келтирилген фактылар айгинелеп турат. Бирок Кыргызстан эгемендик алгандан кийин биздин өлкө менен ар тараптан, анын ичинде жогорку билим берүү чөйрөсүндө кызматташууну каалаган алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн саны арбын болгон.

Мына ушундай шартта Россия Федерациясы Кыргызстандын билим берүү чөйрөсүндө өзүнүн башкы өнөктөштүк ролун жана статусун сактап калуу, өз ара алаканы бекемдөө үчүн алдына бир топ зарыл жана токтоосуз милдеттенмелерди койгон.

Алардын айрымдарын атасак:

- Кыргыз өнөктөштөр менен Федерациянын субъекттериндеги, баарынан мурда Урал, Сибир федералдык округдарындагы жана Москва, Санк-Петербург шаарларындагы жогорку окуу жайлардын түздөн-түз байланыштарын кеңейтүүгө көмөктөшүү.
- Россия Федерациясынын өкмөтүнүн жана Федерациянын субъекттери аркылуу мектеп окуу куралдары менен бирге кыргыз ЖОЖдоруна гуманитардык белек катары окуу куралдарын жана илимий адабияттарды (баарынан мурда орус филологиясы жана орус-кыргыз мамилелеринин тарыхы ж.б. боюнча) берүү мүмкүнчүлүктөрүн

караштыруу, ошондой эле тиешелүү материалдарды электрондук алып жүрүүчүлөр аркылуу берүү (CD-дисктер, видео жана аудиокассеталар).

- Россиянын жогорку окуу жайларында жана КОСУнун базасында гуманитардык, табыгий илимдер жана техникалык багыттарда кыргыз жождорунун профессордук – окутуучулук курамы үчүн тажырыйба алмашуу боюнча стажировкаларды жана семинарларды уюштуруу.

- КОСУнун базасындаРоссиянын заманбап адабиятын Борбор Азия өлкөлөрүндө окутуу маселелери боюнча аймактык симпозиум өткөрүү.

- Кыргызстанга Россиянын жогорку билимин дистанттык (сырттан окуу) негизде алуу системасын киргизүү.

- Кыргызстандын көптөгөн жогорку окуу жайларынын өтүнүчүн эске алып, аларда "Россиянын кабинеттерин" түзүүгө (компьютерлерди, адабияттарды, Россиянын мамлекеттик символикаларын, көрсөтмө окуу куралдарын берүү аркылуу) көмөктөшүү, буга аймактардын мүмкүнчүлүктөрүн, Россиянын ишкерлеринин жана чет өлкөлөрдөгү мекендештерди колдоого бөлүнгөн федералдык бюджеттин каражаттарын тартуу.

-Россиянын жогорку окуу жайларына бюджеттик негизде кыргызстандыктарды кабыл алуунун механизмдерин өркүндөтүү (адистиктерди, конкреттүү окуу жайларын, окутуунун формаларын – күндүзгүбү, же сырттанбы алдын ала макулдашуу; биргелешкен кабыл алуу комиссиясында иштөө үчүн россиялык өкүлдөрдү командировкага жиберүү).

-Кыргызстандан келген студенттер жана аспиранттар үчүн кабыл алуу квотасын көбөйтүү, баарынан мурда мамлекеттик башкаруу, менеджмент, саясый илимдер, журналистика адистиктери боюнча . Маданият жана искусство чөйрөсүндөгү адистерди даярдаган Россиянын окуу жайларында окуу үчүн кыргызстандыктарга максаттуу квотаны бөлүү.

- Кыргыз Республикасындагы  Россиянын жождорунун филиалдарынын ишмердигине  колдоону жана көзөмөлдү күчөтүү. Кыргызстандагы кадрларды даярдоо системасында россиялык компонент катары алардын ишмердигинин натыйжалуулугуна жетишүү [222].

Бул  коюлган милдеттердин дээрлик  көбү иш жүзүнө ашкан. Натыйжада Россия Федерациясы Кыргызстандын жогорку билим берүү чөйрөсүндө өзүнүн башкы өнөктөштүк таасирин сактап кала алган. Мунун өзү Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын  жаңы адистерди даярдоосунда ар тараптуу,  чоң роль ойногон. Анткени өлкөнүн жогорку окуу жайлары  жаңы адистиктер боюнча билим берүү стандарттарын түзүүдө негизинен Россия Федерациясынын окуу стандарттарын негиз кылып алышкан.

Өткөн кылымдын 90-жылдарындагы өткөөл мезгил  эки өлкөнүн ортосундагы өз ара мамиледе айрым көйгөйлөрдү жараткан. Бирок Кыргызстан менен Россия бул тарыхый, татаал сыноодон  татыктуу чыгып, өздөрүнүн салттуу байланыштарын жаңы  баскычта жана мазмуунда өнүктүрүүгө жетише алган.  Бул сыноо тескерисинче  эки өлкөнүн ортосундагы  кызматташтыкты, анын ичинде жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү мамилелерди ого бетер бекемдеген. Анткени СССР урагандан кийин Кыргызстан орус тилине расмий тилди берип, кириллицаны сактап калды. Жогорку билим берүү системасы  салт боюнча эле  негизинен Россиянын билим берүү модели жана стандарттарына ыкташа өнүктү. Ошону менен бирге Россия  кеңеш мезгилден бери салт болуп келаткан  Кыргызстандын билим берүү чөйрөсүн  ар тараптан колдоону улантты. Бул жөнүндө Россия Федерациясынын Кыргызстандагы элчиси М.Рудов мындай деп баса белгилеген: “... ар тараптан абдан оор болгон XX-кылымдын 90-жылдары Кыргызстан менен Россия билим берүү чөйрөсүндөгү ондогон жылдар биргеликте жүргүзгөн  ишмердиктерин сактап гана калбастан, ага сапаттык  жаңы мүнөз жана форма бере алышты” [37].

Кыргыз-Орус мамилелеринин негизинде жаткан экономикалык, саясый жана маданий факторлорду изилдеп, талдап көрсөк, XXI-кылымдын жакынкы 10 жылдыгында бул мамилелер өз ара түшүнүшүү жана жемиштүү кызматташуу духунда болгондугун белгилөөгө болот. Россия менен Кыргызстандын билим берүү чөйрөсүнүн бардык деңгээлдериндеги кызматташтыгы туруктуу мүнөзгө ээ болуп, анын өнүгүү жана жогорку даражада бекемделүү тенденциясы көрүнүп турат деп айта алабыз.

Белгилей кетчү жагдай, жогорку билим берүү боюнча Россия Федерациясынын Мамлекеттик комитети КМШ мамлекеттер аралык жогорку билим берүүнү интеграциялоо багытында кабыл алынган документтерди илгерилетүүдө уюмга мүчө мамлекеттер менен активдүү иш жүргүзүп келген. Буга далил катары аталган комитет Кыргызстандын Россия Федерациясындагы элчилигине 1992-жылдын 13-мартында кол коюлган Көз карандысыз мамлекеттердин Шериктештигинин чегинде илимий, илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо, алардын квалификациясы жөнүндө документтерди нострификациялоо жаатындагы кызматташтык жөнүндөгү Келишимди, ошондой эле 1994-жылдын 18-мартында кабыл алынган Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигине катышкан мамлекеттердин Парламенттер аралык Ассамблеясынын “Бирдиктүү билим берүү мейкиндиги жана КМШга катышуучу мамлекеттердеги билим берүү системасынын окуучуларынын жана илимдин социалдык статусун жогорулатуу жөнүндөгү Чечимдеринин жана Рекомендацияларын жүзөгө ашыруу максатында жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташуу тууралу Россиялык Протоколдун долбоорун жогорку билим берүүнү тескеген органга жеткирип берүүнү суранган [105]. Аталган Протоколдун долбоорунда жогоруда аталган мамлекеттер аралык түзүлгөн документтердеги максаттарга ылайык, Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен КМШ өлкөлөрүнүн

жогорку окуу жайлары ортосундагы кызматташуунун эреже-тартиптери атайын статьялар менен аныкталып берилген [106; 107].

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын ортосундагы кызматташтык жана байланыштар бир нече багыттарда ишке ашкан: студенттерди, магистранттарды жана аспиранттарды окутуу, студенттерди алмаштырып окутуу, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу, биргелешкен илимий конференция жана башка маданий-тарбиялык иш- чараларды өткөрүү, көп баскычтуу жогорку билим берүүдө окуу-методикалык тажырыйба алмашуу ж.б.

Эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы ар тараптуу байланыштар Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын саясый – экономикалык жаңы система шартында жогорку билимди өнүктүрүүсүнө жана сапатын жогорулатуусуна түздөн-түз көмөк берген. Айрыкча эгемендиктин алгачкы жылдары, реформанын биринчи этабында Россия жаңы адистиктерди даярдоодо технологиялык жана илимий-методикалык маалыматтарды бөлүшүү менен Кыргызсандын жогорку окуу жайларына кыйла колдоо көрсөткөн.

Азыркы жаңы технологиялык заман, ааламдашуу процесси, жалпы эле дүйнөлүк мейкиндикке умтулуу билим жана илимдин туруктуу да, тез да өнүгүп туруусун талап кылат. Кыргызстандагы экономикалык кризиске жана саясый айрым окуяларга карабастан, өлкөнүн алдындагы олуттуу милдеттердин бири -өзүнүн илимий потенциалын сактап калуу жана өнүктүрүү милдети болгон. Ошон үчүн илимий байланыштарды калыбына келтирүү жана өнүктүрүү маселеси эгемен өлкөнүн токтоосуз чечүүнү талап кылган көйгөйлөрүнүн бири эле.

Ал эми жогорку окуу жайларынын ортосундагы илимий байланыштар жаңы институционалдык механизмерди түзүүнү, жоболорду жана эки өлкөнүн ортосундагы жана башка расмий документтерди талап кылган.

Ушундай кырдаалда биринчи кезекте Россия Федерациясы менен илимий байланыштарды калыбына келтирүү жана андан ары өнүктүрүү стратегиялык милдеттерден болуп саналган.

Илимий байланыштарды кайрадан калыбына келтирүүнүн жана өнүктүрүүнүн негизги жолдору, форматтары:

- өкмөттөр аралык кабыл алынган Келишимдердин негизинде өлкөлөрдүн улуттук илимдер академияларынын кызматташуусу аркылуу,
- окуу жайлардын илимий байланыштарын өнүктүрүү, окуу жайлардын кафедралары жана илимий башка структураларынын мамилелери жана байланыштары аркылуу,
- окумуштуулардын жекече илимий байланыштары жана демилгелери аркылуу ишке ашырылган.

Коомдо илим жана илимий байланыштарды сактоо жана кантип өнүктүрүү жөнүндөгү олуттуу маселе жаралган чакта Кыргызстан менен Россия Федерациясы 1991-жылдын 21 – июлунда кол койгон эки өлкөнүн ортосундагы мамлекеттер аралык мамилелердин негиздери жөнүндөгү Келишим чоң мааниге ээ болгон. Аталган Келишимдин 26 – беренесинде илим жана илимий чөйрөдөгү андан аркы кызматташуунун негиздери аныкталган:

-“Макулдашкан бийлик тараптар фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөө чөйрөсүндө кеңири жана натыйжалуу кызматташууну жана азыркы илимдин, техниканын жана технологиянын жетишкендиктерин пайдаланууну камсыздоо үчүн иш-чараларды көрөт.

-Тараптар улуттук академиялары, илимий борборлору ортосунда узак мөөнөттүү негизде тыгыз байланыштарды тереңдетүүгө көмөктөшөт, жалпы программаларды, долбоорлорду, окумуштуулардын, изилдөөчүлөрдүн, стажерлордун жана практиканттардын тажырыйба алмашуусун колдойт.

- Биргелешкен илимий жана илимий-өндүрүштүк коллективдерди

түзүүгө жана алардын ишмердиктерине көмөк беришет” [186,49].

Ал эми аталган документтин 25-беренесинде болсо окумуштуулук наамдарды жана даражаларды эки өлкөнүн өз ара таануусу бекемделген. Бул берене окумуштуулардын байланышын күчөтүүгө чоң түрткү болгон.

Кыргызстан менен Россия Федерациясы ар кандай мүмкүнчүлүктүү механизмдер аркылуу өз ара илимий байланыштарын сактап калууга жана өнүктүрүү үчүн аракеттерди жасашкан. Ал ириде эки өлкө ортосунда мамлекеттер аралык, эки өлкөнүн Улуттук Академиялары ортосундагы келишимдер жана жогорку окуу жайларынын кафедралары, илимий борборлорунун ишмердиктери жана өз ара байланыштары аркылуу ишке ашкан.

Жогоруда белгилегендей, 1996-жылдын март айында кол коюлган Россия Федерациясынын өкмөтү менен Кыргыз өкмөтүнүн ортосундагы жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтык тууралуу Келишимге ылайык эки өлкөнүн мамлекеттик жогорку окуу жайларынын базасында эки тараптуу тартипте жогорку окуу жайлардын филиалдарын түзүү каралган [186,448]. Натыйжада бир канча жождордо Россия Федерациясынын жождорунун филиалдары ачылган. Бул филиалдар жогорку окуу жайлардын өз ара илимий карым-катышына да таасир тийгизип, маанилүү роль ойногон. Анткени, филиалдар Россиянын жогорку окуу жайларындагы окуу стандарттары менен гана иштебестен, Кыргызстандын жогорку окуу жайлары менен биргеликте ар кандай илимий багыттагы иш-чараларды да тынбай өткөрүп келген.

1996-жылдын 22 - августунда кабыл алынган Россия Федерациясынын “Жогорку жана жогорку окуу жайлардан кийинки кесиптик билим жөнүндөгү” Федералдык мыйзамынын 33-статьясында өлкөнүн жогорку окуу жайларынын эл аралык кызматташтыгынын төмөнкүдөй формалары бекитилген:

- Студенттерди, аспиранттарды, докторанттарды, педагогикалык жана илимий кызматкерлерди эки тараптуу жана көп тараптуу алмаштыруу программаларына катышуусу;
- Биргелешкен илимий изилдөөлөрдү, конгресстерди, конференцияларды, симпозиумдарды ж.б. иш-чараларды өткөрүү;
- Фундаменталдуу жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү, ошондой эле чет элдик юридикалык тараптардын буйрутмасы боюнча тажырыйбалуу-конструктордук иштерди жүзөгө ашыруу ж.б. каралган [207].

Бул ченемдик-укуктук база Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын ишмердигиндеги чет элдик жогорку окуу жайлар, анын ичинде Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары менен илимий байланыштардын активдешүүсүнө түздөн-түз таасир берген.

Биз изилдөөгө алган мезгилде Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети, К. Карасаев Бишкек Гуманитардык Университети, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик Медицина Академиясы, К. Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясы, ИИМдин Бишкек жогорку мектеби, Ош Мамлекеттик университети жана башка республиканын башкы жогорку окуу жайлары Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары жана илимий мекемелери менен өзүнүн илимий байланыштарын жаңы нукта өнүктүрө баштайт.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен биз жогоруда аты аталган (караңыз таблица 3.5.) Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен аталган Келишимдер алкагында окуу-методикалык жана илимий-техникалык байланыштарды жүргүзүп келген.

Аталган окуу жайы 2000-жылдан кийин да Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен өзүнүн илимий-техникалык байланыштарын улантып келген. Мисалы, Россия Илимдер

Академиясынын Сибир бөлүмүнүн археология жана этнография Институту менен натыйжалуу кызматташуу менен келишимдик негизде М.И.Ломоносов атындагы Москва Мамлекеттик университети, Россия Илимдер Академиясынын Чыгыш таануу институтунун Санк-Петербург филиалы, Москва мамлекеттик лингивистика университети менен илимий жана билим берүү жаатындагы кызматташтыгын үзбөй кармап келет [131]. Ошондой эле аталган окуу жайга караштуу фундаменталдуу илимдер институту Обнинск шаарындагы Ростгидрометтин “Тайфун” илимий-өндүрүштүк бирикмеси менен кызматташуусун уланткан. Келишимге ылайык аталган институттун кызматкерлери россиялык коллегалары менен биргеликте эл аралык конференцияларга, симпозиумдарга катышып жүрүшөт. Мисалы, 2003-жылы Москва шаарында болуп өткөн Климаттын өзгөрүүсү тууралуу конференцияга, 2004-жылы Санк-Петербург шаарында болуп өткөн КМШ өлкөлөрүнүн “Атмосфералык радиация” аталышындагы эл аралык симпозиумга ж.б.окуу жайдын кызматкерлери барып келишкен. Бул илимий байланыштардын жыйынтыгында бир канча өлкөлөрдүн окумуштууларынын макалаларынан турган жыйнактар жарык көргөн [128,138].

Аталган окуу жайы Москва шаарындагы Эл аралык Илимий-техникалык Борбор менен “Кыргызстан, Түндүк Тянь-шандын үстүндөгү атмосферадагы климатты пайда кылган жана булгоочу газдардын өзгөрүлмөлүүлүгүнө мониторинг” долбоорунун алкагында кызматташат. Долбоор үч жылга созулуп, ага Санк-Петербург университети, Обнинск жана Снежинск шаарларындагы илимий мекемелер да катышышкан [108]. Ал эми окуу жайдын орус филологиясы факультети М.Ломоносов атындагы Москва Мамлекеттик университети, Москва Лингивистикалык университети, Москва педагогикалык университети, Пушкин атындагы Москва орус тили институту менен байланышта иштеп келет. Ал эми химия жана

химиялык технология факультети Санк-Петербург мамлекеттик университетинин физикалык химия кафедрасы менен биргелешкен изилдөөлөрдү жүрзүзүүдө жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоодо кызматташып келет, биология факультети болсо Россия Илимдер Академиясынын Өсүмдүктөрдүн физиологиясы институту менен илимий байланыштарды жүргүзөт [109]. 2004-жылы Улуттук университетте М.Ломоносов атындагы Москва Мамлекеттик университетинин 250 жылдык мааракесине арналган атайын илимий конференция уюштурулган[110]. Химия жана химиялык технология факультетинин окумуштуулары С.О.Карабаев, З.С.Муксумова, В.А.Фридман Санк-Петербург, Воронеж университеттеринде болуп өткөн конференцияларга жана семинарларга [111], К.М.Алиева Ростов на Дону шаарында болуп өткөн “Рационализм и культура на пороге III тысячилетия” аталышындагы философиялык конгресске катышып келишкен [112]. Тарых жана аймактаануу факультетинин профессору И.Б.Молдобаев, доценти Т.И.Асанов Москва шаарында болуп өткөн “100 лет со дня рождения Ю.Н.Рериха” аталышындагы илимий конференциянын катышуучулары болушкан [113]. И.Б.Молдобаев Россиялык жана Якутиялык окумуштуулар менен биргеликте Тибетке болгон илимий экспедицияга катышып келишкен [114].

1993-жылдан тартып Кыргыз Мамлекеттик Медицина Академиясынын соттук медицина жана укукка киришүү кафедрасы Новосибирск медициналык институту менен кызматташа баштаган. 1995-1998-жылдары КММАнын нормалдуу физиология кафедрасы Павлов атындагы Санк-Петербург медициналык университетинин ушундай аталыштагы кафедрасы, Россия Федерациясынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин травматология, ортопедия кафедрасы менен байланыштарды түзгөн. Анын максаты окутуучуларды стажировкалардан өткөрүү болгон [127].

Ал эми 1995-жылдан баштап Кыргызстандагы Эл аралык

Университети Москва Мамлекеттик Эл аралык мамилелер институту менен, 1993-жылдан тартып Москвадагы Заманбап Гуманитардык университети, 1995-жылдан тартып Якут Мамлекеттик университети, 1998-жылдан тартып Россия Элдердин Достугу университетинин Эл аралык укук Институту менен келишимдик негизде илимий кызматташуусун баштаган. Новосибирск мамлекеттик университети менен да илимий байланыштарды кармашкан. Университеттин кызматкерлери Россия Федерациясынын аймагында болуп турган илимий конференцияларга, иш-чараларга үзбөй катышып келишкен. Мисалы, Москва шаарында 1996-жылы болуп өткөн “Высокогорные исследования в перспективе XXI века” аталышындагы Эл аралык конференцияга, 1996-жылы Петербург Мамлекеттик университетине биргелешкен долбоорлорду иштеп чыгууга катышып келишкен.

Эл аралык кызматташтыкты түзүүгө жана өнүктүрүүгө белгилүү гана жогорку окуу жайлары аракет кылбай, жаңы ачылган өлкөнүн облустарындагы окуу жайлар да интеграциялануга анын ичинде илимий жактан байланыштарды, кызматташтыкты өнүктүрүүгө аракеттерди жасашкан. Алсак, 1998-жылы Нарын мамлекеттик университети Челябинск мамлекеттик педагогикалык университети, Урал мамлекеттик университети менен кызматташтык жөнүндөгү Келишимдерди түзгөн. [127].

Жогорку окуу жайлар ортосунда түзүлгөн келишимдердин көбүндө илимий кадрларды даярдоо жагы каралган. Москванын, Санк-Петербургдун. Новосибирскдин, Томскинин, Красноярскинин, Екатерингбургдун, Челябинскинин илимий борборлорунда Кыргызстандын Улуттук Академиясынын жана жогорку окуу жайларынын кызматкерлери стажировкалардан өтүшкөн, диссертацияларын коргошкон. Алсак, 1999-жылдын апрель-май айларында МГИМОнун аспирантурасына толук курста окуу үчүн 51 адам арыз берген [127,5].

1996-1998-жылдары Кыргыз Мамлекеттик Медицина Академиясынын окутуучулары Москва шаарындагы врачтардын билимин өркүндөтүүнүн Борбордук институтунан стажировка өтүшкөн. Кыргыз Республикасынын Ички Иштер Министрлигинин Бишкек Жогорку мектеби Россия Федерациясынын Ички Иштер Министрлигинин Башкаруу Академиясы менен кызматташтык түзүшкөн. Натыйжада 1994-жылдан 1997-жылга чейин аталган окуу жайдын 6 кызматкери кандидаттык диссертациясын коргоо менен адъюнктурадан өтүшкөн. 90-жылдардын аягында Москвада дагы 15 адъюнктар билим алышкан [127,20].

Биз иликтөөгө алган 1991-2011- жылдардагы тарыхый аралыкта Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен илимий байланыштарды Бишкек Гуманитардык Университети активдүү жүргүзүп келген. Окуу жай М.В.Ломоносов атындагы Москва Мамлекеттик университети, Санк-Петербург университети, Россия билим берүү Академиясы, Россия Федерациясынын Коргоо Министрлигинин Аскер университетинин чыгыш тилдери кафедрасы менен, ошондой эле Москва, Пятигорск, Нижегород, Иркутск мамлекеттик лингивистикалык университеттери менен илимий карым-катыштарды жасаган. 1996-жылы аталган окуу жайдын окутуучусу Э.Орозалиев Москвада өткөн Социалдык жумуштуулук проблемалары боюнча эл аралык конференцияга катышып келген. Ал эми 1997-жылы окутуучулар М.Асанбеков жана А.Асамбаев Днепропетровск шаарындагы болуп өткөн эл аралык конференцияга катышышкан. Ушул эле жылы БГУнун профессору К.Исаев Москва шаарында өткөн Россиянын социологдор коомунун конференциясында доклад жасаган. 1996-1998-жылдары Москва мамлекеттик Университетинде БГУнун 8 окутуучусу стажировкадан өтүшкөн. БГУнун кызматкерлери Москва, Санк-Петербург шаарларында болуп өткөн эл аралык конференцияларга катышышкан, ошондой эле 1998-жылы Санк-Петербург шаарында болуп

өткөн жалпы жана прикладдык химия боюнча XVI эл аралык съездге делегат болуп барып келишкен. Ошондой эле аталган окуу жайдын Славян таануу факультети “Аймак таануу”багыты боюнча ШКУнун түйүндүк университетинин долбоорунда иш алып барып, мунун алкагында “Борбор Азия жана ШКУга мүчө мамлекеттердин социалдык-саясый жана маданий-экономикалык өнүгүүсү”, “Аймак таануу, лингивистика жана маданияттар аралык коммуникация” программалары боюнча пилоттук магистратура ачылган. Бишкек Гуманитардык Университетинин 3 магистранты  Россия Федерацисында ШКУнын магистрдик программалары боюнча билимин өркүндөтүп жатышат [228].

2003-жылы КР Улуттук Илимдер Академиясы жана республиканын жогорку окуу жайлары менен биргеликте Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына карата 20 эл аралык жана республикалык илимий-теориялык жана практикалык конференцияларды өткөргөн. Алсак, Бишкек шаарында 2003-жылы май айында “Кыргызстандагы жана Борбор Азиядагы мамлекеттүүлүк: тарыхы жана келечеги” аттуу илимий-педагогикалык конференция, ал эми ушул жылдын  ноябрь айында “Евразиялык чындыктын системасында кыргыз мамлекеттүүлүгү” деген темада чыгыш таануучулардын эл аралык конгресси болуп өтөт. Конференцияга Россиянын чыгыш таануучу В.М.Массон, С.Г.Кляшторный, Ю.Н.Худяков сыяктуу көрүнүктүү окумуштуулары да катышат. Конференциянын жыйынтыгы менен  эки томдон турган “Цивилизациялар диалогу” деген китеп жарыкка чыгат [188,130]. 2004-жылы И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык университетинин тарыхчы-окумуштуулары профессор А.Асанкановдун жетекчилиги менен Алтай, Тува жана Хакасияга болгон археология-этнографиялык эл аралык экспедициянын уюштурушкан. Экспедицияга россиялык окумуштуулар профессорлор Ю.С. Худяков, Л.Л.Бутанаев катышышкан. Бул изилдөөнүн максаты – бул аймактарда жашаган элдердин этникалык иденттүүлүгүн жана кыргыздар менен

рухий жана материалдык маданияттагы параллелдүүлүктү аныктоо болгон. Экспедициянын жыйынтыгы менен анын катышуучулары профессор А.А.Асанкановдун, доценттер С.К.Алымкулованын жана О.К.Каратаевдин эмгектери жарык көргөн. Биз изилдөөгө алган тарыхый аралыкта К.Молдобасанов атындагы Кыргыз Улуттук Консерваториясы П.Чайковский атындагы Москва Мамлекеттик Консерваториясы жана КМШга мүчө мамлекеттердин гуманитардык кызматташуу боюнча эл аралык фонду менен илимий багытта кызматташып келген. Алсак, окуу жайдын илимий иштери боюнча проректору, искусство таануу илиминин кандидаты Е.Лузанова 2009-жылдын 18-июнунда Москвада болуп өткөн "Межкультурный диалог – системообразующий фактор развития гуманитарного сотрудничества на пространстве СНГ" аталышындагы эл аралык конференцияга катышып келген [117]. Ал эми Кыргызстандагы симфониялык мектептин негиздөөчүсү А.Тулеевдин маданий мурасын калыбына келтирүү боюнча Кыргыз Улуттук консерваториясынын долбооруна колдоо көрсөтүү өтүнүчү менен окуу жайдын ректору М.Бегалиев 2010-жылы Москва Мамлекеттик Консерваториясынын ректору профессор А.С.Соколовго кайрылган [117].

Ушул эле жылы Кыргызстанда "Орус тили КМШ элдеринин жамаатында" аталышындагы эл аралык конгресс болуп өткөн. Конгресске Россиянын жана КМШ өлкөлөрүнүн окумуштуулары келип катышып окумуштуулар тил саясаты, КМШ өлкөлөрүндөгү орус тилинин ролу ж.б. маселелерди талкуугa алышкан [149].

2005-жылдын февраль айында Россия Илимдер Академиясынын президенти Ю.С.Осиповдун жана Москва мамлекеттик университетинин ректору В.А.Садовничийдин демилгелери менен уюштурулган Илимди жана билим берүүнү интеграциялоонун натыйжалуу моделдерин издөө маселесине арналган Эл аралык Кеңешме Бишкек шаарында болду. Кеңешмеге КМШ өлкөлөрүнүн Улуттук Илимдер Академияларынын президенттери, университеттердин Евразия ассоциациялары жана

ректорлордун Россия союзу катышышты. Кеңешменин жыйынтыгы менен “Бишкек декларациясы” кабыл алынган. Бул документте бирдиктүү илимий-билим берүү, гуманитардык мейкиндикти түзүүгө умтулуу жана натыйжалуу инновациялык системаны түзүү зарылдыгы белгиленген [1].

Ошондой эле эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын ортосундагы илимий байланыштарды кеңейтүүдө жана чыңдоодо илимий парктар жаатындагы кызматташуу тууралуу идеяны Москва Мамлекеттик Университетинин ректору, академик В.А.Садовничий өзүнүн Бишкек шаарында болуп өткөн эл аралык Кеңешмеде чыгып сүйлөгөн сөзүндө билдирген. Мындай парк Москва мамлекеттик Университетинде иштеп, анда  40ка жакын жогорку технологиядагы фирмалар өз ишмердиктерин жүргүзүп жатканын жана анын абдан натыйжалуу экендиги жана мындай ишмердик инновациялык багытта алдыга илгерилөө деп ал баса белгилеген [1,10]. Эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын илимий байланыштарында айрым окумуштуулардын эмгеги да роль ойнойт. Мисалы, россиялык тарых илимдеринин доктору Ю.С.Худяков Кыргызстандын илимий мекемелери жана жогорку окуу жайлары менен көп жылдардан бери кызматташып келет. Ал өзүнүн докладдары, баяндамалары, лекциялар курсу менен Кыргызстандын коомчулугуна кеңири таанылган. Ал “Байыркы жана орто кылымдагы  Кыргызстандын археологиясы” аталышындагы эки өлкөнүн биргелешкен изилдөө программасын  жетектеген.

Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлар ортосундагы илимий байланыштарынын активдешүүсүнө жогоруда токтолуп кеткендей, Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ) түзүлүшү да олуттуу таасир эткен. Ошондой эле ЕвроАзия экономикалык Союзуна (ЕврАзЭС )мүчө мамлекеттер  алкагында да жогорку окуу жайлардын өз ара карым –катышына, студенттердин жана окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүнө  бир топ мүмкүнчүлүктөр

түзүлгөн. Анткени Болон процессинин эң башкы милдети - бирдиктүү европалык билим берүү жана илимий мейкиндикти түзүү болуп саналат. Ошондуктан илимий жана окуу программаларынын көп түрдүүлүгү жогорку окуу жайлардын өз ара кызматташтыгына жол ачкан. Студенттер, жогорку окуу жайлардын окутуучулары, изилдөөчүлөр академиялык мобилдүүлүк программаларына катышуу менен өздөрүнүн билимин жана квалификациясын жогорулатып, өздөрү окуган же иштеген жогорку окуу жайына мыкты билим менен келишет. Ошондуктан, академиялык мобилдүүлүк адистерди даярдоодо жана илимий-методикалык байланыштарды чыңдоодо өтө маанилүү роль ойнойт. Илимий чөйрөдөгү кызматташтык үчүн да жол ачат.

2008-жылдын 3- сентябрында Бишкекте өткөн соода-экономикалык, илимий техникалык жана маданий кызматташтык боюнча Кыргыз-Санк-Петербург биргелешкен комиссиясынын жыйынында илимий-изилдөө программаларына, илимий-техникалык маалыматтарды бөлүшүү, илимий кадрларды аспирантурада жана докторантурада даярдоо, адистерди Санк-Петербург шаарында жана Кыргызстанда өткөн илимий конференцияларга жана семинарларга катыштыруу ж.б. маселелер каралган жана чечим кабыл алынган.

Дүйнөдөгү саясий өзгөрүүлөр, адамзаттын дүйнөлүк баалуулугуна мамлекеттердин умтулушу, ааламдашуу процесси, билим берүүнүн саясаттан тышкары өнүгө башташы дүйнөлүк билим берүүнүн объективдүү түрдө интернационалдашына алып келди. Өлкөлөр мурдагыдай ар кандай “изм” саясатынан кооптонушпай дүйнөдөгү алдыңкы тажрыйбаны, илимдин жетишкендиктерин, жаңы технологияларды кеңири пайдалануусуна объективдүү шарттар түзүлө баштады. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк илимий өнүгүүдөн алыс болуу мамлекеттер үчүн кооптуу. Бул артта калуунун кепилдиги десе да болот. Айрыкча жогорку окуу жайлардагы илимий чөйрөдө тескерисинче чет элдик байланыштарга жана тажрыйбаларга, илимий-изилдөөлөргө жана

жыйынтыктарга умутулуу көбүрөөк болгон. Анткени жогорку окуу жайларда кадрларды заман талабына ылайыктуу даярдоо ар дайым жаңы илимий жыйынтыктарга, технологияларга таянган жана муктаж болгон.

Ошондуктан өзүнүн өнүгүүсүндө кайсы мамлекет болбосун экономикасы кандай квалификациядагы, кандай адистерге көбүрөөк муктаж болоорун бара-бара өзү тандап алаарын тажырыйба көрсөттү. Кыргызстанда рынок муктаждыгынын талаптарын билүү жана сезүү жогорку кесиптик билим алууну, дегеле кесиптик билим алуунун нугун өзгөртө баштады. Өлкөдө жаңы заманбап кесиптерди даярдоо менен катар илимий даярдыкты көп талап кылган жана жогорку академиялык деңгээлдеги кадрларга муктаждык өскөнү байкалган. Анткени рыноктук системадагы атаандаштык адистерден жогорку даражадагы квалификацияны, академиялык билимди да талап кылган.

Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын ортосундагы илимий байланыштарды токтоосуз жүргүзүүгө эки өлкө эгемендик алгандан кийинки алгачкы жылдары эле чоң маани берген. Анткени илимди башка өлкөлөр менен кызматташпай туруп, алардан колдоолорду албай өнүктүрүү ошол маалдагы Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары үчүн бир топ эле оор болгон жана азыр деле актуалдуу болуп саналат.

- Эгемен эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы илимий байланыштарды өнүктүрүүнүн укуктук чендери жана концепциясы Кыргыз Республикасынын жана Россия Федеарциясынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарында жана мамлекеттер аралык бир канча Келишимдерде каралган жана бекитилген.
- Изилдөө көрсөткөндөй, эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы илимий жагдайдагы байланыштар негизинен төмөнкү багыттар боюнча жүзөгө ашкан:

- Магистрлерди жана аспиранттарды даярдоодо алмаштырып

окутуу, мында кеңеш мезгилдегидей эле Россиядан окутууга артыкчылык берилген;

- Жогорку окуу жайлардын окутуучуларын, илимий кызматкерлерди стажировкадан өткөрүү;
- Биргелешкен илимий иш чараларды өткөрүү (конференция, симпозиум, конгресс, жолугушуу ж.б.);
- Биргелешкен программаларды жана долбоорлорду ишке ашыруу;
- Биргелешкен илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- Илимий басылмаларды даярдоо жана жарыкка чыгаруу ж.б.

Биз жогоуда сөз кылган Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын илимий байланышы биринчи кезекте Кыргызстандын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине чыгуусуна багытталган жана буга чоң өбөлгө болду. Ошондой эле бул эки өлкөнүн билим берүү системаларынын интеграциялануусунда маанилүү фактор болуп эсептелет.

Жыйынтыктап айтканда, эки өлкөнүн ортосундагы жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштар рынок талабына керектүү кесипкөй, заманбап кадрларды даярдап чыгаруусу менен Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө чоң салым кошкон.

Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын өз ара кызматташтыгынын натыйжасында Кыргызстандын жогорку билим берүү чөйрөсү дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулууга өзүнө жол алды. Жогорку билим берүүдө көп баскычтуу система ишке кирди, билим берүүнүн технологиясында өзгөрүүлөр орун алды, студенттер үчүн көп ыңгайлуулуктарды жараткан модулдук-рейтингдик, кредиттик системалар окуу процессинде кеңири киргизилди.

Кыргызстандын орто мектебин бүтүрүүчүлөрдүн арасында Россиянын жождоруна барып окууну каалагандардын саны азыркыга чейин көп, анткени бул жождорду аяктаган адистердин билими жана кесиптик даярдыгынын сапаты бир топ жогорку деңгээлде экени менен

айырмаланат. Ошондуктан, алар өз өлкөсүндө жумушка жайгашууда чоң артыкчылыкка жана кадыр-баркка ээ болушат.

Демек, эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын ортосундагы байланыштарды мындан ары да өнүктүрүү, айрыкча Кыргыз Республикасы үчүн абдан мааниге ээ. Анткени Кыргызстандын көптөгөн жаштары Россиянын жогорку окуу жайларынан билим алгысы келишет, экинчиден, Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулуусунда Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары илимий, методикалык жана ресурстук колдоолорун үзбөй көрсөтүп жатат.

## IV бап. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын билим берүү системаларынын интеграцияланышы.

### 4.1. Эки өлкөнүн жогорку билим берүү системасынын интеграциялануусу жана Кыргыз-Орус (Славян) университети анын көрсөткүчү катары

***Интегра́ция*** деген сөз латынчадан которгондо «биригүү” дегенди билдирет. Ал эми жогорку окуу жайлардын интеграциялануусу дегенибиз бүтүндөй билим берүү системасынын, анын ичинде жогорку билим берүүнүн дүйнөлүк билим мейкиндигине кошулуу менен сапаттык өзгөрүүсүн туюнтат. Бирдиктүү билим берүү мейкиндигин кайрадан түзүү өлкөлөрдүн эгемендикке жетиши менен Россияда да, Кыргызстанда да бир эле мезгилде зарыл экендиги күн тартибине коюлган.

Кыргызстанда да билим берүү процессинде интеграциялык системага кирүүгө карата даярдыктар көрүлгөн мезгилден тартып эл аралык билим берүү программаларынын талаптарына жооп берген кадрларды даярдоонун көп баскычтуу системасы иштелип чыга баштайт. 1994-жылы көп баскычтуу системаны жүзөгө ашыруу үчүн республикада “Жогорку билим. Жалпы талаптар” мамлекеттик билим стандарты жана мамлекеттик “Жогорку кесиптик билим берүүнүн багыттарынын жана адистиктердин классификатору” иштелип чыгып, аракетке кире баштаган» [19,120].

Буга ылайык өлкөнүн жогорку билим берүүсүндө ийкемдүү мамлекеттик билим берүү стандарты иштелип чыгып, окуу жайларга киргизиле баштаган. Булар: базалык жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандарты (бакалаврларды даярдоо), мамлекеттик толук жогорку билим берүү (магистрлерди даярдоо) стандарты жана дипломдуу адистерди даярдоонун мамлекеттик стандарты болуп саналат. Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүү системасы 2-муундагы мамлекеттик билим берүү стандарттарынын базасында жана “КМШ өлкөлөрүндө бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү боюнча кызматташтык боюнча Келишимди” эске алуу менен иштелип чыккан “Жогорку кесиптик билим берүүнүн багыттары

жана адистиктеринин жакшыртылган Классификаторунун негизинде иштей баштаган [153,146].

Ошондой эле шериктеш мамлекеттер тарабынан билим берүүнү интеграциялоо маселелери боюнча эл аралык нормативдүү документ катары “Билим берүү жөнүндөгү” моделдүү мыйзам, “КМШ өлкөлөрү үчүн моделдүү билим берүү кодекси” сунушталган. Бул документтерди иштеп чыгууга Кыргыз Республикасы да активдүү катышкан.

Кыргызстандын билим берүү министрлиги менен Россия Федерациясынын билим берүү министрлигинин жана Илим, жогорку мектеп жана техникалык саясат Министрлигинин Жогорку Мектеп боюнча Комитетинин ортосунда билим берүү жаатында кызматташуу тууралуу Келишими 1992-жылы кабыл алынган. Аталган документте эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын өз ара кызматташтыгы жана байланыштары жөнүндөгү негизги жоболор иштелип чыккан.

Мындан тышкары, Россия Федерациясы менен Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын интеграциясында КМШ жана ШКУ алкагында кабыл алынган бир канча расмий документтер да базалык функцияны аткарышкан. Алсак, Ташкент шаарында (1992-ж.) КМШга мүчө мамлекеттердин билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтыгы жөнүндөгү Келишимге кол коюлган [8,12].

Андан соң 1997-жылы КМШга мүчө өлкөлөрдүн өкмөттөрү КМШда бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү Концепциясына жана КМШ бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү боюнча кызматташтык жөнүндөгү Келишимди кабыл алышкан [8,19].

Мунун баары бул мамлекеттер ортосундагы, анын ичинде Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын билим берүүдөгү интеграция процессине абдан чоң негиз түзүп берген. А.Б.Абдрашев белгилеп кеткендей, эгер “жогорку билим берүүнүн дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграция болуусунун табиятын улуттук билим берүү системаларынын жакындоосу, бирин бири толуктап туруу жана жогорку

билим берүүнү дүйнөлүк социалдык системага айлантуу” [15,36] деп түшүнсөк, бул документтерде КМШга мүчө мамлекеттерде бирдиктүү билим мейкиндигин калыптандыруунун бул багыттагы төмөнкүдөй негизги принциптери бекитилген:

- КМШга мүчө мамлекеттердин улуттук билим берүү системаларын жакындатуу, илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана аттестациялоо;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттары, программалары, стандарттар, илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун жана аттестациялоонун талаптары боюнча макулдашуу;
- Билим берүүнун бардык деңгээлдериндеги субъекттердин жана билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташууну уюштуруу боюнча менчиктин бардык түрүндөгү мекемелердин демилгелерин колдоо;
- Билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде биргелешкен билим берүү мекемелерин жана илимий-изилдөө мекемелерин (уюмдарын) түзүүдө кооперация жана өз ара пайдалуу кызматташтык ж.б.

Бул багыттар мамлекеттер ортосундагы билим берүүдөгү интеграция процессин өнүктүрүү боюнча кандайдыр бир методологиялык ролду аткарышкан. Аталган Концепцияда болсо бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүүнүн жана өнүктүрүүнүн негизги принциптери, багыттары жана этаптары бекитилген.

Шериктештикке мүчө мамлекеттердин бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүүнүн негизги принциптери болуп улуттук билим берүү системаларын жакындаштыруу жана илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациядан өткөрүү; мамлекеттик билим берүү стандарттарын, программаларды, стандарттарды, илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана аттестациялоо боюнча талаптарды макулдашуу

ж.б. саналган. Ал эми билим берүү мейкиндигин түзүүнүн негизги багыттары болуп билим берүү чөйрөсүндө, илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоодо жана аттестациядан өткөрүүдө интеграциялык процесстерди өнүктүрүү жана колдоо маселелерин жөнгө салган мыйзам базасын түзүү жөнүндө сунуштарды иштеп чыгуу, калктын билим берүү боюнча муктаждыктарын жана Шериктеш мамлекеттердеги жогорку квалификациядагы кадрларга болгон муктаждыктарды аныктоо боюнча изилдөөнү өткөрүү, эмгек рыногундагы кырдаалга прогноз жасоо ж.б. болуп саналат. Бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү негизинен үч этаптан ишке ашаары белгиленген. Биринчи этап, бул багыттагы мамлекеттер аралык программаларды түзүү, экинчи этапта, улуттук мыйзамдарды гармонизациялоо, моделдик мыйзам актыларын иштеп чыгуу болсо, үчүнчү этап, социалдык-экономикалык жана уюштуруу-башкаруу механизмдерин түзүү экендиги көрсөтүлгөн.

Мындан тышкары, Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин жана Шанхай кызматташтык уюмунун алкагында жогорку билим чөйрөсүндөгү байланыштар, кызматташуу жана бирдиктүү билим мейкиндигин түзүү багытын камтыган бир канча эл аралык документтерге кол коюлган. Ал документтер Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлар ортосундагы өз ара алакасын дагы да тереңдетүүгө өбөлгө түзгөн. Алсак, Чолпон-Ата шаарында 1997-жылдын 11-октябрында Кыргыз Республикасынын, Россия Федерациясынын, Беларусь Республикасынын, Казахстан Республикасынын Парламенттер аралык комитетинин токтому менен Билим берүү жөнүндөгү моделдүү мыйзам кабыл алынган [10]. Аталган мыйзам жогоруда белгиленен мамлекеттердин парламенттерине улуттук мыйзамдарда колдонуу үчүн сунушталган. Моделдүү мыйзамдын максаттары КМШга мүчө мамлекеттердин билим берүү чөйрөсүндөгү бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү тууралуу Концепцияны жүзөгө ашыруудагы саясатын жана практикалык ишмердиктерин жөнгө салуунун укуктук негизин камсыздоо болгон. Бул

документтин башкы максаты КМШ өлкөлөрүнүн улуттук билим берүү системаларын жакындатууга багыттоо менен бирге билим берүү процесстерин интеграциялоону өнүктүрүүнү колдоо. Ириде студенттердин, аспиранттардын жана окутуучулардын бирдиктүү билим мейкиндигиндеги мобилдүүлүгүн кеңейтүү, КМШга мүчө өлкөлөр ичинде студенттерди бирдей шартта жана укукта жогорку окуу жайларына кабыл ж.б. у.с. маанилүү мыйзамдык жана укуктук базалар бекитилген.

Кыргыз Республикасы бирдиктүү билим берүү мейкиндигине кирүүдө өзүнүн активдүүлүгүн көрсөтө алган. Алсак, 1992-1999-жылдары эле өлкө бул багытта жакынкы чет өлкөлөр, анын ичинде Россия менен 13 өкмөттөр аралык келишимдерди түзгөн [187].

1996-жылы апрель айында Казахстан, Кыргызстан, Беларуссия жана Россия Федерациясынын ортосунда экономикалык жана гуманитардык чөйрөлөрдөгү интеграцияны тереңдетүү тууралуу Келишимге кол коюлган. Бул жалпы билим берүү мейкиндигинин калыптануусунда маанилүү этаптын башталышы катары болгон.

Билими, окумуштуулук даражасы жана наамы тууралуу документтерди өз ара таануу жана эквиваленттүү экендиги жөнүндө Келишим (1998-ж); Экономикалык жана гуманитардык чөйрөдөгү интеграцияны тереңдетүү жөнүндөгү Келишимге катышкан мамлекеттердин жарандарына окуу жайларга өтүп жатканда тең укуктарды берүү тууралуу Келишим (1998-ж); КМШга мүчө мамлекеттердин билим берүү мекемелеринин ишмердиктерин лицензиялоо боюнча иштерди координациялоо, аттестациялоо жана аккредитациялоо жөнүндөгү Келишим (2001-ж); КМШга мүчө мамлекеттерде жогорку окуу жайлардын филиалдардын ачуу жана иштетүүнүн тартиби жөнүндөгү Келишим (2001-ж) кабыл алынган.

Бул документтердеги жогорку билим чөйрөсүндөгү кызматташуу багыттары окумуштуулар Ж.С. Байтерекова жана Т.А.Абдырахманов белгилегендей, төмөнкүдөй субаймактык, аймактык жана дүйнөлүк интеграциялык процесстерди аныктаган:

- КМШ өлкөлөрүнүн бирдиктүү билим берүү мейкиндигинин калыптануу процесси;
- КМШ жана Кытай Эл Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун алкагында билим берүү чөйрөсүндөгү интеграция процесси;
- Болон декларациясынын негизинде бирдиктүү европа билим берүү мейкиндигинин түзүлүү процесси.

Булардын ичинен бир топ интенсивдүү жана жемиштүү интеграциялык процесстер КМШ менен ШКУнун алкагында жүргөндүгүн да жогорудагы окумуштуулар белгилешкен [196].

КМШ мамлекеттери ортосундагы бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүүдө жана жогоруда аталган бул багыттагы Концепцияны жүзөгө ашырууда башкы инструмент катары билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтык боюнча Кеңеш чоң роль ойногон. Кеңеш ар бир маанилүү маселелер боюнча өзүнүн жыйындарын тынбай өткөрүп турган. Айрыкча туруктуу комиссияларынын, базалык уюмдарынын жана координаторлордун аракети жогору болгон. Мисалы, КМШда тил жана маданият боюнча базалык уюм болгон Москва Мамлекеттик Лингвистика Университети бул багытта абдан көп жана жемиштүү иштерди аткарган жана азыр да улантып жатат. Аталган окуу жай "КМШга катышуучу мамлекеттердин тилдеринин жана маданиятынын өз ара карым-катышынын актуалдуу проблемалары" деген эл аралык симпозиум, "XXI кылымда КМШ өлкөлөрүнүн тилдеринин жана маданиятынын диалогу" деген аталыштагы эл аралык илимий-практикалык конференция ж.б. өткөргөн [196.58]. Албетте, тил интеграциялык процессте өтө чоң роль ойнойт. Мында мамлекеттер аралык байланыш каражаты болгон орус тили тууралуу туура саясаттын болушу да мааниге ээ. Анткени, КМШ өкөлөрү ар бири өзүнүн маданиятына жана тилине ээ. Мындай шартта орус тилинин интеграциялык процесстеги ролун ар бир өлкө баалай жана түшүнө билүүсү абзел.

Жогоруда белгилегендей, экинчи дагы бир маанилүү процесс Шанхай кызматташтык уюмуна кирген мамлекеттер ортосундагы бирдиктүү билим

берүү мейкиндигин  калыптандыруу эле. Бул процесстеги маанилүү этап болуп 2005-жылдан 26-октябрындагы  Москвадагы ШКУга мүчө мамлекеттердин  өкмөт башчыларынын  жыйынын айтсак болот. Анткени бул иш чарада билим берүү чөйрөсүндөгү  кызматташтыкты, ошондой эле билим берүү чөйрөсүндөгү  кызматташтык тууралуу өкмөттөр аралык келишимди активдештирүү тууралуу чечимдер кабыл алынган. Аталган келишимге 2006-жылдын 15-июнунда кол коюлган. Бул документ  билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтыктарды активдүү өнүктүрүүнүн укуктук базасын түзгөн. Ошондой эле жалпы билим берүү мейкиндигин калыптандыруу процессине  ШКУнун билим берүү министрлеринин  2008-жылдын 23-октябрындагы Астана шаарында өткөн  кеңешмесинде  да аткарылган иштердин белгилүү бир жыйынтыгын чыгарышат. Кеңешмеге катышкандар буга чейин 30-сентябрдан 3-октябрга чейин ШКУнун  Москва шаарында болуп өткөн  "Билим берүүнүн чеги жок" деген аталыштагы билим берүү жумалыгына чоң баа беришкен. Бирдиктүү билим берүү  мейкиндигин калыптандыруу багытында жемиштүү кызматташтыктын дагы бир мисалы, Билим берүүнүн экинчи жумалыгы жана  Москвада 2009-жылы 26-28-майда өткөн  ШКУга мүчө мамлекеттердин башкы жождорунун ректорлорунун биринчи Форуму болуп саналат.

Мындай өлкөлөр аралык иш-чаралардын жыйынтыгы катары  КМШ жана ШКУга мүчө өлкөлөрдө бирдиктүү билим берүү мейкиндигин  түзүү боюнча  максатка багытталган иш-чаралардын кабыл алынып ишке ашуусу тездеген.

Натыйжада  Кыргызстандын  жогорку билим берүүсүндө ийкемдүү мамлекеттик билим берүү стандарты киргизилет. Булар: базалык жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандарты (бакалаврларды даярдоо), мамлекеттик толук жогорку билим берүү (магистрлерди даярдоо)  стандарты жана  дипломдуу адистерди даярдоонун мамлекеттик стандарты болуп саналат. Кыргыз Республикасында  жогорку кесиптик билим берүү системасы 2-муундагы  мамлекеттик билим  берүү стандарттарынын

базасында жана “КМШ өлкөлөрүндө бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү боюнча кызматташтык боюнча Келишимди” эске алуу менен иштелип чыккан “Жогорку кесиптик билим берүүнүн багыттары жана адистиктеринин жакшыртылган Классификаторунун негизинде иштейт [153,146].

Ошондой эле КМШ мамлекеттеринин Парламенттер аралык Ассамблеясынын «Бирдиктүү билим берүү мейкиндиги жөнүндөгү» 1994-жылдын 18-мартындагы Токтому да постсоветтик мамлекеттердин жождорунун өз ара кызматташтыгына жол ачкан. Аталган документтин 1-пунктунда: “Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлар боюнча мамлекеттик Комитетинин председатели В.Г.Кинелевдин Шериктеш мамлекеттердин жогорку билим берүү чөйрөсүндө кызматташуусунун узак мөөнөттүү программасын түзүү жана жүзөгө ашыруу боюнча берген маалыматын кабыл алуусу” белгиленген [223]. Ошондой эле бул документке карата толуктоо-тиркемеде КМШга мүчө мамлекеттердин территориясында билими тууралуу документти өз ара таануу боюнча Конвенцияны иштеп чыгуу, бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү үчүн мүчө мамлекеттердин максаттуу фондун жана КМШ мамлекеттеринин территориясында студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн камсыздоо үчүн программаны түзүү каралган. Аталган эл аралык документ Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигиндеги жогорку окуу жайлардын өз ара алака түзүүсүндө чоң мааниге ээ болгон. Анткени бул документке ылайык студенттер союз учурундагыдай мурдагы Советтер Союзунун ичиндеги негизги мамлекеттерге барып билим алууга мүмкүнчүлүк алышат.

Андан тышкары Кыргызстандын окуу жайларын аяктаган диплом менен КМШ өлкөлөрүндө иштей алышат. Бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү принциптерин жетекчиликке алып, Кыргызстан 11 КМШ өлкөлөрү менен байланыш түзгөн. Бул өлкөлөрдүн тиешелүү министрликтери менен өкмөттөр жана ведомстволор аралык кызматташуу тууралуу 28 келишим түзүлгөн [224]. 1997-жылдын 17-январында түзүлгөн КМШ өлкөлөрүндө бирдиктүү билим берүү мейкиндигин калыптандыруу

боюнча кызматташтык жөнүндөгү келишимге кол коюлган. Ушул мезгилден баштап Кыргызстандын жогорку окуу жайлары менен КМШ мамлекеттерининин жогорку окуу жайларынын ортосундагы өз ара мамиле жана кызматташуу дагы да активдеше баштаган.

2011-жылдын сентябрь айынын башында Кыргызстандын алдыңкы жогорку окуу жайларынын ректорлору Италиянын Болон шаарына барып университеттердин Улуу хартиясына расмий кошулуу аземине катышып келишкен. Негизи Кыргызстан Болон процессине 1998-жылдан тартып 10 университетте атайын пилоттук долбоор иштеп, негизинен анын академиялык мобилдүүлүк, айкындуулук жана кредиттик сааттарды тапшыруу өндүү өзгөчөлүктөрүн окуу системасына киргизишкен. Ал эми Кыргызстандагы Эл аралык университет, Бишкек финансы-экономикалык академиясы сыяктуу менчик окуу жайлар аталган процесске эки жыл мурун өз алдынча расмий киришкен [179].

Демек, эгемендик жылдары Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү жаатындагы интеграция процесси постсоветтик мейкиндиктеги иштеп жаткан жогоруда айтылып кеткендей, ар түрдүү интеграциялык структуралардын жана документтердин алкагында жана негизинде жүргүзүлүп келди.

Бирдиктүү билим берүү мейкиндигине кошулуудагы маанилүү кадамдардын дагы бири республикадагы жогорку окуу жайлардын сан жагынан өсүүсү жана аларда кесиптик билим берүүдөгү ачыктык жана заманбап адистерди даярдоо мурдагыга караганда бир топко көбөйүүсү республиканын жогорку окуу жайларында чет өлкөлүк студенттердин көбүрөөк келип окуй баштоосуна өбөлгө түзгөндүгүндө болду. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында 210 адистик боюнча билим жана кесип бериле баштады. Ошону менен бирге бул жогорку окуу жайларынын дээрлик бардыгы көп баскычтуу жогорку кесиптик билим берүүгө өтүштү. 51 жогорку окуу жайда бакалаврларды даярдоо ишке ашса, 19 жогорку окуу жайында магистрдик программа иштейт [19,52].

Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын эл аралык билим берүү мейкиндигине интеграцияланышы бир катар тенденцияларга жана өзгөчөлүктөргө ээ болду:

- биринчиден, республикада Кыргыз-Орус Славян университети, Борбор Азиядагы Америка Университети, Кыргыз-Түрк Манас университети, Кыргыз-Түрк Ала-Тоо университети, Кыргыз-Өзбек университети, Кыргыз-Кувейт университети жана башка трансулуттук жогорку окуу жайлары ачылып, ишмердигин жүргүзө башташкан. Бул окуу жайларда негизинен бакалавр багытында жана магистрдик прогрммалар боюнча билим берилет.
- экинчиден, Кыргыз-Орус Славян университети сыяктуу кээ бир трансулуттук окуу жайларда жана Кыргызстандын бир катар башкы окуу жайларында адистерди даярдоонун көп баскычтуу системасы советтик система боюнча дипломдуу адистерди даярдоо менен айкалыштырып окутулган.
- үчүнчүдөн, борбордо жайгашкан, профессордук-окутуучулук курамы сапаттуу, чет элден келип окуган студенттери көп окуу жайлар көп баскычтуу системага өтүүсү башка жогорку окуу жайларга салыштырмалуу бир топ интенсивдүү мүнөздө болгон. Айрыкча бул активдүүлүк ”Гуманитардык жана социалдык-экономикалык илимдер” (52000) сыяктуу инновациялык жана конверттеле турган багыттарда жана программаларда көбүрөөк байкалган. Алар чет тили, орус тили жана адабияты, лингивистика, лингвистика жана жаңы информациялык технологиялар, аймак таануу сыяктуу адистиктер болуп саналат [19,175].

Кыргызстанда жыл санап бакалавриатты жана магистратураны тандаган студенттердин саны да арбый берген. Анткени бул багыттагы кесиптик жогорку билим берүүдө модулдук - рейтингдик система, кредиттик технология сыяктуу инновациялык технологиялар колдонулат. Бирок бул жагдай кийинки маалда айрым проблемалар менен да коштолгон. Анткени, Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын консерватидүү маанайдагы айрыкча мамлекеттик окуу жайлары көп баскычтуу жаңы ыкманы

колдонууга шашылбады жана колдонууну каалабаган, четке каккандары да болду. Ошон үчүн мындай жождордогу бакалаврлар менен магистрлердин саны 2002-2003-окуу жылында 11%ды гана түзүп , ал эми жеке менчик жождордо алар 26%га жеткен [133,14]. Бул азырга чейин бакалавр менен магистрлердин кыргыз эмгек рыногунда мыйзамдуу түрдө таанылбай келе жатканына да байланышат. Көптөгөн ишканаларда бакалаврлар жана магистрлер кызматтык инструкцияларда алиге чейин жок. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинде, "Жетекчилердин, адистердин жана башка кызматкерлердин квалификациялык справочнигинде" жана "Илимий мекемелердин кызматкерлеринин кызмат оруңдарынын квалификациялык мүнөздөмөсүндө" да бул багытта тиешелүү өзгөрүүлөр киргизилген эмес [196].

Экинчи жактан, мамлекеттик билим стандарттары жогорку билим берүүдөгү көп баскычтуу билим берүү системасынын спецификаларын жетиштүү эске албай келет. 4 жыл окуган бакалавр менен 5 жыл окуган адистин билим алуу көлөмүндө айырмачылыктар дээрлик жокко эсе болгон. Демек, бакалаврлардын окуу программасы бир топ интенсивдүү түзүлүп калган. Билим берүү стандарттарынын ар түрдүү баскычтарында бакалаврлар, магистрлер жана адистер квалификацияларда жана компетенцияларда так аныктама алган эмес. Азырга чейин кадрларды 3 баскычтуу (бакалавриат – магистратура – докторантура) даярдоо системасына өтүү мыйзамдаштырыла элек, анткени Ph.D докторантурасы Кыргызстанда али мыйзам жүзүндө таанылa элек. Ошондуктан, Ph.D. даражасына ээ болгон кадрлардын сөзсүз болушу керек деген жана башка талаптар жождор жана илимий мекемелер үчүн лицензиялык, аттестациялык, аккредитациялык талаптарга өзгөрүүлөр жана толуктоолор да кире элек. Ушуга байланыштуу интеграциялык процессте Кыргызстандын жогорку билим берүү чөйрөсүндө көп баскычтуу билим берүү системасын өнүктүрүү курч турат. Анткени КМШ жана ШКУга мүчө башка өлкөлөрдө бул маселе аягына чейин чечилген. Экинчиден, бул жалпы европалык "Болон

процессинин” фундаменталдык талабы болуп саналат. Бул жерде аталган процесске өтүү механикалык гана түрдө болбостон, ага Кыргыз Республикасынын профессионалдык билим берүү программаларынын сапаттык жактан адаптациялануусу да зарыл.

Кыргызстан менен Россиянын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтыгы эки өлкөнүн билим берүү системаларынын интеграцияланышында башкы багыт жана көрсөткүч болуп саналат. Анткени дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, билим берүүнүн бирдиктүү мейкиндигине чыгуу негизинен жогорку окуу жайларынын ишмердиктери аркылуу жүзөгө ашып жатканы белгилүү.

Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын интеграция болуусунун көрсөткүчү катары 1993-жылы Кыргыз Республикасынын борбору Бишкек шаарында Кыргыз-Орус Славян университети (КОСУ) ачылган. Россия Федерациясынын Өкмөтү 1994-жылдын 19-апрелинде өзүнүн №326//128/1 токтомунун негизинде Россия Федерациясынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда 1994-жылдын 23-февралында түзүлгөн Бишкек шаарында Кыргыз-Орус Славян университетин ачуу жана анын ишмердиктери жөнүндөгү кол койгон Келишимин бекиткен. Бул окуу жайдын ачылышынын негизги максаты эки мамлекеттин элдеринин өз ара мамилелеринин ынтымагын бекемдөө жана маданиятынын андан ары өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү болгон.

Кыргыз-Орус Славян университетин түзүү боюнча жумушчу топтун мүчөсү профессор А.Орусбаевдин айтымында аталган окуу жайды түзүү идеясы менен чыккандардын максаты: биринчиден, жаштарды билимге, илимге шыктандыруу, инсандын маданиятын көтөрүү окуу жайды Кыргызстандагы орус маданиятынын борборуна айлантуу, ошондой эле эки мамлекетти байланыштыруучу көпүрө кылууга жетишүү болуп саналган. Ошондой эле А.Орусбаев Кыргыз-Орус Славян университетинин Москвадагы эл аралык мамилелер институту менен өз ара байланыштары

бар экенин, бул окуу жайдын окутуучулары контракттык негизде КОСУга келип иштеп берүүгө макул экенин билдирген. Негизги маселе болгон окуу пландары Россия Федерациясынын билим берүү комитети менен Кыргызстандын билим министрлигинин стандартына ылайыкталып, эки өлкөнүн тең кызыкчылыгын көздөйт. Анын пикирине таянсак, окуу жайда тарыхты окута турган окутуучу сөзсүз Россия - Кыргызстан карым катнашынын тарыхына кайрылат. Филологдор орус, кыргыз адабиятын, тилдерин салыштырып өтүшөт. Андан тышкары КОСУдагы эң маанилүү маселе - студенттерге тил үйрөтүү болуп саналат. Студент кайсы факультетте, кайсы адистикте окубасын англис тили жумасына 8 саат, кыргыз тили 6 саат берилет. Ар бир студент кыргыз тилин практикалык жактан билиши керек. Ошондой эле дүйнөлүк тил катары англис тилин өздөштүрүүсү зарыл [185]. Албетте, студенттердин эл аралык иш чараларга катышуусунда алардын дүйнөлүк тилдерди билүүсү чоң роль ойнойт. Ошондуктан КОСУнун дагы бир өзгөчөлүгү студенттерге кесиптик билим алуу менен бирге англис тилин толук өздөштүрүүсүнө мүмкүнчүлүк бергендигинде. Жогорку билим берүүдөгү тил жагынан даярдык эл аралык интеграцияда маанилүү фактор болуп саналат.

Аталган окуу жайы мамлекеттик окуу жайы болуп, Россия Федерациясынын жана Кыргыз Республикасынын университети деген макамды алган. Окуу жайдын негизги милдети жана максаты орус тилдүү калк ичинен жана түпкү улуттун өкүлдөрүнөн гуманитардык, табыгий илимдер, илимий-техникалык, экономикалык жана юридикалык профилдеги адистерди даярдоо.

Кыргыз –Орус Славян университетинин ачылышына ошол кездеги КР президенти А.Акаев, Россиянын Тышкы иштер министри А.Козырев баштаган Россия Федерациясынан келген делегация катышкан. А.Козырев өзү жетектеген министрликтин атынан университетке 100 томдук китеп белекке берген. Университеттин тагдырына байланыштуу мамлекеттер аралык келишимге эки өлкөнүн ошол маалдагы Тышкы иштер министрлери

А.Козырев менен Э.Карабаев кол коюшкан. Келишим боюнча жаңы ачылган окуу жайы эки мамлекетке тең баш ийип, алардан тең каржыланып турмак болгон. Ошол маалдагы КР президенти А.Акаев өз сөзүндө " Славян университети Россиянын, Украинанын, Беларуссиянын, ыраакы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн көрүнүктүү окумуштуу-педагогдору келип иштеген борбор, окуу жай катары бизге керек" деп сыймыктана билдирген [172].

Россия Федерациясынын Тышкы иштер министри А.Козырев өз сөзүндө: "...Жаңы жогорку окуу жайы өзүнүн концепциясы жана ролу менен Кыргызстанда эле эмес, Россияда да уникалдуу. Окуу жайды Кыргызстандын президенти А.Акаев жана Россиянын президенти Б.Ельцин колдоп жатат. Бул болсо университеттин өнүгүп өсүүсүнүн кепили" деп баса белгилеген.

1998-жылы сентябрь айында КОСУда КМШ мамлекеттеринин ири жогорку окуу жайларынын өкүлдөру чогулушуп, Эл аралык мамилелердин мектебинин ассоциациясы(АШМО) өзүнүн кезектеги жолугушуусун ушул окуу жайда өткөрдү. Аталган ассоциацияга КМШдагы 25 негизги жогорку окуу жайлары мүчө. Жолугушуу соңунда КОСУ россиялык эки ири жогорку окуу жайы болгон Иркутск мамлекеттик техникалык жана Ыраакы Чыгыш университеттери менен кызматташуу жана тажырыйба алмашуу тууралуу Келишимге кол койгон [162].

Окуу жайдын кадыры жаштар жана коомчулукта бат жогорулап турган. Мисалы, КОСУ алгач ачылган жылы 156 студент гана окуган болсо 5 жыл ичинде, же 1998-жылы алардын саны 3167ге жеткен, башкача айтканда 20 эсеге көп болгон. Бүтүрүүчүлөрү орус жана кыргыз үлгүсүндөгү дипломдорго ээ болушат [163].

Бул окуу жайдын ачылышы Россия Федерациясы менен Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын ортосундагы карым-катыштын андан ары өнүгүүсү үчүн механизм катары түздөн-түз жол ачкан. Окуу жайга Россия Федерациясынын көрүнүктүү педагогдору жана

окумуштуулары келип сабак өтүүгө чакырылып турган. Кыргыз-Орус Славян университети бүгүнкү күндө өлкөдөгү эң алдыңкы жогорку окуу жайы катары ишмердигин жүргүзүп келет.

Аталган окуу жайда өзүнө бакалавриатты, магистратураны, 5 жылдык адистерди даярдоону, аспирантураны жана докторантураны камтыган көп тепкичтүү билим берүү системасы иштейт. Эл аралык мамилелер, юридикалык, гуманитардык, экономикалык, табыгий-техникалык, медициналык, архитектура, дизайн жана курулуш деп аталган 7 факультет бар. 42 кафедрада 40 илимдин доктору жана 11 кандидаттары эмгектенет. Кандидаттык жана доктордук диссертаияларды коргоо боюнча 5 атайын кеңеш ачылган [225].

Кыргызстандагы Россиянын элчилигинин ошол жылдагы экинчи катчысы Тимур Мучаев белгилегендей, КОСУ жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү эки тараптуу өз ара кызматташуудагы абдан ийгиликтүү долбоорлордун бири болуп саналат [201].

Окуу жайдын ачылышы менен эки мамлекеттин жогорку билим чөйрөсүндөгү өз ара кызматташуусунун масштабы кеңейген. Кыргыз-Орус Славян университети эки өлкөнүн ортосундагы жогорку окуу жайлары боюнча байланыштардын флагманы боло алды. Анткени аталган окуу жайы Россиянын жана алыскы чет элдик 17 жогорку окуу жайлары менен тыгыз байланышта иштейт. Алардын ичинде Россиянын алдыңкы окуу жайлары болгон Москва Мамлекеттик университети, Москва Мамлекеттик Эл аралык Мамилелер институту, Дипломатиялык академия, Россия Федерациясынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жарандык коргоо Академиясы , Новосибирск мамлекеттик Университети бар. Кийинки эле мезгилде КОСУ кызматташуу үчүн 200 макулдашууларга жана келишимдерге кол койгон [205].

Кыргыз-Орус Славян Университети Кыргызстан менен Россия Федерациясын билим берүү, илим, маданий жактан байланыштыруучу көпүрө катары миссиясын татыктуу аткаргандыгын аталган окуу жайдын

ачылган күндөн тартып 2011-жылга чейинки аралыктагы эл аралык кызматташтыгы чөйрөсүндөгү ишмердигин талдай келгенде көрө алдык.

1998-жылдын октябрь айында КРСУ өзүнүн 5 жылдык маарекесин белгилеген. Бул салтанатта сөз сүйлөгөн ошол маалдагы өлкө президенти А.Акаев: “КОСУ өзгөчө типтеги окуу жайы. Ал – Кыргызстан менен Россиянын достугунун символу” деп айткан. Ошону менен бирге А.Акаев көрүнүктүү орус окумуштуусу, академик Н.П. Лаверовго жана Россия Федерациясынын Кыргызстандагы ошол мезгилдеги Элчиси Г.Рудовго “Даңк” медалын тапшырган [163].

Кыргыз-Орус Славян университети өз ишмердигинде Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен активдүү кызматташкандыгын аталган окуу жайдын архивинен алган маалыматтар тастыктап турат [154;156;157;].

Бул материалдарга таянсак, Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен болгон активдүү байланыштар жыл сайын көбөйө берген. Алсак, 2001-жылы окуу жайдын 23 окутуучулары Россия Федерациясынын Жогорку окуу жайларына конференцияларга, стажировкаларга, тренингдерге, форумдарга, симпозиумдарга жана башка иш чараларга барып катышып келишкен. Ушул жылы Россиянын Санк-Петербург, Москва шаарларынан С.Г.Кляшторный, Г.А.Рудов, В.М.Массон жана Э.Г.Эйдемилер сыяктуу көрүнүктүү профессор-окумуштуулар КОСУга келип студенттерге сабак өтүп, окутуучулар менен тажырыйбаларын бөлүшүп кеткен [154].

Ал эми 2002-жылы болсо бул көрсөткүч 27ге жеткен, ушул жылы эле аталган окуу жайдын 42 кызматкери Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларына жана башка илимий-изилдөө мекемелерине ар кандай маанилүү иштер боюнча иш сапарларга барып келишкен. 2003-жылы да окуу жайдын кызматкерлеринин Россия Федерациясына болгон иш сапаралары башка чет өлкөлөргө салыштырмалуу № 4.1. - таблицада көрүнүп тургандай көп болгон:

**Таблица №4.1. - КОСУ кызматкерлеринин чет өлкөгө болгон иш сапаралары [155]**

| Өлкөлөр | Кызматкерлердин саны | Күндөрдүн саны |
|---|---|---|
| Англия | 5 | 20 |
| Швеция | 4 | 15 |
| Германия | 6 | 63 |
| Франция | 1 | 8 |
| Россия | 26 | 225 |
| Греция | 2 | 65 |
| США | 1 | 160 |

Булак: автор тарабынан түзүлгөн

КОСУнун Россия Федерациясына болгон иш сапарларынын көптүгү 2001-жылдан 2011-жылга чейинки аралыктын баарында байкалат.

2003-жылы КОСУнун Орус тили кафедрасы Россия Федерациясынын Билим берүү министрлиги каржылаган “Орус тили Кыргызстанда” аталышындагы долбоорду жүзөгө ашырышкан. Ошондой эле аталган окуу жай Монгол мамлекеттик университети, Англиянын Суррей университи, Германиянын Олденбург, Москва Мамлекеттик университеттери, Москва шаардык психо-педагогикалык университети жана башка баары болуп 14 окуу жайлар менен кызматташуу боюнча Келишимдерди түзгөн. Россиядан окумуштуулар Г.Ф.Коробкова, Б.А.Ланин, В.М.Массон келип КОСУнун студенттерине лекцияларды окуп кетишкен [156]. Россия Федерациясынын окумуштууларын чакырып, студенттерге лекция окутууну КОСУ биз изилдөөгө алган 2011-жылга чейинки, андан кийинки мезгилдерде деле үзбөй практикалап келе жатат.

Ал эми 2005-жылы окуу жайдын кызматкерлери алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдө болуп өткөн 72 ар кандай илимий-практикалык иш-чараларга катышып келишкен. 27 студентти Россия, АКШ, КНР,Германия сыяктуу чет өлкөлөрдөгү окуу жайларга окутууга жөнөтүшкөн. 5 окутуучу билимин жогорулатуу жана стажировкадан өтүү үчүн жакынкы жана алыскы

чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларына жиберилген. 13 окумуштуу-окутуучулар чет өлкөлөрдөн чакырылып, студенттерге лекцияларын окушкан [157]. 2006-жылы да окуу жайдын эл аралык кызматташуу иштеринде ушундай эле активдүүлук сакталган. Белгилей кетчү учур, КОСУ Кыргызстанда, Бишкек шаарында болуп жаткан илимий, педагогикалык иш чараларга да активдүү катышып келген. Алсак, 2006-жылы эле окуу жайдын окутучулары жана студенттери Кыргызстанда болуп өткөн 60тан ашуун ар кандай илимий иш чараларга катышышкан [158].

Ошондой эле окуу жай Сорос-Кыргызстан, ПРООН, ЮНЕСКО,Европа союзу, ДААД ж.б. эл аралык уюмдардын ар кандай изилдөө программаларын жүзөгө ашырууга да үзбөй катышышкан. Алсак, 2006-2008-жылга чейинки аралыкта "Тоолуу жана тоо этегиндеги аймактарда чакан энергетика үчүн гидротехникалык имараттар" деген аталыштагы илимий долбоорду КОСУнун Архитектура, курулуш жана дизайн факультетинин адистери Италиянын жана Россиянын университеттери менен биргеликте жүзөгө ашырган. Долбоор Евросоюз тарабынан каржыланган. Ошондой эле аталган окуу жайы 2009-жылы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Башкаруу академиясы менен биргеликте муниципалдык жана мамлекеттик кызматкерлерди даярдоо боюнча эл аралык конференцияны өткөргөн.

Өлкөбүздүн агрардык өнүгүшүн эске алып КОСУнун окумуштуулары К.И. Скрябин атындагы Агрардык университеттин профессордук-окутуучулары менен тыгыз илимий байланышты улантып келет. Аталган окуу жайдын Табыгий-техникалык факультети "Дан жана кылкандуу дан эгиндерин жыйнап алууда энергияны үнөмдөгөн технологияны иштеп чыгуу" жаатындагы илимий изилдөөнү жүзөгө ашырышып, дагы башка тармактар боюнча кызматташтыкты кеңейтип келе жатышат. Илимий байланыштар конференция, симпозиумдарга катышып доклад жасоо менен гана чектелип калбастан, университеттин окумуштуулары чет өлкөлүк илимий журналдардын жарык көрүшүнө да салымын кошушкан. Мисалы, 2009-

жылкы маалымат боюнча КОСУнун алдыңкы 5 окутуучусу Я.И.Рудаев, В.М. Лелевкин, А.В. Дженчураева, Г.А. Десятков, А.П. Муслимов Россиянын, Беларуссиянын, Казакстандын илимий жамааттарынын, журналдарынын редколлегиясынын мүчөсү болушат. 10дон ашуун окутуучунун илимий иштери Россиянын, Норвегиянын, Англиянын илимий журналдарында жарык көргөн. Ушул жылы КОСУ өзүнүн 3 студентин атайын жогорку окуу жайлар аралык студенттерди алмашуу боюнча келишимдин негизинде чет өлкөлөргө окууга жиберген [159]. Жогорку окуу жайлар аралык байланыштардагы мындай көп тармактуу кызматташуу КОСУнун ачылган күндөн баштап биз иликтөөгө алган 2011-жылга чейинки аралыктагы ишмердигине бүтүндөй таандык көрүнүш болгон.

КОСУнун жетекчилиги, окумуштуулар жамааты илимдин актуалдуу тармактарын өнүктүрүүгө терең маани беришет. Чет өлкөлүк окумуштуулардын катышуусу менен эл аралык илимий жыйындарды, методикалык-практикалык конференцияларды ж.б.дайыма өткөрүп турушат. Алсак, 2011-жылы эле университеттин бардык факультеттери тарабынан 36 “тегерек стол”, 37 илимий конференция, 15 семинар, 5 тренинг,1 симпозиум уюштурулган [161].

2011-жылдагы малымат боюнча КРСУда 1072 чет өлкөлүк студенттер билим алган. Алардын ичинен 348 студент Россия Федерациясынан, 429 студент Казакстандан, калгандары Түркмөнстандан, Тажикстандан, Кореядан, Пакистандан ж.б. алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөн келип окугандар болуп саналат. КРСУнун архивинен алган маалыматтарга таянсак, окуу жайга келип окууну каалагандар 2001-2011-жылдары жылдан жылга өсүп турган. Бул көрсөткүч 2009-жылы 850студентти түзгөн болсо, 2011-жылы жогоруда белгилегендей 1072ге жеткен [159;161].

Эгемендик жылдары Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү жаатындагы интеграция процесси эки өлкөнүн жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кабыл алынган өз ара Келишимдеринин жана башка укуктук-ченемдик документтердин негизинде

ыраатуу түрдө жүзөгө ашырылып келе жатат. Ошондой эле постсоветтик мейкиндиктеги бул багытта түзүлүп, кабыл алынып иштеп жаткан ар түрдүү интеграциялык структуралар жана документтер билим берүүдөгү интеграциялык процессти туруктуу ишке ашырууга жана тездетүүгө өбөлгө болгон.

Жыйынтыктап айтканда, 1991-2011-жылдар аралыгында айрым проблемалуу жагдайларды эске албаганда Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларында жогорку билим берүүдөгү интеграциялануунун приоритеттүү багыттары: жогорку окуу жайлар көп баскычтуу билим берүүгө өтүшкөн, жаңы билим берүү стандарттары киргизилген, окуу жайларда эл аралык илимий кызматташуулар өнүккөн.

КОСУ чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайлар менен өз ара кызматташтыктын жана интеграциялануунун жаңы үлгүлөрүн көрсөтүүгө жетише алган. Окуу жайдын архивинен алган маалыматка таянсак, чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайлар менен үзгүлтүксүз кызматташууну КОСУ төмөнкүдөй багыттарда ишке ашырган:

- Студенттерди алмаштырып окутуу Келишимдерине ылайык, окуу жайда окуган студенттерден жыл сайын орточо 5 же 6 студентти алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайларына окууга жиберип турган;
- Чет өлкөлөрдөн, айрыкча Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынан мыкты окумуштуу-лекторлорду жыл сайын окуу жайга чакырып, лекцияларды окутушкан жана тажрыйбалары менен бөлүшүшкөн;
- Окуу жайдын окутуучулары чет өлкөлөргө стажировкаларга, аспиранттар жана магистранттар окууга жыл сайын жөнөтүлүп, кадр даярдоого чоң көнүл бурган;
- Чет өлкөлөрдөгү болуп жаткан эл аралык илимий жана практикалык иш чараларга, “тегерек

үстөлдөргө”,тренингдерге жана семинарларга КОСУнун окутуучулары жана студенттери жыл сайын үзбөй катышып турушкан;

- Окуу жайдын окутуучулук жана профессордук курамы эл аралык жана улуттук ар кандай билим берүү программаларын жана инвестициялык долбоорлорду биргеликте жүзөгө ашырууга катышып келишет;
- КОСУнун профессор-окутуучулары эл аралык илимий бирикмелерге жана кадыр-барктуу илимий журналдардын редакциялык кеңештерине мүчө болушкан.

Кыргыз-Орус Славян университетинин иштей баштаганы Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү чөйрөсүнүн Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсү менен байланыштарын активдештирүүдө жана бекемдөөдө чоң роль ойноду. Ошону менен бирге окуу жайдын ишмердиги Кыргызстандын жогорку билим берүүсүнүн дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграция болуусуна түздөн-түз өбөлгө болгон. КОСУ академик А.П.Лиферов белгилегендей, Россия Чыгыш Европа, Батыш Европа жана Азиялык – Тынч океан аймагындагы интеграцияланып жаткан билим берүү мейкиндиктеринин ортосундагы бириктирүүчү звено болууга тийиш деген пикиринин таамайлыгын дагы бир ирет практика жүзүндө көрсөтө алды [33] десек аша чапкандык болбойт.

## 4.2. Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын байланыштарынын проблемалары жана келечеги

1991-2011-жылдар аралыгындагы Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара байланыштарынын поблемаларын жана келечегин талдоого алуу эки өлкөнүн билим берүү системаларындагы реформалоо процессинин бирдей учурда жүзөгө ашканын байкоого болот. Албетте, бул эки өлкөнүн СССР кыйрап, эгемендүүлүккө ээ болгон тарыхый шарт менен байланышат.

Ал эми эки өлкөнүн жогорку билим берүү системасын реформалоодо Россия Федерациясынын 2000-жылы кабыл алган "Россия Федерациясындагы билим берүүнүн улуттук Доктринасы" жана Кыргыз Республикасынын да ушул жылы кабыл алынган Билим берүүнүн улуттук Доктринасы реформанын жүрүшүн жана эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара мамилелерин дагы жаңы деңгээлге көтөргөн. Анткени бул эки документте тең билим берүүнү реформалоонун көп окшош жактары каралган.

Жогоруда белгиленгендей, Доктриналарда билим берүүдөгү тарыхый байланышты камсыздоо милдети коюлат, тактап айтканда өлкөдө жүрүп жаткан билим берүүдөгү реформа билим берүүдөгү буга чейинки алдыңкы тажырыйбаны, ыкмаларды жана баалуу принциптерди таптакыр танбоого тийиш, тескерисинче, тарыхый байланыш катары алар андан ары өсүп өнүгүүгө тийиш. Дүйнөлүк билим берүү стандарттарына умтулуу менен бирге улуттук маданий салт-санаалар унутта калбаш керек.

Албетте, реформа канчалык терең башталганы менен ошол эле учурда СССРден калган билим берүү системасынын оң жактарын, жетишкендиктерин сактап калуу маселеси да турган. Белгилей кетчү нерсе, СССРдин билим берүү системасынын жакшы жактары көп болгон. Мамлекет жогорку билим берүү чөйрөсүн толук каржылаган. Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын толук аткарылышы катуу көзөмөлгө алынган. XX кылымдын 80-90-жылдар аралыгында жогорку билимдүүлөрдү көбөйтүү боюнча аракеттер катуу башталган эле.

Ошондой эле реформанын жүрүшүн тездетүү жана өнүктүрүү максатында 2001-жылы 2010-жылга чейинки мезгилде Россиянын билим берүүсүн модернизациялоонун Концепциясы кабыл алынган. Бул документте баштан аяк билим берүү системасын реформалоо маселеси каралган. Анын ичинде билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү, акысыздыгы жана сапаты тууралуу маселе четте калган эмес [214].

Бул документте билим берүүнү модернизациялоо "Ведомстволук

долбоор" катары жүзөгө ашпоого тийиш жана бул процесс саясый жана жалпы улуттук милдет экендиги баса белгиленип, ал Россиянын коомунун, жарандарынын, ата-энелер коомчулугунун, мамлекеттик бийликтин федералдык жана аймактык институттарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, профессионалдык-педагогикалык коомчулуктун, илимий, маданий, коммерциялык жана башка коомдук институттардын активдүү катышуусу менен чечилээри айтылат [214].

Бул документке удаа эле 2002-жылы Кыргыз Республикасында да 2010-жылга чейинки билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясы да кабыл алынат. Аталган документте билим берүүдөгү реформанын негизги максаты деп бүгүнкү тез өзгөрүлүп жаткан дүйнөдө Кыргыз Республикасынын экономикалык жана туруктуу өнүгүүсүнө өбөлгө болгон, жаңы кылымдын шартында иштөөгө даяр жана жөндөмдүү адам ресурстарын өнүктүрүүгө, кадрлар менен камсыздоого, өнүгүп жаткан инсандын билим алууга болгон муктаждыктарын канааттандырган өзүнөн өзү өнүккөн, натыйжалуу билим берүү системасын түзүү деп белгиленген [215].

Жогоруда көрсөтүлгөндөй эки өлкөдө тең дээрлик бирдей учурда билим берүүнү реформалоого негиз болгон мыйзам, доктрина жана концепциялар кабыл алынган.

Мындан тышкары жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү реформаны жүзөгө ашыруу максатында Кыргыз өкмөтү бир топ жоболорду жана башка укуктук-ченемдик документтерди да кабыл алган.

Диссертациянын бөлүмдөрүндөгү аталган документтердин кабыл алынышы Кыргыз мамлекетинин жогорку билим берүү жаатындагы реформаларды жүзөгө ашырууда белгилүү деңгээлде таасирин тийгизе алган.

Жогорку окуу жайларга автономиялык өз алдынчалыкты берүү гана жогорку билим берүү системасын реформалоонун башкы инструменти катары алардын жаңы социалдык-экономикалык шартка көнүүсүнө өбөлгө болгон.

Бул мыйзамга ылайык окуу жайлар окуу процесстерин уюштурууну, билим берүүнүн сапатына ички көзөмөл жүргүзүүнү, окутуунун формаларын жана ыкмаларын тандоону, окутулуучу сабактардын мазмунун канчалык тереңдетип окутууну өздөрү бекитишет, кандай адистерди даярдоону аныктай алышат, билим берүүнүн ар кандай деңгээлдери боюнча окутуунун программаларын иштеп чыгып, жүзөгө ашыра алышат, окуу жайлар окутуунун формаларын, методдорун жана технологияларын өздөрү тандай алышат.

Билим берүүнүн Европалык билим берүү мейкиндигине Болон системасына кирүүгө карата болгон аракеттер Кыргызстандын жана Россиянын жогорку билим берүү чөйрөсүндө да өкүм сүргөн. Алсак, Россия Федерациясынын жогорку билим берүү системасы 2003-жылы сентябрь айында европа мамлекеттеринин билим берүү министрлеринин Берлин жолугушуусунда Болон процессине расмий өткөн. Бирок бул эки баскычтуу билим берүү тез эле кабылданып кеткен эмес, азырга чейин Россиянын башкы жогорку окуу жайлары бул системага өтүшкөн эмес. А.Н. Пальчиковдун пикирине таянсак, Россиянын жогорку билим берүүсүнүн Болон системасына өтүүсү өлкөдө бакалавр, магистрлердин өтө көп даярдалып, алардын жумушсуз калуусуна алып келген. Ошондуктан, батыштын тажырыйбасын жөн эле көчүрө берүүнүн кереги жок дейт окумуштуу [169].

М.В. Ломоносов атындагы Москва Мамлекеттик унверситетинин ректору Виктор Садовничий, “Инновациялык практика: илим плюс бизнес” аталышындагы III Конгрессте сүйлөп жатып жогорку билим берүүнүн Болон процессине өтүүсүн каталык деп айткан жана беш жылдык окууга кайтууну сунуштаган [216].

Ал эми Кыргызстандын 11 жогорку окуу жайларынын:

1. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети;
2. Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана

архитектура университети;

3. Кыргыз Республикасынын президентинин алдындагы башкаруу Академиясы;

4. Кыргыз экономикалык университеи;

5. И. Раззаков атындагы Кыргыз Техникалык университети;

6. И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети;

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Кыргыз мамлекеттик юридикалык Академисы;
8. Кыргыз улуттук агрардык университети;
9. К. Тыныстанов атындагы Ысык – Көл мамлекеттик университети;
10. М. Адышев атындагы Ош Технологиялык университети;

11.11. Талас мамлекеттик университетинин жетекчилери 2011-жылдын 16-сентябрында Италиянын Болонья шаарында Университеттердин Улуу Хартиясына расмий түрдө кол коюшкан. Буга чейин кыргызстандын эки гана жогорку окуу жайы кирген болчу.

12. Адистерди даярдоонун эки деңгээлдүү структурасына өтүү Болондук процесстин таасири менен жана дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүү жана европалык билим берүү процессине интеграциялануу тууралуу Билим мамлекеттик программасында, андан кийин 2007-жылы кабыл алынган билим берүүнүн Концепциясында өнүккөн.

13. Реформанын талаптары мамлекеттик билим берүү стандарттарына киргизилген. КМШ өлкөлөрүнүн бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү боюнча кызматташтык жөнүндөгү мамлекеттер аралык кабыл алынган Келишимге ылайык улуттук билим берүү программаларынын мазмунун реформалоо КМШ өлкөлөрүнүн билим берүү программаларын мазмунун эске алуу менен ишке ашкан.

14. Жогорку билим берүүнүн бирдиктүү европалык мейкиндигин түзүү максатында Кыргызстандын билим берүү системасынын да

Европа мамлекеттеринин жогорку билим берүү системасынын жакындашуусуна жана гармониялашуусуна арналган Болондук процесске акырындан өтүүсү башталат. Буга байланыштуу жогорку билим берүү көп деңгээлдүү болуп кайра түзүлөт.

Мамлекеттик билим берүү стандарттары ириде билим берүүнү гумандаштырууну, технократтык тенденцияларды жоюуну, гуманитардык билим берүүдө фундаменталдык даярдыкты күчөтүүнү көздөйт. Жогорку билим берүүнү мазмундук жана структуралык жактан реформалоо бул системаны бир топ ачык жана эркин рынокко ылайыкташканга мүмкүнчүлүгүн жаратат. Бул жаңы система билим жана кесип берүү программаларынын көп түрдүүлүгү менен айырмаланат. Тактап айтканда билим берүү деңгээлдери – бакалавр, магистр, жогорку билимдүү адис деген 3 баскычка ээ болот. Ошондой эле окутуунун мөөнөтү, формалары жана максаттары да ар кандай мүнөзгө ээ. Мисалы, бакалавр баскычындагылар 4 жыл, ал эми жогорку билимдүү адис баскычындагылар 5 жыл, магистратурада окуу 2 жылдык мөөнөттү камтыган. Бакалаврларды даярдоо программасы 16, магистрдик программалар 5 жогорку окуу жайларында ишке ашат [204,27]. Жогорку билим берүү системасында билим берүү мекемелеринин 7 тиби: академиялар, университеттер, институттар, колледждер, билим берүү борборлору ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

Мындан тышкары КР “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына ылайык, чет элдик жогорку окуу жайлар менен кызматташуу боюнча эл аралык долбоорлордун алкагында республиканын жогорку окуу жайлары мамлекеттик билим берүү стандарттарынан тышкары индивидуалдуу билим берүү программаларын да жүзөгө ашырышат. Мисалы, Кыргызстандагы Америка университети, Кыргыз-Түрк Манас университети мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкештирүү менен чет өлкөлөрдүн билим берү программаларын жүзөгө ашырышат. Мындай көп түрдүүлүк жаштардын билим алуусуна бир топ ыңгайлуулуктарды жана кесип тандоодо жакшы мүмкүнчүлүктөрдү жараткан. Ошондой эле жогорку

окуу жайлар да рынок талабына ылайыкташып, анын муктаждыгына жараша өздөрүнүн билим жана кесип берүүдөгү көрсөтө турган кызматтарын пландаган. Нормативдик деңгээлде билим берүү стандарттарындагы мамлекеттик базалык компонент калыптанып, ал студенттерди фундаменталдуу, жалпы кесиптик, укуктук жана социалдык-экономикалык жактан жетиштүү билим берүүгө багытталган. Жыйынтыктап айтканда жогорку билим берүү системасынын билим берүү программаларынын структурасы 1997-жылы КМШ катышуучу мамлекеттердин Парламенттер аралык ассамблеясынын токтому менен кабыл алынган "Билим берүү жөнүндөгү моделдүү мыйзамын толук эске алат. Бирок жогоруда аталган реформалар бир канча проблемалар менен да коштолгон.

Жогорудагы биз сөз кылган билим берүү системасындагы анын ичинен жогорку билим берүү чөйрөсүндө жүргүзүлгөн реформаларды мисал кылуу, албетте Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгынын калыбына келишине жана андан ары өнүгүшүнө чоң өбөлгө түзгөн.

Өлкөлөрдүн байланыштарынын кызматташтыгынын аларды өнүктүрүүнүн көп тармактары жана факторлору бар. Алардын ичинен дайыма болуп келе жаткан маанилүү инструменттердин бири жогорку билим берүү жана илимдеги кызматташтыктар жана интеграциялар эсептелинет.

Экономикалык жана саясий интеграциялардан айырмаланып илимий билим берүүдөгү интеграция элиталык жана заманбап комуникацияга таянып жүргүзүлөт. Билим берүүчү жана илимий коомчулуктардагы жеке адистик байланыштар, карым катнаштар мамлекеттер аралык кызматташуунун институционалдык каналы катары кызмат кыла алат. Анын натыйжасында биргелешкен приоритеттүү маанилүү экономикалык жактан да баалуу деп эсептелинген илимий – изилдөөлөр билим берүүчү программалар жогорку квалификациялуу, илимий педагогикалык кадрларды даярдоо,

окумуштуулардын арасында глобалдуу илимий информациялар менен алмашуу жана ошондой эле азыркы мезгилдеги заманбап илимдин жана билим берүүнүн приоритеттүү багыттарынын перспективалары талкууланып иш жүзүнө ашырылат.

Азыркы мезгилдеги жогорку билим берүүдөгү илимий интеграция бир далай маанилүү функцияларды аткарышат. Себеби билим берүүдөгү коомчулуктун өкүдөрү персоналдык формада маанилүү приоритеттерди баалуу жана өз өлкөсүнүн улуттук кызыкчылыгын эсепке алган маселелерди көргөзүп жана айтууга мүмкүнчүлүктөрү бар.

Билим берүүчү позитивдүү кызматташууга багыт алган билим берүүдөгү элитанын өкүлдөрү СССР тарап ар бир мурдагы союздук республикалардагы этноулуттук аң сезимдин өсүп турган шарттарында, КМШ өлкөлөрүндө бир канча маанилүү документтерди, проектилерди даярдап, аларды кабыл алууну талап кылып жана кабыл алууга жетишишикен. Алардын арасынан 1992-жылдын 15-майында КМШга мүчө 10 мамлекеттин өкмөт башчылары билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтык жана документтерди алардын квалификациясы жөнүндө нострификация тууралуу Келишимге да кол коюшкан.[30, 130]

КМШ өлкөлөрүнүн ичинде билим берүү чөйрөсүндө макулдашылган саясатты, биргелешкен программаларды жана долбоорлорду көп тараптуу негизде жолдорун жана практикада жүзөгө ашыруу механизмдерин иштеп чыгуу максатындагы кол коюлган келишим болгон.

Бул документте совет мезгилинен айырмаланып билим берүүнү мамлекеттик тилде жана ошол КМШнын аймактарында жашаган элдердин тилинде жүргүзүүгө акцент жасалган жана ошондой эле КМШ өлкөлөрүндө билим берүүдө атайын механизмдерди, биргелешкен жогорку окуу жайларынын, программаларын жана проектилерин түзүүнүн зарылдыгы айтылган эле.

Бул документтин практика жүзүндөгү ишке ашырылышы катарында россиялык - улуттук славян университеттердин, жана Россия

Федерациясынын жогорку окуу жайларынын филиалдарын аймактарда ачуу маселеси коюлган. Мындай биргелешкен окуу жайлардын практика жүзүндө иштей башташы билим берүүдөгү интеграциянын үлгүсү катарында жайылтуу эле.

Андан сырткары мындай биргелешкен окуу жайларды ачуунун максаты мамлекеттер аралык диалогдордун кеңейишине жана өнүгүшүнө багытталган улуттук элитаны даярдоо болгон.

Славян университеттери Россия Федерациясы менен улуттук эгемен мамлекеттердин башкаруусундагы жогорку окуу жайлар болуп эсептелинет жана алар Россиянын жана окуу жай түзүлгөн суверендүү мамлекеттин концтитуцияларынын негизинде иш жүргүзүлүшү аныкталган. Белгилеп кетүүүчү факт Кыргыз – Орус Славян университети  КМШ өлкөлөрүнун арасында алгачкылардан болуп Кыргызстандын аймагында 1993-жылы ачылган.

Россия Федерациясынын президенти В.В. Путин бул биргелешкен университеттердин алдына негизги эки максатты койгон. Биринчи, жаңы эгемен мамлекеттер үчүн квалификациялуу адистерди даярдоо, экинчи, ал мамлекеттердин  билим берүү мейкиндигинде Россиянын катышуусун бекемдөө.

Алгачкы мезгилде КОСУга окууга тапшыргандардын саны  200 гана киши болсо, азыркы учурда анда окуган студенттердин саны 9000 ге жетип, алардын ичинен 3019 студент Россия Федерациясынын жана Кыргыз Республикасынын бюджетинин эсебинен каржыланышат жана ошондой эле КМШ өлкөлөрүнөн да келип билим алып, окуп жатышат. В.В. Путин КОСУнун Ардактуу доктору.[30,135]

КОСУнун тарыхын, ишмердигин жана анын Кыргызстандын билим берүү системасындагы алган ордун, биз диссертациябыздын башка бөлүмүндө атайын изилдөөгө алып карадык. Ага кошумча катары изилдөөгө алган мезгилдин аягында же 2012-жылдын башындагы айрым фактылык материалдарды салыштыруу иретинде аталган окуу жайдын 20-жылдык

ишмердигинин жыйынтыгы катарында берип коюууну туура деп эсептейбиз. Жогоруда айтылгандай, эгерде алгачкы ачылган жылы (1993-жыл 9-сентябрь) болгону 200 гана абутриент кабыл алынса, 2012-жылы абутриенттердин саны 2500гө жетип, же болбосо алардын саны 12,5 эсеге чейин өскөн. Бул көрсөткүч КОСУнун өлкөбүздүн билим берүү ситемасында жылдан-жылга коомчулуктун арасында кадыр баркынын өскөндүгү жана аларда даярдалган адистердин сапатынын жогору болгондугу деп саноого болот.

Ошондой эле, 80 адистикти даярдаган сегиз факультетте 12000ден ашык студент билим алып жатат. КОСУнун илимий деңгээли боюнча айта турган болсок 116 илимдин доктору, 460 илимдин кандидаттары, 4 академик жана Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын 2 мүчө корреспонденти эмгектенет. Университеттин аспирантура бөлүмүндө 60 адистик жана көп профилдүү багыттар боюнча 400дөн ашык бүтүрүүчүлөр жана университеттин кызматкерлери окушат. Россиянын жогорку аттестациялык комиссиясынын жана Кыргызстандын жогорку аттестациялык комиссиясынын чечими менен кандидатттык жана докторлук диссертацияларын коргоо боюнча 13 диссертациялык кеңеш ачылган. Өзүнүн жыйырма жылдык ишмердигинде 82 докторлук жана 30 кандидаттык диссертация корголуп, 663 монография, 1787 китептер жана колдонмолор чыгарылып, 12000 илимий макалалар басылып чыккан.[47,406]

Кыргызстан менен Россиянын жогорку билим берүү системасындагы кызматташтыгы, интеграциясы кыска мөөнөттүн ичинде негизинен жакшы деңгээлде десе болот. Өлкөлөр мамлекеттик билим берүү стандарттарын жана жогорку билим жөнүндөгү дипломдорун таанышат. Окумуштуулардын окутуучу педагогдордун бири-бирине стажировкаларды ишке ашырышат, студенттер жана магистранттар академиялык мобилдүүлүгү боюнча иштерди жүргүзүп жатат. Ошол эле учурда Россиянын студенттеринин жана магистранттарынын Кыргызстандын окуу жайларына келиши пассивдүү.

Өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларындагы илимдин интеграцияланышы өтө акырындык менен жүрүп жатканын айтууга болот. Мисалы, алыскы чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары Россиянын жогорку окуу жайларына караганда бул маселеде активдүүрөөк.

Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгында, интеграцияларында Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын пассивдүүлүгүн изилдөөлөрдүн мезгилинде байкай алдык. Мамлекеттик квота менен ишке ашкан стажировка, академиялык мобилдүүлүк кандайдыр бир деңгээлде жогору болгон менен жогорку окуу жайлардын, айрыкча Кыргызстандын жогорку окууу жайларынын кызматташтыкка болгон креативдүү мамилеси жетишсиздик кылат.

Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын системасын модернизациялоодо Россияга караганда Евросоюздун университеттери жана бөлүнгөн грантар көп салым кошуп келүүдө.

Ошондуктан Кыргызстандын жогорку окуу жайлары алыскы чет өлкөлүк жогорку окуу жайлар менен кызматташууда.

Азыркы мезгилде өлкөлөрдүн жогоку окуу жайларындагы кызматташууга, интеграциялашууга багытталган аракеттерди жаңы көп тараптуу бийик деңгээлге көтөрүү актуалдуу маселелерден болуп саналат. Илим жана жогорку билим берүү боюнча инновациялык өнүгүү фонддорун түзүү студенттердин, магистранттардын, окутуучулардын, окумуштуулардын иштерин активдештирүүгө чоң салым кошмок.

Жогорку окуу жайларындагы илим изилдөө иштеринин бардык илимдин тармактары боюнча активдештирүү айрыкча студенттик жаш окумуштуулардын илимге болгон кызыгуусун, активдештирүү зарылдыгы актуалдуу маселелерден.

Азыркы учурда М.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин өлкөбүздүн түштүгүндө ачылышынын белгиленип жаткандыгы Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын деңгээлин ар тараптуу көтөрүүгө чоң салым болору анык. Бул филиал КМШ өлкөлөрү

боюнча жетинчи болуп ачылып жатат. Бул жагынан алып караганда КОСУнун ишмердиги өлкөбүздүн түндүк тарабында ал эми түштүк тарабында М.Ломомносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин ачылышы геосаясат боюнча дагы маанилүү. Келечекте Санкт-Петербург мамлекеттик университети жана башка техникалык окуу жайлардын ачылышы өлкөбүздүн социалдык –экономикалык, инновациялык өнүгүшүнө жагымдуу фактор катары кароого болот.

Жогоруда көрсөтүлгөн ийгиликтер, жетишкендиктер менен катар эки өлкөнүн жогорку билим берүү системасындагы кызматташтыгында, интеграциясында орун алган проблемалар да бар. Алар жөнүндө диссертациянын мазмунунда айтылгандарга кошумча иретинде төмөнкү проблемаларды өзгөчө баса белгилөөгө болот.

Мисалы, КМШ өлкөлөрүндөгү бирдиктүү билим берүү мейкиндигине альтернативдүү болгон европалык билим берүү системасындагы стандарттардын ишке киришип баштагандыгын айта алабыз. 1999-жылы КМШнын көп өлкөлөрү анын ичинде Кыргызстан, Россия Болон процессине 2011-жылдан баштап эки деңгээлдеги жогорку билим берүүчү: бакалавриат жана магистратурага өтүшү. 2012-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын он эки жогорку окуу жайы да Болон конвенциясына бирикти. Белгилеп койчу нерсе Болон процесси боюнча Кыргызстандын жана Россиянын окумуштууларынын, педагогдордун, ойлору ар башка жана өзүнчө изилдөөнү талап кылуучу маселе болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, ааламдашуу жана жаңы технологиялар, санариптештирүү революциясы билим жана илимдин динамикалуу өнүгүүсүн талап кылаары талашсыз. Кыргызстандагы экономикалык кризиске жана саясый айрым окуяларга карабастан, өлкөнүн алдындагы олуттуу милдеттердин бири - өзүнүн илимий билимдерин, интеллектуалдык потенциалын азыркы динамикалуу мезгилге жараша өнүктүрүү милдети турат.

XX кылымдын 90-жылдарынын башында, жогорку окуу жайлардын системасындагы жүргүзүлгөн реформалар, алардын кызматташтыгын эгемендик доорунда андан ары өнүктүрүү, мамлекеттин тышкы саясатындагы приоритеттүү маселелерден болгон. Кыргызстан менен Россия Федерациясы ар кандай мүмкүнчүлүктүү механизмдер аркылуу жогорку окуу жайларынын байланыштарын сактап калууга жана өнүктүрүү үчүн аракеттерди жасашкан. Ал мамлекеттер, өкмөттөр, парламенттер аралык келишимдер, жогорку окуу жайларынын жана алардын факультеттеринин ишмердиктери аркылуу ишке ашкан.

Бирок, биз изилдөөгө алган жыйырма жыл ичинде, мындай аракеттер айрым учурда формалдуу же болбосо келишим түзүү менен гана чектелип калгандыгын айтууга болот.

Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгында Кыргызстандын жогорку окуу жайлары бир кыйла пассивдүү ролду ойногондугу байкалат. Анткени, биз изилдеп жаткан проблеманы изилдөөдө, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин эл аралык бөлүмүнүн отчетторунан, жогорку окуу жайларынын учурдагы архивдеринен, борбордук архивдерден бул маселени чагылдырган булактарды, фактыларды табууда кыйынчылыктарды жаратты. Бул жерде кызматташтыктын жаңы шартта пайда болуп, калыптанып жаткандыгын кандайдыр бир объективдүү процесс экендигин да белгилеп коюу абзел.

Бүгүнкү коомдун динамикалуу өнүгүш процессинде Кыргызстандын жогорку окуу жайлары Россиянын жогорку окуу жайлары менен ар тараптуу кызматташтыгысыз алардын перспективасын элестетүү мүмкүн эмес.

2020-жылга белгиленип жаткан дүйнөлүк деңгээлдеги М. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетин, ОШ шаарында ачылышы өлкөбүздөгү чоң коомдук социалдык маданий-гуманитардык окуя болору шек туудурбайт. Ошол эле учурда Кыргызстан да активдүү позицияга өтүшү диссертацияда белгиленди.

Иликтөөгө алган 1991-2011-жылдар аралыгында айрым проблемалуу жагдайларды эске албаганда Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын байланыштарынын кызматташтыгы өлкөлөрдүн социалдык-экономикалык өнүгүшүндөгү маанилүү фактор экендиги диссертациянын мазмунунда көрсөтүлдү.

## Корутунду

Билим берүү системасы кайсы гана коомдо болбосун мамлекеттин өнүгүүсүндөгү эң маанилүү институт болуп саналат. Биздин изилдөө бул ойду дагы бир ирет тастыктады. Айрыкча, мамлекеттин саясый системасы, экономикалык базасы радикалдуу түрдө алмашып, өткөөл мезгил кризистик

кырдаалдар менен коштолгон учурда билим берүү чөйрөсүнүн ролу жана орду бөтөнчө жогору. Мындай учурда биринчи кезекте мамлекеттин билим берүү саясатынын, ага ылайык реформалоонун өз убагында жүргүзүлүшү өлкөнүн тагдыры жана анын андан ары өнүгүүсүндө чечүүчү мааниге ээ экендигин турмуш далилдеди. Эгемендик алгандан кийин Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын билим берүү системаларында, анын ичинде жогорку билим берүү чөйрөсүндө бир мезгилде кардиналдуу реформалар ишке ашырыла баштаган. Эки өлкөдөгү бул реформалардын негизги максаттарынын бири жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүнүн дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграция болуу менен өнүгүүсү эле. Ошондуктан, эгемендик алгандан кийинки алгачкы жылдары эле бул багытта эки өлкөдө тең зарыл болгон тиешелүү мыйзамдар жана билим берүү программалары жана концепциялары кабыл алынган.

Эки эгемен өлкөдөгү билим берүү жаатындагы улуттук жаңы мыйзамдын кабыл алынуусу рынок шартында жогорку окуу жайлардын эл аралык байланыштарынын кеңейүүсүнө жол ачуу менен, аларга структуралык жана финансылык бир топ өз алдынчалыктарды берген. Натыйжада Кыргызстандын жана Россиянын жогорку окуу жайлары заманбап адистерди даярдоодо профессордук-окутуучулук курамдын билимин жана тажырыйбасын тереңдетүү максатында чет өлкөлүк жогорку окуу жайлар менен болгон алакаларын активдештирген. Бул процессте Кыргызстан үчүн айрыкча Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен болгон кызматташуу ыңгайлуу, бир топ тыгыз жана ар тараптуу мүнөздө болгону менен айырмаланат.

Эгемендик жылдары Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү жаатындагы интеграция процесси эки өлкөнүн жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кабыл алынган өз ара Келишимдеринин жана башка укуктук-ченемдик документтердин негизинде жүзөгө ашкан. Ошондой эле постсоветтик мейкиндиктеги бул багытта түзүлүп, кабыл алынып иштеп жаткан Көз Карандысыз Мамлекеттер

Шериктештиги, Шанхай Кызматташтык Уюму сыяктуу структуралар тарабынан кабыл алынган документтер билим берүүдөгү интеграциялык процессти тездетүүгө өбөлгө болгон.

Эмгекте 1991-2011-жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлар ортосундагы өз ара байланыштары, кызматташтыгы мамлекеттик министрликтин жана ЖОЖдордун мезгилдүү архивдик булактарына, окумуштуулардын эмгектерине жана ошондой эле тиешелүү массалык маалымат каражаттарынан алынган маалыматтарга таянуу менен историзм жана обьективдүүлүк принциптерин жана башка тарыхый-салыштырма, тарыхый-хронологиялык сыяктуу илимий жалпы ыкмаларды колдонуу менен изилдөөгө алынды.

Биз иликтөөгө алган тарыхый аралыкта жогорку билим берүү системасындагы реформалоо процесси негизинен эки этапты: а) реформалоонун рынок талаптарына ылайык элементтеринин активдүү киргизилүү жана б) реформалоону анализдөө жана ага баа берүү менен ырааттуу, пландуу реформага өтүү мезгилин баштан кечирди. Тактап айтканда, бул аралыкта жогорку окуу жайлардын ишмердигинин рыноктук мамилелерге ылайыкташуусунун негизги учурлары жүзөгө ашты жана ал төрт багытты: билим берүүнүн мазмунун, структурасын, окутуунун сапатына баа берүү системасын, билим берүүнү каржылоо системасын камтыды жана билим берүүнү башкаруу ыкмаларын өзгөрттү.

Эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы ар тараптуу байланыштар Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын саясый – экономикалык жаңы система шартында жогорку билимди өнүктүрүүсүнө жана сапатын жогорулатуусуна түздөн-түз көмөк берген. Айрыкча эгемендиктин алгачкы жылдары, реформанын биринчи этабында Россия жаңы адистиктерди даярдоодо технологиялык жана илимий-методикалык маалыматтарды бөлүшүү менен Кыргызстандын жогорку окуу жайларына кыйла колдоо көрсөткөн.

Тактап айтканда, эки өлкөнүн ортосундагы жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштар мыкты, рынок талабына керектүү кадрларды даярдап чыгаруусу менен Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө чоң салым кошкон.

Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара кызматташтыгынын натыйжасында Кыргызстандын жогорку билим берүү чөйрөсү дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулууга мүмкүнчүлүк алды жана өз ордун таба алды. Анткени жогорку билим берүүдө көп баскычтуу система ишке кирди, билим берүүнүн технологиясында өзгөрүүлөр орун алды, студенттер үчүн көп ыңгайлуулуктарды жараткан модулдук-рейтингдик, кредиттик системалар иштей баштаган. Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын өнүгүүсүнө Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары илимий, методикалык жана ресурстук колдоолорун үзбөй көрсөтүп келе жатат.

Кыргызстандын орто мектебин бүтүрүүчүлөрдүн арасында Россиянын жождоруна барып окууну каалагандардын саны азырга чейин көп, анткени бул жождорду аяктаган адистердин билими жана кесиптик даярдыгынын сапаты бир топ жогорку деңгээлде экени менен айырмаланат. Ошондуктан, алар өз өлкөсүндө жумушка жайгашууда чоң артыкчылыкка жана кадыр-баркка ээ болушат.

Кыргыз -Орус Славян университетинин ачылып иштей баштаганы Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү чөйрөсүнүн Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсү менен байланыштарын активдештирүүдө жана бекемдөөдө чоң роль ойноду. Ошону менен бирге окуу жайдын ишмердиги Кыргызстандын жогорку билим берүүсүнүн дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграция болуусуна түздөн-түз өбөлгө болгон. КРСУ чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайлар менен өз ара кызматташтыктын жана интеграциялануунун үлгүсүн көрсөткөн.

Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын ортосундагы илимий байланыштар эки өлкөнүн жождорунун дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграция процессин тездетүүгө белгилүү деңгээлде салымын кошкон. Анткени биргелешкен илимий иш-чараларды өткөрүү, билим берүү программаларын жана долбоорлорду биргелешип жүзөгө ашыруу эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарын тереңдеткен жана байыткан.

Изилдөө көрсөткөндөй, Россия Федерациясы өткөөл мезгилдеги Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын эл аралык интеграциялык процесске аралашуусунда көпүрө катары кызмат өтөй алды. Анткени республиканын жогорку окуу жайлары Россиянын жогорку окуу жайлары менен СССР мезгилинен бери эле ар тараптуу активдүү кызматташтыкта болушкан жана бул байланыштар үзгүлтүксүз, ырааттуу жана туруктуу мүнөзгө ээ болгону менен айырмаланган. Эгемендик алгандан кийин да эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара алакалар жаңы багыттарда жана мазмуунда улантылган.

Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү интеграциялануу процессинде Болон системасына өтүү чоң роль ойногон. Анткени биз иликтөөгө алган мезгилде эки өлкө тең Болон системасынын принциптерин кабыл ала баштаган жана өз ара кызматташууда бул принциптерди сактоого аракет кылган. Бирдиктүү жалпы европалык билим берүү мейкиндигин түзүүгө багытталган бул системанын принциптери ириде билим берүүнүн сапатын жакшыртууга, студенттердин мобилдүүлүгүн көтөрүүгө арналып, натыйжада бүтүрүүчүлөр кесипке ээ болгон соң Европанын бардык өлкөлөрүндө үзүрлүү иштей алышат. Ошон үчүн Россия Федерациясынын да, Кыргызстандын да жогорку окуу жайлары өздөрүнүн ишмердиктеринде интеграциялык жана жаңычыл процесстерге умтулушкан. Иликтөөгө ылайык, Кыргызстандын жана Россия Федерациясынын бир топ жождорунун окуу-методикалык процесстери Болон системасына ылайыкташкан.

Бирок эл аралык билим мейкиндигине чыгууну камсыздаган Болон процесси Кыргызстан жана Россия мамлекеттеринде ( Россия Федерациясы Болон системасын 2003-жылы расмий кабыл алган) таанылганы менен аталган системага өтүү эки өлкөнүн жогорку окуу жайларында дагы эле тегиз эмес. Болон процессине байланышкан Кыргызстанда да, Россияда да проблема дагы эле бар. Анткени Россиянын да, Кыргызстандын да негизги башкы жождору Болон процессине тегиз өтүүгө шашылган жок.

1991-2011-жылдар аралыгындагы Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары ортосундагы байланыштарын изилдөө эки өлкөнүн бирдиктүү эл аралык билим берүү мейкиндигине кошулуусунда мындай кызматташтыктардын абдан маанилүү экендигин тастыктады. Ушуну менен бирге бул байланыштар Кыргызстандын жогорку билим берүү чөйрөсүнүн сапаттык жактан жакшыруусуна жана жогорулоосуна да баа жеткис салымын кошкон деп айта алабыз.

Бирок биздин иликтөө көрсөткөндөй, эки өлкөнүн ортосундагы жогорку окуу жайлар ортосундагы кызматташуудагы бир жактуулук байкалат. Өз ара алакада негизинен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын активдүүлүгү жана ресурстук колдоосу Кыргызстандын жогорку окуу жайлары үчүн басымдуулук кылат. Кыргызстандан Россияга барып окуп жаткандар, окууну каалгандар өтө көп, ал эми Россиядан Кыргызстанга келип окугусу келгендер алда канча аз. Окутуучулардын стажировкаларын уюштуруу боюнча да Кыргызстандыктар Россияга көп барышат. Ал эми мындай максат менен Россиядан Кыргызстанга келгендер Кыргыз-Орус славян университетинен башка окуу жайларда өтө чанда кездешет. Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары менен тең өнөктөштүк кызматташтыкка Кыргызстандын жогорку окуу жайлары али жете элек.

Ошого карабастан, Кыргызстандын жогорку окуу жайлары менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары ортосундагы

кызматташтыктын келечеги бар экенин айтууга болот, бул айрыкча Кыргыз Республикасы үчүн абдан мааниге ээ. Анткени эки өлкөнүн ортосундагы көп векторлуу байланыштар жана кызматташуулар жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү активдүү алакага жагымдуу шарт түзөт. Экинчиден, жогорку кесиптик билим берүүдөгү инновациялык процесстердин өнүгүүсү эки өлкөнүн жогорку билим берүүсүндөгү интеграциялык процессти жакындатып, заманбап, мыкты адистерди даярдоого өбөлгө болот. 2015-жылы Кыргыз Республикасынын Евроазиялык Экономикалык Союзга мүчө болуп кириши да эки өлкөнүн жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара кызматташтыгын дагы да ар тараптан терендетээрине шек жок. Билим берүүдөгү байланыштар эки мамлекеттин ортосундагы кызматташуулардын маанилүү бөлүгү экенин эч ким тана албайт.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана жоболору Кыргызстан-Россия жалпы байланыштарынын, саясий-экономикалык, коомдук-маданий, социалдык өнүгүшүнүн аспекттерин комплекстүү чагылдырууда пайдаланууга болот.
2. Изилдөөдөгү жыйынтыктар Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн Ата Мекен тарыхы боюнча жалпы жана атайын курстардын лекцияларын изилдөөлөрдө, окуу жайлардын байланыштарын оптималдаштыруу процессинде жаңы шарттагы кызматташтык катары өнүктүрүүдө практикалык мааниси бар эмгек катары пайдаланууга болот.
3. Диссертациянын илимий жыйынтыктары өлкөлөрдүн билим берүү жана илим министрлиги жогорку окуу жайлары үчүн интеграция процессин өнүктүрүү, жакшыртуу максатында практикалык-прикладдык мүнөздө көмөк көрсөтө алат.
4. Изилдөөнүн жыйынтыктары айрыкча Кыргыз Республикасынын жаңы технологиялар заманында Ата мекендик экономиканы өнүктүрүүдө заманбап кадрларды даярдоодо, Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынан кадрларды даярдоо процессин аныктоо, тактоо үчүн дагы пайдаланууга маалыматтык кызмат көрсөтө алат.
5. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын конкуреттүү түрдө М.Ломоносов атындагы Моска Мамлекеттик университетинин Кыргызстандагы КМШ өлкөлөрүнүн арасында жетинчи болуп Ош шаарында ачуу процессинде жана ошондой эле Санкт-Петербург мамлекеттик университетинин филиалынын ачылышында тажрыйба катарында кызмат көрсөтүшү абзел.
6. Өлкөлөрдүн студенттеринин академиялык мобилдүүлүгүн кеңейтүү процессинде да тажрыйба катарында пайдаланууга болот.

7. Изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз-орус жаштарынын ар кандай форумдарында мисалы, «Евразийцы – новая волна» өңдүү байланыштарында кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө тажрыйба катарында пайдаланса болот.

8. Изилдөөдөгү маалыматтар өлкөлөрдүн студенттеинин жаштарынын арасында кызматташтыкты, интернационалдык духта тарбиялоодо пайдаланууда усулдук же методикалык көрсөтмө катарында көмөк көрсөтө алат.